**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)**

Д 12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК 341.17:339.543](4/5)(043.3)

**Чыныбаева Нургуль Женишевна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УЮШТУРУУЧУЛУК ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи:
юридика илимдеринин доктору, профессор
**Рысмендеев Бактыбек Дженишбекович**

**Бишкек 2021**

# МАЗМУНУ

**Киришүү** ……………………………………………………………...............4

**1-ГЛАВА Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн теориялык-укуктук негиздери …..……………….....13**

1.1. Прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролу ………………………………………………..........................………13

1.2. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздери................................. 25

1.3. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери..........................................................................................................37

**2-ГЛАВА. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук негиздери..........................................54**

2.1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүн уюштуруу..........................................................................................................54

2.2. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүү тактикасынын жана усулдугунун өзгөчөлүктөрү.......................................................................................................72

2.3. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүн уюштуруу маселелери................................89

**3-ГЛАВА. Прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө уюштурууну өркүндөтүүнүн негизги багыттары.........................................................................................107**

3.1. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук негиздеринин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору.................................................107
3.2. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин өркүндөтүү.............116

**Тыянактар...........................................................................................................139**

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси....................................................145**

# КИРИШҮҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында жашы жете электерди укуктук жактан коргоонун мааниси өсүп бараткандыгы менен байланыштуу, анткени кандай мамлекетте болбосун балдар өзгөчө артыкчылыктарга ээ. Биздин мамлекет да ушулардын катарында жана өсүп келаткан муундарга камкордук көрүү анын ишмердигинин ар кыл тармактарында орун алган. Бул багыттардын арасында жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо эң башкы милдеттерден болууга тийиш.

Бардык эле коомдо жашы жете электердин негизги укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекеттик коргоого алуу өзгөчө мааниге ээ, анткени балдар башкаларга караганда ар кандай кол салуу коркунучтарына көп дуушар болушат жана объективдүү себептерден улам, дене күчү жагынан да, юридикалык жактан да өздөрүн коргой алышпайт. Андыктан жашы жете электер чөйрөсүндө мыйзамдуулукту сактоо көйгөйү глобалдуу мүнөзгө ээ.

Жашы жете электерге күчөтүлгөн камкордук көрүү зарылчылыгы аларга мүнөздүү бир катар төмөнкүдөй спецификалык өзгөчөлүктөр: коргоосуз, жардамсыз калуусу, турмуштук тажрыйбасынын жетишсиздиги, басмырлыгы жана бирөөлөрдү тууроого ийкемдүүлүгү, өтө эмоционалдуулугу, токтоло электиги, импульсивдүүлүгү менен аныкталат. Өспүрүм өзүнө көңүл бурдурууга, башкалардан айырмаланып турууга умтулат, ошол эле мезгилде өз алдынчалыгы жок, коркок, алсыз деген атка конуп калуудан да коркот. Жашы жете элек бала жеке достук менен топтук тилектештикти туу туткан бийик сезимталдыгы менен айырмаланып турат. Дал ошондуктан балдар жаш курагы, социалдык абалы, өзүнөн улууларга көз карандылыгы, психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрү сыяктуу бир катар себептер боюнча калктын аяр катмарын түзгөн категорияга кирип келет. Бардык эле балдар өз укук, кызыкчылыктарын коргогонго, ошондой эле аларды жаш курагы улуу адамдардын жардамысыз ишке ашырганга кудуретсиз.

Балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо көйгөйлөрү улам барган сайын өзүнө дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн көбүрөөк буруууда. Муну Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары – БУУ) Генералдык Ассамблеясынын атайын сессиялары чакыртылып, эл аралык конференциялар, бүткүл дүйнөлүк кампаниялар өткөрүлүп жаткандыгы ырастап турат. Бирок ушул кезге чейин, ал тургай, эл аралык деңгээлде да, бул укуктар менен кызыкчылыктар тиешелүү жана ишенимдүү коргоого алына элек. Ушуга байланыштуу, балдардын кызыкчылыктарын коргоп, жактоого багытталган эл аралык уюмдар өздөрүнө коомчулуктун көңүлүн бурдурууга аракет жасашат. Мындай уюмдардын бири – изилденип жаткан жаатта балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо максатында өкмөттөр аралык жана өкмөттөн тышкары эл аралык уюмдар менен гана эмес, ошондой эле бир катар өлкөлөрдүн өкмөттөрү менен да жигердүү кызматташып келаткан БУУнун Балдар фонду болуп саналат[1].

Азыркы коомдо, анын ичинде, биздин мамлекетте да прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иш-аракеттеринин укуктук негиздери балдардын коомдо да, үй-бүлөдө да орун алган кейиштүү абалы менен белгиленген эң актуалдуу көйгөйлөрдүн катарына кирет. Ошол эле учурда аталган көйгөй эл аралык жана улуттук деңгээлдерде жашы жете электерди коргоонун укуктук чараларынын кеңири жайылган системасы иштелип чыгып, ал дайыма жакшыртылуунун үстүндө болуп жаткан шартта курчуп жатат.

Ушуну менен бирге, өспүрүмдөрдүн укуктарынын бузулушун эскертүүнүн, бул чөйрөдө мыйзамдуулук менен укук тартибинин калыптануусунун ишенимдүү каражаты катары прокуратура органдарынын иш-аракетин атаса болот деп эсептейбиз. Прокуратура – бул өзгөчө мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктарын алып жүрүүчү болуп саналат, анткени ал мамлекеттик бийликтин бардык бутактары сыяктуу эле, юридикалык жактар менен жарандардын да иш-аракеттеринин мыйзамдуулугун текшерүүгө укуктуу. Ошентип, жашы жете электердин

укуктарын коргоо жаатындагы прокурордук көзөмөл алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын реалдуу коргогонго багытталган.

Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жаатындагы укук коргоочулук дарамети ага бул процессте мамлекеттик механизмдин алмаштыргыс звеносу болууга мүмкүндүк берет.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл прокурордук көзөмөлдүн багыттарынын бири болуп саналат. Бул багыт салыштырмалуу обочолоштурулган, себеби анын, өз алдынча тармак катары айырмаланбаса да, максаттуу милдети менен шартталган бир катар спецификалык касиеттери бар.

А. В. Ермаковдун прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук негиздери прокуратуранын иш-аракеттерин уюштуруунун жалпы принциптерине жана баланын укуктарын коргоону уюштуруунун принциптерине негизделет деген пикирине макул экендигибизди билдиребиз [2].

Ал эми жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын иш жүргүзүүсүнүн укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы түзөт[3], ошондой эле 2009-жылдын 17-июлундагы № 224 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы [4]. Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо маселелерин Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси [5], Жазыр-процесстик кодекси [6], Үй-бүлө кодекси [7], Эмгек кодекси [8], Кыргыз Республикасынын башка укуктук актылары жана өз иш-аракетин улуттук мыйзамдардан тапкан эл аралык ченемдер регламенттештирет.

Бүгүнкү күндө жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө “Балдардын укуктары жөнүндө” БУУнун 1989-жылдагы Конвенциясы [9], 1985-жылдагы Жашы жете электерге карата сот адилеттигин жүргүзүүнүн

минималдык стандарттык эрежелери [10], 1990-жылдагы Жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча БУУнун жетекчиликке алуучу принциптери [11], 1990-жылдагы Эркинен ажыратылган жашы жете электердин укуктарын коргоо эрежелери [12], 1990-жылдагы Түрмөгө олтургузуу менен байланышпаган чараларды колдонуунун минималдуу стандарттык эрежелери ж.б. иштейт [13]. Ушул жана башка ченемдик актылар аркылуу баланын руханий жана дене күчү жагынан нормалдуу өнүгүүсүн, анын ичинде, балдарды юридикалык жоопкерчиликке тарткан жана алар жаза өтөгөн кырдаалдарда өнүгүүсүн камсыздоонун кепилдиктери берилген.

Бирок, баланын укуктарын коргоонун укуктук механизмдерин турмушка ашыруу үчүн так, дайындуу иштеген мамлекеттик аппарат зарыл.

Мындайда дал прокуратуранын өзү борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарынын, ошондой эле жашы жете электердин укуктарын коргоо иштерине тартылган өкмөттүк эмес уюмдардын өз ара аракеттешүүсүндө координатордун ролун аткарат.

Көңүл, биринчи кезекте, майып балдарга, жетимдерге, кыйын турмуштагы үй-бүлөлөрдө жашап жатышкан же болбосо башка себептерден улам тобокелдүү топко түшүп калган балдарга бурулат. Жашы жете электердин укуктарын коргоо текшерүүлөрдү жүргүзүп, тартип бузууларды ачыктоо менен чектелбейт. Балдардын укуктарын коргоого багытталган уюштуруучулук-укуктук шарттарды түзүү жана камсыздоо боюнча чоң иштер жүргүзүлүүдө.

Автордун ушул көйгөйдү изилдеп, иликтөөсүнө жашы жете электердин негизги укуктары менен эркиндиктерин бузуулардын жогорку деңгээли, көзөмөлсүз жана кароосуз калган балдардын ири санда болуусу, алардын мыйзамдуу укуктарынын сакталуусуна болгон көзөмөл менен байланышкан маселелер боюнча прокуратура органдарынын ишинин натыйжасыз мехнизми, ошондой эле ушул категориядагы адамдардын арасындагы кылмыштуулуктун деңгээлинин бийиктиги себеп болгон.

Юридикалык жактан кеңири «камтылгандыгына» карабастан, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүн башкаруу натыйжасыз жүрүүдө. Көп учурларда кыйынчылыктар ченемдердин басымдуу бөлүгүнүн декларативдүүлүгү жана бүгүнкү күндө ишке ашыруу механизми жетишерлик так иштелип чыккан укуктук эскертүү буйруктарынын аткарылышындагы кемчиликтер менен байланыштуу [14].

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү, илимий-практикалык кызыкчылык туудурган, бирок толук өлчөмдө изилдене элек эң көйгөйлүү маселелерине жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл теориясынын көйгөйлөрү жана алар менен тыгыз байланышкан уюштуруучулук жана практикалык маселелер кирет. Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл маселелери боюнча окумуштуу-укук таануучулар менен прокуратура органдарынын кызматкерлеринде бирдиктүү пикир жок. Аталган көйгөйлөр юридикалык илимде талаш-тартыштуу болгондуктан, диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө прокурордук көзөмөл боюнча мыйзамдарда уюштуруучулук-укуктук жаңылыштыктардын нукура себептерин жана келип чыгуу шарттарын аныктоо, аларды чечүүнүн жолдорун аныктап, ачып чыгуу зарылдыгы жаралат.

Ушул айтылгандарга байланыштуу, биздин пикирибизде, диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу эч кандай талаш туудурбайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы**. Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгечилик болуп саналат.

**Изилдөөнүн предметин** жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жана укуктук жактан камсыздоо түзөт.

**Максаты** – жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук иштин укуктук негиздерин жана уюштурулушун изилдөө,

ошондой эле ушул жааттагы мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган теориялык жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган**:**

- прокуратуранын жашы жете электер чөйрөсүндөгү ролун ачып көрсөтүү жана теориялык аспектилерин изилдөө;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздерин карап чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иш-аракеттеринин укуктук негиздерин талдоого алуу;
- Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштурулушун изилдөө;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тактикаларынын жана усулдуктарынын өзгөчөлүктөрүн изилдеп, үйрөнүү;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы көйгөйлөрдү ачып көрсөтүү;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштурууучулук негиздеринин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун аныктоо;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** биринчи жолу комплекстүү мамиленин негизинде жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн укуктук жана уюштурууучулук негиздерин өркүндөтүп, жакшыртууга мүмкүндүк берген илимий көйгөй талдоого алынып, чечилди.

Автор, прокуратуранын ишмердигин салттуу түшүнгөн алкактан чыгып, төмөнкүлөрдү далилдеген: биринчиден, прокуратуранын иши жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын сакталышына көзөмөл менен гана чектелбейт, экинчиден, билим берүүдөн, саламаттык сактоодон, камкордук менен көзөмөлдөн, ишке орноштуруудан тышкары, бул иш коомдук мамилелердин башка тармактарын да камтыйт.

**Коргоого алынып чыгуучу жоболор.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча коргоого төмөнкү жоболор алынып чыгат:

1) Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин жакшыртуунун концептуалдуу мамилеси негизделет. Ал прокуратуранын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын сакталышына жана Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жасоочу орган катары гана эмес, олуттуу даражада жашы жете электерге өз укуктары менен кызыкчылыктары бузулган учурда аларды коргоого жана калыбына келтирүүгө көмөк көрсөткөн укук коргоочу орган катары да кызмат көрсөтө тургандыгы менен түшүндүрүлөт;

2) Биринчи жолу Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгү боюнча мамлекеттик саясаты талдоого алынган, натыйжада анын натыйжалуулугун төмөндөтүп жаткан көптөгөн кемчиликтердин бети ачылган;

3) Жашы жете электердин укуктары менен эркиндигин коргоо үчүн коомдогу укуктук маданиятты көтөрүү зарылчылыгы жөнүндө тыянак чыгарылган;

4) Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин жакшыртуу максатында мамлекеттик айыптоочунун жардамы менен жашы жете элек

укук бузуучуга жаза аныктоого прокурордун катышуу формасын жана милдеттенмелерин конкреттештирүү сунушталууда;

5) Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

а) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча иштеп жаткан башкармалыгынын алкагында жашы жете электердин иштери боюнча бөлүктөрдү түзүү;

б) алардын компетенциясына төмөнкүлөрдү киргизүү:

- мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл;

- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тактикасына жана усулдугуна көзөмөл;

6) Биринчи жолу жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн жекече усулдук түзүмүнүн эң маанилүү элементтери иштелип чыкты жана негизделди;

7) Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун көтөрүү максатында, биринчи жолу прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жагдайына басым жасалды жана анын башкы багыты заманбап маалымат технологияларына негизделген, уюштуруучулук тартиптеги ар кыл чараларды комплекстүү пайдалануу болуп калууга тийиш.

Изденүүчүнүн прокурордук көзөмөл, жазык укугу жана ювеналдык укук илимине **жекече салымы** изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий жаңычылдыгы, ошондой эле изилдөөнүн практикалык мааниси менен аныкталат. Коргоого алынып чыккан жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертацияда жасалган негизги теориялык тыянактар, жоболор жана сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жазык процесс жана прокурордук көзөмөл кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланган.

Диссертациянын негизги жоболору Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуштап чыгарылган илимий журналдарда, ошондой эле Россия Федерациясынын илимий басылмаларында жарык көргөн илимий макалаларда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАКы койгон тиешелүү талаптарга ылайык аткарылган. Анын түзүмү изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аркылуу аныкталат жана ал киришүүдөн, 8 бөлүктү камтыган 3 главадан, тыянактардан, пайдаланылган булактардын тизмесинен турат.

# 1-ГЛАВА Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин теориялык-укуктук негиздери

## 1.1. Прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролу: теориялык аспект

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздери боюнча кээ бир маселелер айрым окумуштуулар тарабынан изилденип келген, бирок алардын илимий эмгектеринде негизги басым же жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштурууга, же камкордук жана көзөмөл алдындагы жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого, же коомдук коопсуздук милициясынын ишинде жашы жете электердин укуктарын коргоонун укуктук жана уюштуруучулук негиздерине жасалган жана жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоонун жарандык аспектилери каралган.

Диссертациялык изилдөөнү жазууда жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу көйгөйлөрүнө арналган, көп кырдуу мүнөздөгү эмгектери бар окумуштуу укук таануучулардын, тарыхчылардын, тажрыйбалуу юристтердин илимий тажрыйбалары терең талдоого алынган. Илимий ойдун айрым багыттарын өнүктүрүү алкагында маселенин көп жагдайлары окумуштуулар тарабынан деталдуу иштелип чыгууда. Алсак, прокурордун жашы жете электердин мүлктүк, жекече мүлктүк эмес, үй-бүлөлүк жана эмгек укуктарын коргоо маселелерин изилдеп, үйрөнүүсүнө А.В. Ермаковдун, А. С. Арутюняндын, Н. Д. Волкованын, В. П. Пироговдун, И. А. Фаршатовдун, И. Викторовдун, Г. Королеванын, С. Костюковдун, Н. В. Кравчуктун, Кузнецованын ж.б.дын эмгектеринин бир бөлүгү арналган [15].

Изилдөөнүн жалпы теориялык негизи болуп мамлекет жана укук теориясы, конституциялык, жазыктык, жарандык, жазык-процесстик жана жарандык-процесстик укуктар жаатындагы ата мекендик, ошондой эле чет өлкөлүк төмөнкүдөй окумуштуу-укук таануучулардын эмгектери кызмат кылды: Л.С. Автономов, С.С. Алексеев, Г.А. Алибаева, С.Т. Алибеков, С.А. Алымкулов, М.Т. Баймаханов, Д.Н. Бахрах, К.А. Бегалиев, О.А. Бектенов, А.Б. Венгеров, Ю.И. Гревцов, В.Е. Гулиев, У.С. Джекебаев, А.М. Джоробекова, А.Е. Жатканбаева, Р.Х. Жадбаев, Б.А. Жетписбаев, П. Божьев, О. А. Зайцев, Л. Л. Каневский, Н. М. Кострова, Л. М. Пчелинчева, Т. Е. Сарсенбаев, С. Г. Щерба, О. В. Батова, Н.Р. Раззак, О. Л. Кузьмина, Э. Н. Левакова, А. Франциформов ж.б.[16].

Кыргыз Республикасында теориялык иштелмелерге Калдыбай уулу М, Осмонова А.С., К.К. Абдрахманова, С.М. Муратбекова, Абжапарова Ч. М., Эрматов А.К., Сопубекова Н.Т., ал эми казак окумуштууларынан Каженова А. С., Хибина Н.Н., Умиркулов А. Г. ж.б. олуттуу салым кошушкан.

Бир катар изилдөөчүлөрдүн: Н.С. Ахметованын, К.А. Бегалиевдин, А.М. Дарибековдун ж.б.дын иштери инсандын, анын ичинде, жашы жете электердин укуктук абалынын тарыхый-теориялык өнүгүү аспектилерин түшүндүрмөлөп беришти.

Ушуну менен бирге, айрым авторлор жашы жете электердин укуктары менен эркиндигин коргоо маселесин иштеп чыгууга белгилүү салым кошушкан. Алардын арасында К.А. Бегалиевдин «Жашы жете электердин кылмыштуулугу менен күрөшүү чаралары. Жашы жете электердин укук бузуулары менен күрөшүүдө прокуратура органдарынын ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздери» аттуу эмгегин атаса болот, ошондой эле кыргыз авторлору тарабынан Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарын өнүктүрүүгө да салым кошулган. Алардын арасынан А.Ш. Шаршеналиевдин «Кыргызстандын прокуратура органдарынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги этаптары» [17], О.Д. Кимдин

«Роль прокуратуры в обеспечении законности в Кыргызской Республике» жана башка эмгектерди айта кетсек болот.

Ошентсе да, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери ушул мезгилге чейин комплекстүү изилдөөгө алынган эмес.

Узак убакыттар бою прокуратура органдарынын ишин уюштуруу жана натыйжалуулугун көтөрүү көйгөйүн изилдеп келатышкан окумуштуулар менен тажрыйбачыл адистердин күч-аракеттери прокурордук көзөмөлдү жакшыртууга жана бул иштин теориялык негиздерин иштеп чыгуу жолу аркылуу алдын ала тергөөнү, анын ченемдик-укуктук регламентациясын жакшыртууга, прокурордук көзөмөлдүн тактикасы менен усулдугун жана прокуратура органдарындагы башкаруу функцияларынын аткарылышын өркүндөтүүгө багытталган. Башкача айтканда, прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу аны юридикалык жактан жөнгө салуу чөйрөсүндөгү коллизияларды жоюудан, ошондой эле прокуратура органдарынын ишинин аспаптарын кеңейтүүдөн көрүнөт. Укуктук жана усулдук камсыздоону өркүндөтүүнүн маанилүүлүгүн таануу менен, жана прокурордук көзөмөлдүн биз изилдеген багытынын алкагында, бул параграфта биз прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролун жана анын теориялык аспектилерин козгомокчубуз.

Жашы жете электердин укуктарын сактоо көйгөйү Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө конвенцияны ратификациялаган бардык мамлекеттер үчүн актуалдуу болуп саналат (1989-ж.) [9]. Бул документ планета калкынын эң аярлуу катмарын коргогон бөтөнчө бир укуктук калканч болуп калды. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына келсек, баланын укуктарын коргогон эл аралык документтердин ченемдери ири өлчөмдөгү ченемдик укуктук актыларда чагылдырылып, орун алган. Мындай документтердин ичинде, албетте, башкысы болуп адамдын негизги укуктары менен эркиндигинин ажырагыс таандыктыгын жар салган КР

Конституциясы [3], ошондой эле «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзам [4] ж.б. ченемдер саналат.

Ушул ченемге ылайык, башка мамлекеттик органдарды алмаштырбастан, прокуратура укуктук актылардын мыйзамдуулугуна, тармактык жана тармактар аралык органдар менен кызмат адамдары башкаруу функцияларын кантип жүргүзүп, мыйзам аркылуу жүктөлгөн милдеттерин кантип аткарып жатышкандыгына көзөмөл жүргүзөт. «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесине ылайык, прокуратура Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Көзөмөл мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун бирдиктүүлүгүн жана чыңдалышын камсыздоо, адам менен жарандын укуктарын жана эркиндигин, ошондой эле коом менен мамлекеттин мыйзам аркылуу корголуучу кызыкчылыктарын коргоо максатында жүргүзүлөт. Мыйзамдардын так жана бир түрдүү колдонулушуна, аткарылышына көзөмөл жүргүзүү менен, прокуратура мыйзам бузуучулар менен күрөш жүргүзөт жана ушул аркылуу өлкөдө, жер-жерлерде мыйзамдуулуктун камсыз болушуна көмөк көрсөтөт.

Н. П. Дудиндин, С. А. Луговцевдин пикири боюнча, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл прокуратура органдарынын ишинин өз алдынча багыты болуп саналат. Прокуратура өзгөчөлөнгөн мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктарын алып жүргөндүктөн, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо тууралуу мыйзамдардын реалдуу аткарылышын жана жашы жете электер чөйрөсүндөгү кылмыштуулуктун алдын алууну камсыздоого багытталган [18].

Укук коргоочулук функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн прокуратура органдарына ыйгарым укуктар жана атайын каражаттар берилген.

Прокурордук көзөмөлдүн тажрыйбасы ырастап тургандай, балдардын коомдогу абалына байланыштуу көптөгөн терс көрүнүштөр социалдык-экономикалык себептерден, ошондой эле аткаруучу бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик мекемелердин макулдашылбаган иш-аракеттеринен улам жаралган.

Прокурордук текшерүүлөр биринчи кезекте жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарынын чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышына контроль жүргүзүү жүктөлгөн мамлекеттик органдарда өткөрүлүүгө тийиш, анткени көп нерселер ушул органдар жана кызмат адамдары өздөрүнө берилген ыйгарым укуктарды кантип пайдаланышарына жана жүктөлгөн милдеттерди кандайча аткарышарына байланыштуу.

Мыйзамда белгиленгендерге ылайык, Кыргызстандын прокуратура органдары:

1) Кыргызстандын башкы прокурору жетектеген, төмөн турган прокурорлор жогору тургандарына баш ийген, бирдиктүү борбордошкон системаны түзүшөт;

2) өз ыйгарым укуктарын КР Конституциясын жана республиканын аймагында колдонулган мыйзамдарды сактоонун негизинде, кандай болбосун мамлекеттик бийлик органдарына, кызмат адамдарына көз карандысыз, ошондой эле коомдук бирикмелердин же алардын органдарынын чечимдерине карабастан жүргүзөт; [4]

3) жарандардын укуктарын жана эркиндигин өз компетенциясынын чектеринде, жарандардын мыйзам алдында теңдигинин негизинде, улуттук жана социалдык тегине, тилине, билимине, динге болгон мамилесине, саясий ынанымдарына, кызматтык же мүлктүк абалына жана башка белгилерине карабастан коргошот;

4) мыйзам бузуулар ким тараптан болбосун, аларды жоюу, бузулган укуктарды калыбына келтирүү жана мындай мыйзам бузууларга жол берген адамдарды белгиленген тартипте жоопко тартуу боюнча чараларды көрөт;

5) ачык-айкын иштейт, мамлекеттик бийлик органдарына, коомчулукка мыйзамдуулуктун абалы жана аны бекемдөө боюнча чаралар жөнүндө маалымат берип турат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жашы жете электердин кызыкчылыктарын сактоо тууралуу мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча иши же жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл – прокуратуранын көзөмөлдүк иш-аракеттеринин өз алдынча, спецификалык багыты, бирок, сөзсүз, бул инсандын укуктарын коргоо тууралуу мыйзамдардын аткарылышына, жазыктык, жарандык сот өндүрүшүнүндөгү мыйзамдардын аткарылышына, эркиндикти чектеген жайларда ж.б. мыйзамдардын аткарылышына болгон көзөмөлдүн бир бөлүгү болуп саналат.

О.С. Капинус белгилегендей, бул багыттын мамлекеттик жана социалдык маанилүүлүгү, ошондой эле прокурордук көзөмөлдүн маселелеринин кеңири спектри шаардык (райондук) прокуратуранын дээрлик бардык кызматкерлерин камтууну шарттап турат, ошентсе да, адистешүүнүн жана пландуулуктун принциптерине ылайык, бул чөйрөдө бир катар конкреттүү кызматкерлерди топтоштуруу максатка ылайыктуу [19].

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча милдеттерди шаардык (райондук) прокуратурада прокурор менен жардамчысынын (жардамчылардын) ортосунда бөлүштүрүүнү төмөнкүлөрдү ар дайым жана кылдат талдоонун негизинде бөлүштүрүү керек:

– шаардын (райондун) аймагындагы мыйзамдуулуктун жалпы абалын;

– жашы жете электер менен иш алып баруучу мекемелердин санын;

– аймакта жашаган, иштеген же окуган ушул контингенттин (жашы жете электердин) адамдарынын санын;

–жашы жете электердин контингенти менен байланышкан демографиялык кырдаалдын өзгөрүүлөрүнө карата мүмкүн болуучу божомолдуу баалоолорду;

– көзөмөлдүн башка тармактары боюнча прокуратура ишинин жалпы көлөмдөрүн эсепке алууну.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөлгө жалпы жетекчиликти жеке шаар (район) прокурорунда калтыруу максатка ылайыктуу.

Аталган участокто күнүмдүк жумушту түздөн-түз уюштуруучу жана жүргүзүүчү прокуратура кызматкерлеринин зарыл кесиптик даярдыгы болууга, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдарды билүүгө, шаарда (райондо) жана айрым объекттерде түзүлгөн жалпы криминологиялык (криминогенндик) кырдаалга аралашып, түшүнгөн, пландуу көзөмөлдүк текшерүүлөрдү жүргүзүүдө мыйзам бузууларды ачуунун жалпы усулдуктарын билүүгө тийиш.

Бизге белгилүү болгондой, мыйзамдарды билүү аны дайыма үйрөнүү менен гана эмес, ошондой эле көзөмөлдүн ушул багыты боюнча прокуратурага келип түшкөн мыйзам боюнча материалды системалаштырууга жигердүү катышуу менен да камсыздалат.

Жашы жете электердин кылмыштуулугу жана укук бузуулар боюнча райондо түзүлгөн абалга жашы жете электер жөнүндө мыйзамдарды пайдалануу менен баа берүү иш жүзүндө маалыматтардын жыйналуусу, аларды каттоо жана жалпылоо, алардын коомдук маанисин, анык-тактыгын, толук кандуулугун баалоо, айрым окуялар менен фактылардын ортосундагы байланыш ж.б. менен да камсыздалат. Өзгөчө маанилүү милдет – жашы жете электердин кылмышка кириптер болуусунун себептерин талдап чыгуу.

Райондогу чыныгы абалды талдоого алуунун негизинде көзөмөлдүк текшерүүлөрдүн жана башка иш-чаралардын кезеги, багыты, убактысы (ырааты) аныкталат.

Жашы жете элек балдар – бул өзүнүн социалдык позициялары боюнча биздин өлкөнүн жарандарынын жетишсиз корголгон, мамлекеттик органдар тарабынан өзгөчө көңүл буруга, коргоого муктаж катмары болуп санала тургандыгын эске түйүп коюу керек. Прокуратура жөн гана күнүмдүк келип

чыккан маселелерге («күнүмдүк иштерге») формалдуу мамиле жасабастан, көйгөйгө стратегиялык жана комплекстүү (системалуу) көз караште болууга умтулат [20].

Көзөмөлдүк текшерүүлөрдү демилгелүү өткөрүү, мыйзам бузуу табылганда аларды жоюуга гана аракеттенбестен, ошондой эле алардын келип чыгуу себептерин аныктоо, ал себептерди жоюу тууралуу, мыйзамдын бузулушуна жол берген күнөөлүү адамдын жоопкерчилиги (ведомстволук, контролдоочу, ревизиялоочу, инспектордук кызматтар, кызматтык мекемелер карамагында турган ар кандай даражадагы кызмат адамдары) тууралуу маселелерди коюу керек.

Профилактикалык иште райондук жана областтык масштабдагы, көп сандаган жана айрымда жетишерлик тармакташкан уюштуруучу ведомстволук түзүмдөрдү, ошондой эле жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссияларды, жалпы билим берүүчү мекетептерди, башка адистешкен билим берүү органдарын активдүү кошууну ар күндүк тажрыйбага айландыруу зарыл, бул прокуратурага шаардын (райондун) аймагында мыйзам бузуулардын алдын алуу иштерине координация жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Прокуратуранын актуалдуу иш участогу – мыйзамдардын таасирин камсыздоо, мыйзам бузуу фактыларына курч чараларды көрүү аркылуу, ошондой эле лекциялык иштерди, басма сөздө пикир айтууларды ж.б.ды камсыздоо аркылуу мыйзамдарды жигердүү пропагандалоо.

*Билим берүү жөнүндө* мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүдө прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролу [21], прокурор тиешелүү ведомстволордон (мекемелерден) буйруктарды, тескемелерди жана текшерилген мезгил үчүн түшүндүрмөлөрдү, зарыл статистикалык маалыматтарды (6-7 жаштагы балдардын жана 18 жашка чейинки окубаган балдар менен өспүрүмдөрдүн саны тууралуу маалыматты; окуучулардын жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептерден жана окуу жайлардан чыгып кеткендиги тууралуу

отчетту) суратып алат. Бул маалыматтар аскер комиссариатынын, ички иштер бөлүмүнүн билим деңгээли төмөн аскерге чакырылуучулардын жана аскерге чакырылгандардын саны, кылмыш жасаган жашы жете электердин билими тууралуу маалыматтар менен салыштырылат.

Бул маалыматтарды талдап көрүү мыйзамдардын аткарылышына байланыштуу иштин абалы жакшы болбогон конкреттүү кичи райондорду, калктуу пункттарды, мектептерди, училищаларды, мекемелерди жана ишканаларды текшерүүнү пландаштырууга мүмкүндүк берет.

Жашы жете электердин эмгеги жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына текшерүү жүргүзүүдө прокурор төмөнкүдөй мыйзам бузууларды: өспүрүмдөрдүн эмгегин коргоо жөнүндө, жумуш убактысы жана эс алуу режими жөнүндө, белгиленген жеңилдиктер жөнүндө, жумуштан бошонуу тартиби жөнүндө мыйзамдардын сакталбагандыгын аныктайт.

Бардык учурларда прокурор *жашы жете электердин жумуштан бошотулушунун мыйзамдуулугун* текшерет. Ошол эле учурда буларды аныктоо маанилүү: жашы жете электи администрациянын демилгеси боюнча жумуштан бошотууда бул жааттагы жалпы эрежелер кадайча сакталууда; жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиянын жана эмгек инспекциясынын милдеттүү макулдугу барбы [22]. Өспүрүмдү өз каалоосу боюнча бошотууда прокурор бул тууралуу жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссияга арыз берилген учурдан тартып үч күндүк мөөнөттө билдирилгендигин текшерет.

Коомдук уюмдар менен макулдашуу аркылуу, жумушчулар менен кызматкерлердин жыйналыштарында прокурор жүргүзгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктарынан келип чыккан маселелер боюнча чыгып сүйлөө сунушталат.

Алардын иштеринде прокурор төмөнкүлөрдү текшерет:

1) өспүрүмдөрдүн арасында көзөмөлсүздүктүн жана укук бузуулардын алдын алуу жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиялардын мыйзамдарды аткаруусун;

2) комиссиялардын таасир этүүчү чараларды колдонуу жөнүндө токтомдорунун мыйзамдуулугун;

3) өспүрүмдөрдүн кайталап укук бузууларынын алдын алуу боюнча комиссиялардын мыйзамдарды аткаруусун.

Бул үчүн комплекстүү пландардын мазмуну, жыйындардын протоколу, текшерүүнүн материалдары, комиссиянын токтомдору менен таанышуу керек.

*Жашы жете электерге карата комиссиялар колдонгон таасир этүү чараларынын* мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүүдөгү прокуратуранын ролу - ал чараларда жасалган коомдук коркунучтуу аракеттер, укук бузуулар жана башка коомго жат жоруктар каралгандыгын аныктайт. Эгерде өспүрүмдөргө карата колдонулган чаралар Жободо каралбаган болсо, прокурор комиссиянын мындай токтомдоруна каршылык билдирүүгө милдеттүү.

Көйгөйлүү жагдайлар комиссия тарабынан көрүлгөн таасир этүү чараларын индивидуалдаштырганда (жекелештирүүдө) жана соттон өспүрүмдөрдү атайын окуу-тарбиялоо мекемелерине жайгаштыруу тууралуу кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгүн далилдегенде келип чыгат.

Текшерүүгө даярдоодо ички иштер органдарынын статистикалык маалыматтары, бул органдардын кызматкерлеринин иш-аракеттерине даттануулардын жыйынтыктары, соттордун жекече (өзгөчө) аныктамалары, тергөөчүлөрдүн сунуштары менен таанышуу зарыл. Ички иштер органдарынан, жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиялардан, соттон, неврологиялык диспансерден жана башка мекемелерден профилактикалык каттоого коюлууга тийиш болгон жашы жете электердин, ата-энелердин, алардын ордун алмаштырган адамдардын фамилиялары боюнча тизмелерин суратып алуу керек.

Текшерүүнүн жүрүшүндө катталган маалыматтар менен салыштырыла турган фамилиялары боюнча тизмелер аз эмес мааниге ээ. Мындай салыштыруулардын жыйынтыктары профилактикалык каттоого коюунун көйгөйлүү жагдайларын ачып чыкканга мүмкүнчүлүк берет. Каттоого коюу үчүн негиз болуучу документтер да текшерилет.

Мындан тышкары, прокурор жашы жете электер менен ата-энелер профилактикалык каттоодон мыйзамдуу чыгарылып жаткандыгын аныктоого тийиш. Профилактикалык иште же каттоочу-профилактикалык карточкада өспүрүмдүн оң жолго түшкөндүгүн жана ата-энелер жана аларды алмаштырган адамдар коомго жат жашоо образын токтоткондугун ырастаган маалыматтар камтылууга тийиш (иштеген жана жашаган жерлеринен мүнөздөмөлөр, текшерүү актылары, участкалык инспектордун корутундусу ж.б.).

Балдарды жана өспүрүмдөрдү жашы жете электердин иштери боюнча бөлүмдөргө алып келүүнүн мыйзамдуулугун текшерүүдө, аларды алып келүүнүн негизи жана убактысы, ошондой эле көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн атайын журнал менен таанышуу зарыл. Бирок биз үчүн бул иш процесси табышмак бойдон кала берүүдө, анткени бул чөйрөдө бирдиктүү жөнгө салуучу жок.

Жашы жете электердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу усулдуктарынын спецификасы – жашы жете элек бала жасаган кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү чечүү баскычында прокурор, мыйзам талабына ылайык, алгач тергөө же тергөө органдары тарабынан өспүрүмдүн жаш курагын, жашоо шартын жана тарбиясын, психикалык өнүгүү деңгээлин, анын инсандык башка өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле жашы жете элек балага улуу адамдардын тийгизген таасирин ырастаган документалдуу маалыматтар алынгандыгына көз салууга тийиш экендигинде.

Жашы жете элек өспүрүм анча чоң эмес же майда кылмыштарды жасаган учурда, аны жазык жоопкерчилигине тартуунун жана ага карата

жазык жазасын колдонуунун максатка ылайыктуулугун өзгөчө кылдат карап чыгуу керек. Бул максаттарда прокурор өспүрүмдүн инсандык сапаттары жөнүндө маалыматтардын жыйналышына жана алардын объективдүү каттоого алынуусуна көңүл бурат.

Жашы жете электерге козголгон жазык иштерине прокурордук көзөмөл жүргүзүүдө кылмыш жасалган учурдун алдында он сегиз жаш курагына чыга элек адамдарга карата өндүрүштүн тартиби менен байланышкан талаптар КР Жазык-процесстик кодексинин 54-главасында (Жашы жете электер жасаган кылмыштар жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби) каралган өзгөчөлүктөр эске алынуу менен сакталууга тийиш [6].

Иш жүзүндө тез-тез пайда болгон көйгөйлөр прокурорлор тергөөчүлөрдүн өспүрүмдөрдү азгырган чоң кишилерди табуу тууралуу мыйзам талаптарын аткарып жатышкандыгына дайым эле тиешелүү деңгээлде көңүл бурушпастыгын ырастап турат.

Жашы жете электердин иштери боюнча өндүрүштө жашы жете элек шектүүнү кармоо жана айыпталып жаткан жашы жете элек өспүрүмгө бөгөт коюу чарасын тандап алуу башкы маселелерден болуп саналат жана муну КР ЖПКга ылайык, прокурор чечет.

Мындай бөгөт коюу чарасы оор жана өтө оор кылмыш иштери боюнча, ал эми өзгөчө учурларда – орточо оордуктагы кылмыштарга карата тандалып алынат. Мындан тышкары, бөгөт коюу чарасын тандап алуу маселесин чечкен ар бир учурда жашы жете электи бирөөнүн кароосуна өткөрүп берүү мүмкүндүгүн талкуулоо милдети каралат.

И. Канаев белгилегендей, прокурорго КР ЖПКнын талаптарынын, тактап айтканда, КР ЖПКнын 196-беренесине ылайык, жашы жете электи суракка алууга байланыштуу талаптардын мыйзамдуулугуна көзөмөлдү камсыздоо зарыл. КР ЖПКнын 319-беренесинде берилген жаңы мыйзам жоболоруна көңүл буруу керек, атап айтканда: суроктын убактысы менен байланышкан чектөөлөргө; психикалык жактан жапа чеккен жашы жете

электи суракка алууга педагогдун же психологдун катышуусунун милдеттүүлүгүнө; бир катар башка жоболорго [6].

Ушул категориядагы иштер боюнча прокурордук көзөмөл ар бир жашы жете электи негизсиз жазык куугунтугуна алуудан коргоону кепилдикке алууга тийиш.

Жашы жете электин кылмышы тууралуу жазык иши боюнча далилдөө предмети дайыма далилдөөнүн жалпы предметинен кеңири болот (КР ЖПКнын 449-бер.) [6].

Сот жыйынына сот жообундагы жашы жете электин мыйзамдуу өкүлү чакыртылат (КР ЖПКнын 456-бер.).

Ошол эле учурда, прокурор мыйзамдуу өкүл жашы жете электин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргой тургандыгын жана жашы жете электин кызыкчылыктары менен кагылышуу чыккан учурда, сот аны сот жыйынына катышуудан четтетип коюуга укуктуу экендигин эске алуусу зарыл (КР ЖПКнын 456-бер. 2-б) [6].

Сот жообундагы жашы жете элек балага тескери таасир тийгизиши мүмкүн болгон кырдаалды иликтөө учурунда сот тарабынан аны сот жыйыны өткөн залдан чыгарып туруу чечими кабыл алынышы мүмкүн (КР ЖПКнын 460-бер.). Зарыл учурларда бул тууралуу өтүнмөнү мамлекеттик айыптоочуга билдирүү талап кылынат.

Жашы жете электин инсандык сапатына, анын жашоо шартына жана тарбиясына, ошондой эле анын кылмыш жасаган себептерин ачыктаган жагдайларга тиешелүү суроолордун топтомун чечмелегенге мыйзамдуу өкүл жардам бере алган учурларда, мамлекеттик айыптоочу аны күбө катары суракка алуу тууралуу өтүнүч жасоосу керек.

Прокурор өзүнүн айыптоочу сөзүндө, коюлган айыптын маңызы боюнча өз пикирин айтып жатып, жашы жете электин кылмыш жасоосуна түрткү болгон жагдайларга токтолууга тийиш жана зарыл учурларда сот тарабынан тиешелүү уюмдар менен кызмат адамдарынын көңүлүн зарыл чараларды көрүүнү талап кылып жаткан түзүлгөн кырдаалга бурдуруучу

жекече аныктама же токтом чыгарылышын өтүнүүгө милдеттүү (КР ЖПКнын 41-бер.).

Жаза чарасы тууралуу өз сунушун негиздөө менен, прокурорго жасалган кылмыштын коомго кооптуулугунун мүнөзүн жана даражасын, инсан жөнүндө маалыматтарды, жазаны жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайларды гана эмес, ошондой эле жашы жете электин жашоо шарты жана тарбиясы, психикалык өнүгүү деңгээли, инсандын башка өзгөчөлүктөрү жана улуу адамдардын тийгизген таасирин да эске алуу зарыл. КР ЖПКнын 54-беренесине ылайык, күнөөлүүнүн жаш курагынын жетиле электиги жазаны жумшартуучу жагдай болуп санала тургандыгын да көңүлгө түйүү керек [5].

Жашы жете электердин укуктарын сактоо көйгөйү Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияны (1989-ж.) ратификациялаган бардык мамлекеттер үчүн актуалдуу болуп саналат[9]. Бул документ планета калкынын эң аярлуу катмарын коргогон бөтөнчө бир укуктук калканч болуп калды. Баланын укуктарын коргоочу атайын органдан тышкары, жашы жете электердин укуктары менен эркиндигинин сакталышына контролдук жасоо Кыргыз Республикасынын прокуратурасына жүктөлгөн. Ал өз кезегинде Кыргыз Республикасынын атынан жогоруда аталган баалуулуктарга көзөмөл жасоого ыйгарым укуктуу.

Прокурордук көзөмөл — бул мыйзамдуулукту камсыздоо, мыйзам бузууларды табуу, жоюу жана алдын алуу боюнча мамлекеттик ишмердиктин өзгөчө түрү. С.Г. Кехлерова белгилегендей, көзөмөл жүргүзүүнүн өзү прокуратура органдарынын негизги милдети болуп эсептелет [23].

Ушул параграфтын маанисине таянсак, жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктары да прокурордук кызматкерлердин көзөмөл предметине кире тургандыгы тууралуу тыянак чыгарсак болот, бирок алар жалпы көзөмөлгө кошулуп, жогоруда аталган мыйзамда көзөмөлдүн спецификалык предмети катары бөлүнүп берилген эмес. Көзөмөлдүн өзгөчө предмети болгон «Жашы жете электердин укуктары

менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоонун» мыйзамдык жактан бекемделбегендиги кайсы бир мааниде Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жашы жете электердин укуктарын сактоодогу ролун кемитип турат.

Көптөгөн изилдөөчүлөр өз эмгектеринде көзөмөлдүн спецификалык тармагы катары жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталуусуна көзөмөл бөлүштүрүү зарылчылыгын бир канча ирет жазышкан. Алсак, «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын сакталышына прокурордук көзөмөл (теория менен практиканын көйгөйлөрү)» аттуу өз эмгегинде А. С. Арутюнян көзөмөлдүн мыйзамдуу белгиленген предметинин жоктугу артында иштиуюштуруудагы бирдиктүүлүктүн жоктугуна алып келет жана бул прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин натыйжалуулугуна тескери таасирин тийгизет деген тыянагын аргументтештирген [24].

Юридика илимдеринин доктору, профессор Г. Н. Королева жашы жете электердин укуктарынын корголушуна көзөмөл прокурордук иштин багыты катары прокурордук көзөмөл тармагынын статусун алууга жана прокуратура жөнүндө мыйзамдын өз алдынча ченеминде мыйзамдык бекемдөөнү табууга тийиш деп жазат [25].

*Ошентип,* изилдөө көрсөткөндөй, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратуранын ролун өнүктүрүү процесси узак жол басып өттү. Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жашы жете электердин кызыкчылыктарын коргоогон мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча ишмердигин - жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл – прокуратуранын көзөмөлдүк ишинин өз алдынча, спецификалык багыты деп айтса да болот, бирок бул, сөз жок, инсандын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына, жазыктык, жарандык сот өндүрүшүндөгү мыйзамдардын аткарылышына, эркиндиги чектелген жайларда

мыйзамдардын сакталышына ж.б. болгон көзөмөлдүн бир бөлүгү экендигин белгилеп коюу керек.

## 1.2. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздери

Жашы жете электердин укуктарын коргоо мезгилдин өтүшү менен КРда коомчулуктун жана бийлик чөйрөсүнүн көңүлүн катуу бурдурган актуалдуу маселеге айланып, мамлекеттин олуттуу функцияларынын катарында турган кези. Мамлекеттик институттардын кеңири жайылтылган системасы аркылуу ишке ашуу менен, бул функция ар бир конкреттүү органдын ишинде өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ болууда жана аларды туура түшүнүү сөзсүз милдеттердин туура аткарылышына шарт түзүүгө тийиш. Бул параграфта биз жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздери катары өзгөчөлүктөрүн бөлүп чыгуу максатын койгонбуз. Бирок, негизги маселеге өтөрдөн мурда «мамлекеттик саясат» түшүнүгүнүн борбордук аспектилерин аныктап, териштиребиз.

Мамлекеттик саясат – бул эң оболу балдар менен иштеген мамлекеттик органдар жана мекемелер системасынын ишмердиги жана ал жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын натыйжалуу жана бүтүндөй коргоп, сактоо, алардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл социалдык шарттарды түзүү менен түшүндүрүлөт.

Мамлекеттин ажырагыс функциясы катары балдардын укуктарын коргоо биздин өлкөдө 1990-жылдардын башталышында гана анык ишке аша баштады. Буга чейин анын бары-жогу адам укуктарын коргоонун жалпы функциясынын контекстинде белгиленип келген жана көбүнчө декларативдик мүнөздө болгон.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо функцияларын өзүнчө бөлүп карoo Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө БУУнун конвенциясы ратификациялангандан кийин башталды. Бул документке кол коюу менен,

Кыргызстан өзүнө улуттук мыйзамдарды ушуга ылайык келтирүү милдетин алган.

Учурда баланын укуктарын коргоо жалпы адам укуктарын коргоонун алкагында белгилүү бир өзгөчөлүктөргө ээ жана, ушуга ылайык, спецификалык институттар менен механизмдерди пайдаланууну көздөйт. Акыркы мезгилдердеги көптөгөн окуялар биздин республикада адам укуктарын коргоочу механизмдин таңсыктыгын айгинелеп турат. Ушуну менен бирге, балдардын укуктары чоң кишилердин укуктарына караганда чоң коркунучтун алдында калууда, себеби бала өз укуктарын өз алдынча коргогонго күчү жетпейт. Ушуга байланыштуу, биз бүгүн жаш жарандардын укуктарын коргоочу башка институттарга муктажбыз.

С.М. Муратбекова “балдар”, “бала”, “жашы жете электер” түшүнүктөрү окшошуп, бирдейлешип кеткендигин, натыйжада, 18 жашка чейинки адамдар (бул адам жети жашта экендигине же, балким, он жети жашта экендигине карабастан) мыйзамдан тышкары бириктирилип жана бир түрдүү категория катары берилип жаткандыгын белгилеген [16].

Биз изилдеген ченемдик-укуктук актылар, маалымдама жана илимий адабияттар, адатта, туулгандан жетилген куракка жеткенге чейинкилер бала деп атала тургандыгын аныктоого мүмкүндүк берет. Ушуну менен бирге, айрым учурларда “бала”, “балдар” терминдеринин мазмуну субъектинин жаш курактык баасы менен аяктабайт. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын айрым ченемдери ырастап турат. Мисалга, КРнын Граждандык кодекси, Балдар жөнүндө кодекс, КРнын Үй-бүлө кодекси ж.б. сыяктуу Кыргыз Республикасынын кодификацияланган мыйзамдары. Жашы жете электер тууралуу аныктамаларга жана укуктук статусту камтыган көптөгөн актыларга карабастан, Кыргыз Республикасынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын конкреттүү түзүмдөшкөн механизмдери жок.

Жогоруда баяндалгандарга негизденип, мамлекеттик саясаттын механизми ар биринин иштөөсү башкасын ишке тарткан элементтердин

системасынан турат, ал эми механизмдин ишинин маңызы анын өз алдынча бир элементи өзүнүн артынан бир катар элементтерди тартып келген башка бир элементти аракетке келтире тургандыгы менен түшүндүрүлөт деп эсептейбиз. Мындай түшүнүктө баланын укуктарын коргоо механизми эки негизги себептен улам аксап жатат.

Биринчи себеп - укуктук ар кайсы тармактарында (конституциялык, жарандык, жазыктык, үй-бүлөлүк ж.б.) баланын укуктарын жөнгө салуу менен кандай болсо да байланышкан ченемдик актылардын ири массиви жаткандыгында, коомдогу ар кандай турмуш чөйрөлөрүндө жашы жете электердин укуктарын ишке ашырууга, балалык менен байланышкан институтту өркүндөтүүгө тиешелүү сунуштарды камтыган билимдердин чоң көлөмү жыйылгандыгында турат. Ошентсе да, азыркы укукта тармактар аралык жана предметтик байланыш начар берилген жана бул өз кезегинде укуктук жөнгө салууну жакшыртууга, коллизияларды жоюуга жана жеңип чыгууга, балдардын кызыкчылыгындагы иш жүзүндө мыйзамдарда жарыяланган мамилелерди ишке ашырууга тоскоол болууда.

Экинчи себеп - баланын укуктарын коргоо милдетиндеги мамлекеттик органдардын жокутугу эмес, алардын ортосундагы өз ара иш-аракеттердин жоктугу болуп саналат. Бул маселелерди калкты социалдык жактан коргоочу органдар, билим берүү, саламаттык сактоо органдары, көзмөлчү жана камкорчу органдар, жаштардын иштери боюнча органдар, иш менен камсыздоо кызматтары, ички иштер органдары чечүүгө тийиш [26].

Баланын укуктарын коргоочу механизм деп балдардын укуктарын ишке ашырууну камсыздоо үчүн колдонулуучу, өз ара аракеттенишкен социалдык жана укуктук каражаттардын системасын түшүнүү керек. Кеп балдардын укуктарын социалдык жана укуктук жактан коргоонун өз ара аракеттенүүчү каражаттарынын системасы жөнүндө жүрүп жатат.

Баланын укуктарын коргоонун бүгүнкү механизми көп деңгээлдүү системаны билдирет жана ал оптималдуу айкалышканда жана өз ара аракеттенгенде жашы жете элек баланы, анын укуктары менен эркиндигин

жетишерлик толук коргой алат. Баланын калыптанган ар бир турмуштук кырдаалын өзгөртүүнүн мүмкүн эместиги белгилүү бир чечимдерди кабыл алуу зарылчылыгына алып келди.

Баланын укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик саясат механизмдеринин төмөнкүдөй деңгээлдерин бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу:

*Биринчи деңгээл* – балдарды коргоонун эл аралык-укуктук деңгээли. Мында төмөнкүдөй эл аралык-укуктук олуттуу документтер иштейт:

– Адам укугунун жалпы декларациясы, 1948-ж.[27],

– Баланын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясы, 1989-ж.[9],

– БУУнун жашы жете электерге карата сот адилеттигин жүргүзүүгө карата минималдуу стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери), 1985-ж.[10],

– Балдардын аман-эсен жашоосун, аларды коргоону жана өнүктүрүүнү камсыздоо тууралуу Бүткүл дүйнөлүк декларация, 1990-ж. ж.б.[28].

Мамлекеттик коргоо саясатынын түздөн-түз механизми БУУнун Эл аралык сотунун, Баланын укуктары боюнча БУУ Комитетинин, Адам укуктары боюнча жогорку комиссардын ишмердиктеринде берилген. Баланын укуктары боюнча БУУ Комитети Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга катышкан мамлекеттерге балдардын укуктарын коргоого арналган көз каранды эмес уюмдарды, органдарды, кызматтарды түзүүнү ырааттуу сунуштап келет.

*Экинчи деңгээл* – бул жашы жете электерди коргоонун ички мамлекеттик жана регионалдык механизмдеринин деңгээли. Бийликти салт катары үч бутакка бөлүштүргөндүн негизинде, шарттуу түрдө төмөнкүдөй: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги боюнча өз алдынча, параллелдүү иштеген вертикалдуу системаларга бөлсөк болот.

Баланын укуктарын коргоонун эл аралык ыкмаларынын ички мамлекеттик ыкмалар менен катышына талдоо жүргүзүп жатып, «ички мамлекеттик деңгээл артыкчылыктуу аянт болуп саналарын жана анын алкагында балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктары ишке

ашырылууга тийиш» экендигин баса белгилемекчимин. Азыркы эл аралык укук эл аралык органдар менен уюмдарга мамлекет эгедер болгондой балдардын укуктарын коргоочу таасирдүү куралдарды берген эмес. Ошол эле мезгилде, укуктарды коргоонун жол-жоболорунун жана механизмдеринин болуусу аларды ишке ашыруунун жана коргоонун маанилүү кепилдиги болуп саналат».

Кыргыз Республикасында баланын укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик саясат механизминин бир өзгөчөлүгүнө көңүл бура кетели. Ал ар кандай органдардын, мекемелердин жана уюмдардын ортосунда коргоо функцияларын гана бөлүштүрүүнү көздөбөйт, алар изилденип жаткан механизмдин деңгээли боюнча да эл аралык жана ички мамлекеттик болуп бөлүштүрүлөт.

Алардын ар биринде баланын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздаган өз масштабдары боюнча ар кандай милдеттер чечилет. Каралып жаткан жааттагы ар кандай органдардын компетенциясы балдардын укуктарын коргоо жөнүндө статуттук ченемдик актылар жана (же) атайын мыйзамдар менен аныкталат. Мындай коргоо институттарынын көптүгү жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын социалдык жана укуктук жактан коргоо боюнча иштерди башкаруудагы координациялык башталыштардын маанилүүлүгүн жогорулатат.

Көптөгөн автолор, алардын ичинде И.Р. Шикула белгилегендей, бүгүн кыйла өлкөлөрдө балдардын укуктарын коргоонун ар кндай механизмдерин жүзөгө ашырып жаткан ири сандагы органдар, мекемелер жана уюмдар бар, бирок алардын көпчүлүгү мониторинг, талдоо, жалпылоо, алдыңкы жакшы тажрыйбаларды иликтөө менен алектенишип, көйгөйдүн өзү - өспүрүмдөр жана балдар, ушул көйгөйдүн темасындагы теориялардын жана талкуулардын көйгөйлөрү боюнча маселелерди таштап коюшкан [29]. Ал эми көйгөй ошол бойдон калып, аны бир күндө жана бир изилдөөнүн алкагында чечип салуу мүмкүн эмес болууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында [3], адам, анын укуктары менен эркиндиги жогорку баалуулук болуп саналат, ал эми аларды таануу жана коргоо мамлекеттин милдетине кирет деп айтылат. Негизги Мыйзам да үй-бүлөнү жана балалыкты мамлекеттик колдоого алууну кепилдейт.

Бардык эле коомдо жашы жете электердин негизги укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекеттик коргоого алуу өзгөчө мааниге ээ, анткени балдар башкаларга караганда ар кандай кол салуу коркунучтарына көп дуушар болушат жана объективдүү себептерден улам, дене күчү жагынан да, юридикалык жактан да өздөрүн коргой алышпайт. Андыктан жашы жете электер чөйрөсүндө мыйзамдуулукту сактоо көйгөйү глобалдуу мүнөзгө ээ.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатына жасаган биздин ретроспекти́вдүү талдообуз өзүнүн башатын болжол менен БУУнун Баланын укуктары боюнча комитети өзүнүн тынчсызданыусун билдирген 1992-жылдан алат.

Кыргыз Республикасы балдардын укуктары боюнча негиз салуучу эл аралык документ – Баланын укуктары боюнча БУУ конвенциясынын катышуучусу болуп саналат [9]. Баланын укуктары боюнча БУУ конвенциясынын корутундулоочу сунуштары эл аралык стандарттарды Кыргызстандын улуттук мыйзамдарына имплементациялоо үчүн өбөлгө жаратып берди.

Негиз салуучу эл аралык документтердин көз карашынан алганда, мамлекет компетенциясына баланын укуктары менен эркиндигин ишке ашыруу боюнча маселелерди кароо кирген ар кандай органдарды бириктирүү менен, мындай коргоо системасын гана түзүүгө эмес, ошондой эле, аны ишке ашыруу үчүн так жол-жоболорду аныктоого милдеттүү экендигин белгилеп коюу керек.

Өз кезегинде, прокуратура Кыргыз Республикасынын атынан Конституциянын сакталышына жана мыйзамдардын, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүчү орган болуп саналат.

(прокуратура является органом, осуществляющим от имени Кыргызской Республики надзор за соблюдением Конституции и исполнением законом порядке в силу международные договоры, участницей которых является Кыргызская Республика.)

Баяндалгандар эл аралык стандарттардын ченемдерин Кыргызстандын улуттук мыйзамдарына имплементациялоодогу биринчи кадам алгачкы ирет ювеналдык юстиция түшүнүгүн мыйзам аркылуу бекиткен «Балдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодексин [30] иштеп чыгуу жана кабыл алуу болуп калгандыгын ырастап турат.

Балдарга карата мамлекеттик саясат төмөнкүлөргө багытталган:

- балдардын укуктарын коргоо, аларды басмырлоого жол бербөө, балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын негизги кепилдиктерин бекемдөө, ошондой эле, укуктары бузулган учурда аларды калыбына келтирүүгө;

- баланын укуктарынын кепилдиктери боюнча укуктук негиздерди калыптандырууга;

- балдардын дене боюнун, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүнө, ошондой эле, коом кызыкчылыгында баланын инсандык жактан калыптануусуна көмөктөшүүгө;

- балдарды толук кандуу тарбиялоону, алардын укуктарын коргоону, аларды коомдо толук кандуу турмушка даярдоону камсыздоо максатында үй-бүлөгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүгө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы[3] үй-бүлөнү, энелик менен балалыкты коргоону мамлекеттик колдоого алууну кепилдейт.

Кыргызстан 1992-жылы универсалдуу эл аралык-укуктук ченемдерди камтыган Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялаган [9] жана ушул аркылуу жашы жете электерге негизги адам укуктарын кепилдеп, алардын укуктарын камсыздоо жаатындагы мамлекеттик саясатты колдоого алган.

1996-жылы 17-июнда № 20 «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган [31], ал эми 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси иштелип чыгып, ал 1998-жылы күчүнө кирген. Биринчи жолу "Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү» (КР ЖЖК, 14-глава) түшүнүгүн укуктук жактан тариздөө аракети көрүлгөн. Бул кылмыш-жаза мыйзамы менен катар, Граждандык кодекс, Жазык-процесстик кодекс ж.б. сыяктуу бир катар кодификациялнган мыйзамдар анча чоң эмес убакыттын аралыгында кабыл алынды.

1999-жылы республикада «Жашы жете электердин укуктарын коргоо жана сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган жана бул кийин 2006-жылдын 7-августундагы №151 мыйзамга ылайык күчүн жоготкон Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын негизги жоболорун камтып турган, ушул эле жылы «Баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө» Мыйзам күчүнө кирген [32].

2000-жылдарда бул проблематикага арналган бир катар буйруктар менен ченемдик документтер кабыл алынган. Алардын бири - Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын алдын алуучулук багыттарын күчөтүү чаралары жөнүндө» буйругу болгон[33], анткени биздин мамлекет демократиялык процесстерге өткөн шартта адам укуктарына, анын ичинде, жашы жете электердин укуктарына катуу көңүл бурулган.

2000-жылдан тартып «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иштеп баштады [34]. Мындай мамлекеттик жаштар саясатынын максаты өлкөнүн туруктуу инновациялык өнүгүүсүн, анын аймактык бүтүндүүлүгүн жана Кыргызстан элинин маданий иденттүүлүгүн камсыздоочу жигердүү жарандык позицияны жана жаштардын баалуулуктарынын багыттарын калыптандыруу болуп саналган.

Өлкөдө туруктуулукту камсыздоодо жетишилген жыйынтыктарга жана экономикадагы түзүк тенденцияларга карабастан, балдарды социалдык жактан коргоо көйгөйлөрү чечилбеген бойдон кала берген. Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээли балдардын аман-эсен жашоого, өнүгүүгө жана үй-бүлөлүк тарбияга болгон укуктарын камсыздоонун башкы тоскоолдугу болгон. Жакырчылык алардын билим алуусун жана саламаттыгын чыңдоосун чектеген, балдардын үстүнөн зомбулуктун күчөшүнө жана алардын криминалдык түзүмдөргө тартылуусуна жол ачкан. Социалдык жактан келечектин жоктугу жаштардын эмиграцияга багытталышынын башкы себептеринин бири болуп калды. Мындай кырдаал биздин өлкөнү келечегинен ажыратты, анткени дени сак, билимдүү, бийик адеп-ахлактуу жаштар гана биздин коомду калыптандыруунун негизги өзөгү боло алат. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Комплекстүү өнүктүрүүнүн негиздеринин алкагында өзүнүн 2001-жылдын 14-августундагы токтому менен Кыргызстандын балдарынын укуктарын ишке ашыруу боюнча 2010-жылга чейинки «Жаңы муун» мамлекеттик программасын бекиткен жана ал мыйзамга ылайык күчүн жоготкон 2016-жылга чейин белгилүү ролду ойногон.

Кийин каралып жаткан изилдөө чөйрөсүндө 2003-жылдан 2005-жылга чейин төмөнкүдөй мыйзамдар кабыл алынды: "Билим берүү жөнүндө" мыйзам[21], Үй-бүлө кодекси, Эмгек кодекси, "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзам [35].

Ал эми 2006-жылы Балдар жөнүндө кодекстин биринчи редакциясы кабыл алынып[30], анын алкагында, ратификацияланган Баланын укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясына ылайык, Кыргыз Республикасы балдардын укуктарынын сакталышы тууралуу отчетторду үзгүлтүксүз берип туруугa милдеттенген.

Мындан соң, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын уюштурууну күчөтүү максатында 2008-жылдан тартып "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү

чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" мыйзам [36] ж.б. иштей баштады.

2009-жылы "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган [4], анткени прокуратура органдары мыйзамдын үстөмдүгүн, биримдикти сактоо, мыйзамдуулукту бекемдөө максатында прокурордук иштин бардык багыттары боюнча жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.

Мындан тышкары, 2009-жылдан 2016-жылга чейин төмөнкүдөй мыйзамдар иштелип чыгып, жашы жете электердин укуктарын коргоп келген: “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” [37]; “Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө” [38] Кыргыз Республикасынын мыйзамдары]; “Мектепке чейинки билим берүү уюму жөнүндө” типтүү жобо [39]; “Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө” жобо [40]; “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө” жобо [41]; “Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун буйругу [42].

Өткөөл мезгилде көтөрүлгөн көйгөйлөргө карабастан, республика көп көрсөткүчтөр боюнча жаш курагы толо электердин абалын турукташтырууга жетишти. Биринчи кезекте, бул саламаттык сактоо жана билим берүү жаатындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоого тиешелүү. Ушул саясатты натыйжалуу ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасы кабыл алынган мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн анын айрым беренелери менен главаларын бөлүп алып, кийин алардын мазмунун заманбап талаптарга ылайык толуктоо жана өзгөртүү менен жашы жете электердин укуктарын коргоо боюнча саясатын улантууда.

Жашы жете электердин укуктарын камсыздоо боюнча ченемдик-укуктук база олуттуу деңгээлде түзүлгөн. Ошентсе да, колдонуудагы мыйзамдарды ишке ашыруу, белгиленген укуктук ченемдерди финансылык жактан камсыздоо механизмин мындан ары өркүндөтүү зарыл. Мына ушундай кырдаалда, 2017-жылдын 28-июлунда "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" мыйзам[43] жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Кыргыз Республикасында өспүрүмдөрдүн репродуктивдүү ден соолугун коргоо кызматын уюштурууну өркүндөтүү жөнүндө" буйругу[44] иштелип чыккан.

Жашы жете электердин укуктарын ишке ашыруу жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизи - кайсы бир белгилер боюнча балдардын укуктарын басмырлабастан, алардын аман-эсен жашоосун, өсүп-өнүгүүсүн камсыздоо болуп саналат. Ушуну менен бирге, институционалдык негиз социалдык-келечектүү үй-бүлөлөрдүн сыяктуу эле, "опурталдуу топтордун" да балдарынын муктаждыктарын эске алууга тийиш. Кийинки айтылган учурда өзгөчө көңүл балдарга, ата-энелерге же аларды алмаштырган адамдарга карата алдын алуучу жана тарбиялык мүнөздөгү чараларды жүзөгө ашырууга бурулуусу керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, анын ичинде, баланын укуктарына тиешелүү мыйзамдар да, баланын укуктарын коргоп, сактоого багытталган ченемдерди камтышат. Айрымда аларды жүзөгө ашыруудагы башкы тоскоолдуктардын бири — ата-энелер менен балдардын ушул ченемдерди билбегендиги. Ар бир бала өз укуктары менен милдеттерин билүүгө тийиш, анткени кандай гана болбосун турмуштук кырдаалдарда аларды жеңил пайдалана алуусу керек. Бирок, тажрыйба көрсөткөндөй, көп учурларда балдардын жашы жете электердин укуктук абалы боюнча маселелерди чечмелеп берген маалыматтарды, материалдарды алуу мүмкүнчүлүгү дээрлик жок. Жаш курагы жете электердин өзгөчөлүктөрү укукта эске алынбай калуусу мүмкүн эмес, анткени жашы жете элек – бул кичинекей бала эмес, бирок чоң киши катары да жетиле элек. Укуктук

ченемдер жашы жете электердин ушул өзгөчөлүгүн эске алып гана эмес, ошондой эле алардын укуктары менен эркиндиктери өздөрүнөн “күчтүү” чоң кишилер тарабынан бузулуусунан да коргоого тийиш. Ушуга байланыштуу, жашы жете электерди тарбиялоодо алардын катышуусундагы ар кандай коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укуктук ченемдердин мааниси чоң. Өспүрүмдөр өздөрүнө мыйзам актыларында бекитилип берилген укуктарын (жана милдеттерин) билүүгө тийиш. Бул көйгөйдүн чечилишине акыркы жылдары абдан чоң көңүл бурулууда: КРда балдардын абалын жакшыртуу боюнча мамлекеттик социалдык саясат максаттуу багытта өнүгүүдө. Мамлекеттик деңгээлде үй-бүлө менен балдардын бардык жашоо чөйрөсүн камтыган жана аларды социалдык жактан коргоо чараларын күчөтүүгө багытталган  көптөгөн сандагы ар түрдүү ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. Ошол эле учурда жашы жете электердин укуктарын коргоочу укуктук механизмде бирдиктүүлүк жана бүтүндүк жок, ченемдик актылар, адатта, бирдиктүү система түзүүчү факторду – жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашырууну жана аларды натыйжалуу коргоону камсыздоону эске албастан кабыл алынууда. Эл аралык жана улуттук деңгээлде жашы жете электердин укуктары жөнүндө көптөгөн атайын актылар иштеп жатат.

Коргоо (Она?) комлекстүү мүнөзгө ээ болуп, балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыздоодо мамлекеттик органдар менен коомдук уюмдардын ордун жана ролун аныктоого тийиш. Жашы жете электердин укуктарын коргоо көйгөйү азыркы этапта өтө актуалдуу. Андыктан бекеринен көптөгөн изилдөөчүлөр өз эмгектерин азыркы дүйнөдө жаш курагы боюнча жетиле элек адамдардын укуктарындагы көйгөйлөргө: ырайымсыз мамилеге, коркутууларга, суициддик маанайларга, каалабаган же пландалбаган кош бойлуулукка, үй-бүлөлүк маселелерге, карама-каршы жыныстагы өкүлдөр менен өз ара мамилелердеги же пикир алышуудагы көйгөйлөргө арнашкан. Мамлекет үй-бүлөнү коргойт, ата-энелердин жашы

жете электерди багуу, билим берүү жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткаруусуна жардам берет, көмөктөшөт.

Кыргыз Республикасы соңку он жылдыкта баланын укуктарын, эркиндигин жана кызыкчылыктарын мыкты камсыздоо принцибине таянып, колдонуудагы өз мыйзамдарын Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда жарыяланган эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү боюнча иш-чараларды жигердүү жанданта алды. Мамлекет балалыкты адам турмушунун маанилүү этабы катары тааныйт жана балдарды коомдогу толук кандуу турмушка даярдоонун артыкчылык принциптерине таянып, мамлекеттик саясаттын төмөнкүдөй максаттарын балдардын кызыкчылыгында аныктоодо:

• балдардын укуктарын жүзөгө ашыруу;

• баланын укуктарынын кысымга алынуусуна жол бербөө;

• балдардын укуктары менен кызыкчылыктарынын негизги кепилдиктерин – жашы жете электердин укуктары бузулган учурларда аларды калыбына келтирүүнү бекемдөө;

• баланын укуктарынын кепилдиктеринин укуктук негиздерин жаратуу;

• балдардын дене бойлук, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүнө көмөктөшүү;

• балдарды патриоттулукка жана граждандуулукка тарбиялоо.

Ошентип, жашы жете электердин укуктарын коргоо, алардын укуктары үй-бүлөдө бузулган учурларга тиешелүү, айрыкча, эгерде баланы тарбиялоо жөнүндө талаш келип чыкса. Ал эми баланын, айрыкча ата-эненин багуусунан калган балдардын укуктарын коргоо камкордук жана көзөмөлдүк жасоочу органдын иш чөйрөсүнө кирет. Андыктан баланын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу жана эң көп таркаган жолу соттук эмес, камкорчу жана көзөмөлчү органдар жүргүзгөн иш болуп саналат. Ушул органдардын жашы жете электердин укуктарын коргоосунун маанилүү өбөлгөсү прокуратура, ИИБ, Жашы жете электердин иштери боюнча комиссиялар менен тыгыз байланыш жана өз ара аракеттешүү болуп саналат. Тилекке каршы, ушул кезге чейин кабыл

алынган мыйзамдар менен мыйзам алдындагы актылардын, буйруктар менен жоболордун негизги бөлүгү ведомстволордун ролун жазып чыгууга жана алардын ишмердигинин чектерин аныктоого багытталган эле. Бул ведомстволордун өз ара аракеттешүүсүнүн жана жашы жете электердин укуктарын коргоо боюнча аларга жүктөлгөн функцияларды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтин механизми катары ошол учурда ведомстволор аралык тоскоолдуктарды күчөтүүгө алып келип, ведомстволордун бюджеттик каражаттар үчүн күрөшүнө дем берген [45].

Ушуга байланыштуу, жазык мыйзамдарын гумандаштырууга багытталган азыркы жазыктык-укуктук саясатты комплекстүү изилдөө жана аларды, Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдарынын блогун - (КР ЖПК[6], КР ЖАК[46], КР ЖК[5], Жоруктар жөнүндө кодекс[47], Бузуулар жөнүндө кодекс[48]) 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизүү зарылчылыгы тууралуу маселе келип чыгат. Мындан тышкары, гумандаштыруунун маанилүү критерийи – укук колдонуу тажрыйбасынын багытын өзгөртүү деп эсептейбиз. Бул маселеде маанилүү ролду жогорку сот инстанциясы жана негизги укук коргоочу (прокуратура органдары, ички иштер органдары) жана башка органдардын (мисалы, КР Юстиция министрлигинин жана КР ЖАМКнын) жетекчилиги ойнойт.

Гумандаштыруунун азыркы абалы 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонуудагы жазык мыйзамдарын ишке киргизүү менен мүнөздөлөт жана ал төмөнкүдөй блокту өзүнө камтыйт:

– 22.12.2016-жылдагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин;

– 22.12.2016-жылдагы Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин;

– 02.03.2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексин.

Ошентип, жазык жазаларын гумандаштыруу процесси гумандаштыруу жана бүтүндөй коомдун жашоосун өзгөртүү процесси менен түздөн-түз байланышкан, айрыкча бул жашы жете электерге - кабыл алынып

жана алар боюнча жашап жаткан мыйзамдарга да тийиштүү болду, анткени мыйзамдарга төмөнкүдөй көптөгөн факторлор таасир этет:

– Саясий факторлор;
– Экономикалык факторлор;
– Социалдык факторлор;
– Эл аралык мыйзамдар;
– Мыйзамдардын абалы жана аларды ишке ашыруу көйгөйлөрү, башка көптөгөн факторлор.

### 1.3. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздери

Адамдын укуктары, аларды коргоо жана камсыздоо – түпкү максат жана адамзаттын жашоо-турмушунун бардык системасын бириктирип, дүйнөлүк туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын маанилүү фактору болгон демократиялык укуктук баалуулуктарга багыт алышкан өлкөлөрдүн өнүгүүсүнүн башкы натыйжасы.

Ушуга байланыштуу, жарандардын укуктары менен эркиндигин, анын ичинде, жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу жаатында мыйзамдуулукту камсыздоого багытталган прокуратура органдарынын ишмердиги өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул мыйзамдуулукту камсыздоо жана инсандын укуктары менен эркиндигинин артыкчылыгын, жарандык коомдун кызыкчылыктарын жарыя кылган кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн механизминде прокуратура бүгүн ойногон реалдуу ролдун шайкеш чагылдырылышы болуп саналат

Өз кезегинде Н.В. Витрук укуктук статустун аныктамасын индивиддин укуктук абалынын өзөгү катары келтирген [49, с. 25-34]. Биздин өлкөдө индивиддин укуктарын коргоонун ар түрдүү жолдору бар экендигине карабастан, жашы жете электердин юридикалык жактан корголуусу жакшыра элек. Сот, прокуратура, адвокатура сыяктуу адам укуктарын коргоочу

белгилүү институттар иштеп туруп, адамдын, анын ичинде, жашы жете электердин өсүп бараткан эркин өнүгүү муктаждыктарын, алардын нукура демократиялык коомдо жашоого умтулууларын канааттандыруу улам барган сайын жетишсиз болууда. Ушуга байланыштуу, адамга өз укуктарын тез арада жана натыйжалуу коргоого мүмкүндүк берүүчү жаңы механизмдерди түзүү зарылчылыктары келип чыгууда.

Мындан тышкары, тажрыйбалуу адистер Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын иши балдарга карата мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарын эске алуу менен курулат деп ырасташат. Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо маселелерине дээрлик алардын бардык жашоо чөйрөлөрүндө көңүл бурулат.

Азыркы шартта Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын маанилүү иш багыттарынын бири - үй-бүлөлөр менен балдардын социалдык укуктарын сактоо, жашы жете электердин өмүрүн жана саламаттыгын сактоо, социалдык жетимчиликтин алдын алуу, балдарды ырайымсыз мамиледен коргоо, балдардын жалпы жеткиликтүү жана акысыз билим алуу укугун сактоо, жашы жете электердин кылмыштуулугу менен күрөшүү болуп саналат.

Азыркы мезгилде жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында бардык башка контролдоочу түзүмдөрдөн айырмаланып, прокуратуранын ролу балдардын укуктары бузулуп жаткандыгы тууралуу келип жаткан сигналдарга чара көрүүдөн тышкары, аталган чөйрөдөгү мыйзамдуулуктун абалына дайыма байкоо жүргүзгөн  көз каранды эмес көзөмөлдөөчү орган катары да өстү. Прокуратура бир эле жарандын мыйзамдуу кызыкчылыктары менен укуктарын коргоого гана эмес, ошондой эле, бир учурда көптөгөн адамдардын укуктарын козгогон мыйзам бузууларга карата да натыйжалуу чара көрүүгө да жөндөмдүү.

Прокурордун ыйгарым укуктарын ишке ашыруу усулдугу конкреттүү кырдаалга жараша тандалып алынат. Прокурорлор мыйзам бузуунун жол берилгистиги тууралуу эскертүү жарыялашат, мыйзам бузууларды четтетүү

талаптарын койгон жазма буйруктарды киргизишет, мыйзамсыз укуктук актыларга каршылык билдирет, административдик укук бузуулар жөнүндө иш козгойт, жарандардын социалдык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргогон доолор жана арыздар менен сотторго кайрылат.

Прокуратура органдарынын ишмердигинин укуктук негизине келсек, аларды КР Конституциясы[3], "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы[4] жана башка ченемдик укуктук актылар, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун (мындан ары – Башкы прокурор) укуктук актылары түзөт. Кыргыз Республикасынын прокуратурасын уюштуруу жана анын ишин конституциялык-укуктук жөнгө салуу, түпкүлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, негизинен, прокурордун бардык түрлөрүнүн жана деңгээлдеринин укуктары менен милдеттерин бекемдеген жалгыз беренеси (104-бер.)[3] аркылуу жүзөгө ашырылат. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, прокуратурага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган иш-милдеттерин аткаруу жүктөлүшү мүмкүн эмес. Ушул эле мыйзамдын 22-беренеси жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын камсыздоодогу прокуратуранын ыйгарым укуктарын бекемдеп турат.

Прокуратура балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо чөйрөсүндө аткаруучу бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так жана бирдей аткаруусуна көзөмөлдү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурларда, сот иштеринде балдардын кызыкчылыктарын коргоп чыгууну.

Мындан тышкары, зарыл көзөмөлдүк ыйгарым укуктары бар Кыргыз

Республикасынын прокуратура органдары төмөнкүдөй негиз салуучу принциптерге таянат: ар бир жаран өзүн КР Конституциясы менен ишенимдүү корголгонун сезүүгө тийиш. Кыргыз Республикасы көз карандысыздыгын салтанаттуу жарыялап, Мамлекеттик суверенитет жөнүндө декларациясында өлкө Конституциясынын жана мыйзамдарынын өз аймагындагы үстөмдүгүн бекемдөө менен, алардын так жана бир түрдүү аткарылышына көзөмөлдү прокуратура органдарына жүктөгөн[50]. Эми бүгүн мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзгөн, мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти камсыздаган конституциялык орган - Кыргыз Республикасынын прокуратурасы болуп саналат. Биздин пикирибизде, ар кандай мыйзамдарды кабыл алып коюу жетишсиз – аларды ишке ашыруунун натыйжалуу механизми зарыл. Биздин шартта анын багыттарынын бири – Конституцияда белгиленген мыйзам актыларынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлчүлүк болууга тийиш.

"Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүүчү мамлекеттик бийлик органы болуп саналат (1-бер.)[4].

Мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун бирдигин камсыздоо жана аны бекемдөө, ошондой эле коом менен мамлекеттин мыйзам аркылуу корголуучу кызыкчылыктарын камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

1) аткаруучу бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды так жана бирдей аткарышына көзөмөлдү;

2) ыкчам-издөө, тергөө иштерин жүргүзгөн органдардын мыйзамдарды аткаруусуна көзөмөлдү;

3) жазык иштери боюнча сот чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөө менен байланышкан, мажбурлоо

мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын аткарылышына көзөмөлдү;

4) мыйзамда аныкталган учурларда жарандын же мамлекеттин кызыкчылыктарын сотто коргоону;

5) сотто мамлекеттик айыптоону колдоого алууну;

6) мамлекеттик органдардын кызмат адамдарын жазык иштери боюнча куугунтуктоону.

Бул маселени мындан ары терендетип карай турган болсок, Шагивалиев А.К. прокурорлор, Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарына ылайык, соттор караган иштерге катышып, соттордун мыйзамга каршы келген чечимдерине, өкүмдөрүнө, аныктамаларына жана токтомдоруна карата көрсөтмө киргизе тургандыгын түшүндүрмөлөйт[51]. Прокуратура органдарынын бул бардык ыйгарым укуктары толугу менен жашы жете электерге да тиешелүү десек болот.

Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча иштеринде эки багытты бөлүп көрсөтсө болот: Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарыя кылынган жана мыйзамдарда белгиленген балдардын укуктарын коргоп, сактоо жана алардын укуктарынын бузулушуна жол бербөө үчүн, өспүрүм мыйзам менен кагылышкан учурда, жашы жете электер жасаган же алардын катышуусунда жасалган кылмыштарды  тергөөдө мыйзамдуулукту сактоо.

Мындай учурларда жол берилгендей, прокуратура органдары мыйзамдын көрсөтмөлөрүн, Башкы прокурордун буйруктары менен көрсөтмөлөрүн аткарышат, бардык ушул маселелерге талаптагыдай көңүл бурат.

Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун 2.12.2014-жылдагы №1 «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын алдын алуучу багыттарын күчөтүү боюнча чаралар жөнүндө» буйругунда мамлекеттик органдардын, кызмат адамдарынын, жарандардын жашы жете

электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын талаптарын так жана бирдей аткаруусунун айрыкча актуалдуулугу тууралуу айтылган[52]. Ушуга байланыштуу, прокуратура органдарынан «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү күчөтүү, алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекемдөө боюнча натыйжалуу чараларды көрүү» талап кылынат.

Прокуратура органдарынын милдеттери мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды пайдалануу менен, кылмыштуулук жана укук бузуулар менен күрөшүү боюнча иштерди жакшыртууда, аларга өбөлгө түзгөн себептер менен шарттарды табууда жана жоюуда, ар бир чектен чыккан өспүрүмдүн чынчыл, таза эмгектенген турмушка кайтып келүүсүнө жетишүүдө турат [53]. Мыйзамдын бузулушун жоюу жана жашы жете электердин бузулган укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү максатында прокурорлор «Прокуратура жөнүндө» Мыйзамда каралган чара көрүү каражаттарын: каршылык билдирүүнү, көрсөтмө берүүнү, токтомду пайдаланат.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы менен байланышкан көйгөйлөрдүн бири - жашы жете электердин көзөмөлсүздүгү менен күрөшүү болуп саналат. Өкмөт тарабынан «Жашы жете электердин көзөмөлсүздүгүнүн жана алардын арасындагы укук бузуулардын алдын алуу боюнча максаттуу программа бекитилген[54]. Бул программада укук бузууга ыңгайлашкан же аларды жасап жаткан өспүрүмдөрдү тарбиялоо үчүн талаптагыдай шарттарды камсыз кылуу боюнча чаралардын системасы иштелип чыккан. Прокуратура органдарына жашы жете электердин иштери боюнча инспекциялардын, кабыл алуучу-бөлүштүрүүчүлөрдүн жана педагогикалык жактан өнүкпөй калган өспүрүмдөр үчүн атайын окуу-тарбиялоо мекемелерининин иштеринде мыйзамдардын сакталуусуна көзөмөл жүктөлгөн.

Прокуратура органдарынын ишиндеги эң начар звено -

мыйзамдуулукка көзөмөл жана прокурордук таасир көрсөтүү каражаттары менен ата-энесиз калышкан балдардын укуктарын коргоо экендигин белгилеп коюу зарыл.

Мыйзам бузууларды эскертүүдөгү жана жашы жете электердин көзөмөлсүздүгү менен күрөшүүдөгү олуттуу роль, мурда белгиленгендей, балдар иштери боюнча комиссияларга таандык. Даш ушулар ата-энесиз калган балдар менен өспүрүмдөрдү, ошондой эле аларды тарбиялоо үчүн талаптагыдай шарттар менен камсыздай албаган ата-энелери бар жашы жете электерди, иштебеген жана окубаган өспүрүмдөрдү, ошондой эле турмуш-тиричилик жактан, ишке орноштурууга же окуусун аныктап берүүгө муктаж башка балдарды таап, каттоого алууга тийиш. Комиссиянын чечимдеринин мыйзамдуулугуна көзөмөл прокурорго жүктөлөт. Ал системалуу түрдө жашы жете электерге жана алардын ата-энелерине башка чараларды колдонуунун мыйзамдуулугун текшерүүсү керек. Комиссия жөнүндө жобого ылайык, өспүрүмдөрдүн укук бузуулары жана көзөмөлсүз калгандыгы тууралуу, анын ичинде, жашы жете электерди атайын окуу-тарбиялоо мекемелерине жөнөтүү жөнүндө иштер боюнча жазык иштерин кароодо прокурордун комиссиянын жыйындарына катышуусу милдеттүү болуп саналат.

«Баланын укуктары жөнүндө» БУУнун Конвенциясында[9], аны аткаруу милдеттенмелерин Кыргыз Республикасы өзүнө алган (1994), мамлекеттин бардык жашоо чөйрөлөрүндө балдардын кызыкчылыктары менен бакубат жашоосунун артыкчылыгы жарыяланган. Жогоруда айтылгандай, балалыкты коргоо, жашы жете электердин укуктары толук пайдаланылуусуна камкордук – прокуратуранын иштеринин багыттарынын бири. Жол берилген мыйзам бузууларды табуу жана жоюу боюнча жалпы көзөмөлдүк, жарандык-укуктук, жазыктык-укуктук каражаттарды колдонуу аркылуу жашы жете электердин укуктарынын сакталышына көзөмөл прокуратура тарабынан жүргүзүлөт.

Белгилүү болгондой, ЮНИСЕФ балдар үй-бүлөдө тарбиялансын деген максатта интернат мекемелеринде жашаган балдардын санын азайтууга жана

алар үчүн альтернативдүү жолдорду издештирүүгө чакырык жасап келет. Үй-бүлө – бул өспүрүмдүн инсандык сапаттарынын калыптанышына, аны коомдук мамилелердин системасына тартууга негиз болуп берет. Үй-бүлөлүк тарбиянын кемчиликтери өспүрүмдүн нравалык жактан өзгөрүүсүнө өбөлгө түзүп, аны кылмыш жасоого түртүшү мүмкүн [55].

Эгерде жогоруда айтылгандарга таянсак, анда бул жерде прокурордук көзөмөлдүн объектиси - ата-энелердин же аларды алмаштырган адамдардын, ошондой эле балдардын үй-бүлөлөрдө бакубат жашоосуна контролдук жасоого милдеттүү кызмат адамдарынын жана органдардын иш-аракеттеринин мыйзамдуулугу болуп саналат. Булардын катарына төмөнкүлөр: калкты социалдык жактан коргоо органдары, билим берүү мекемелери, балдарды коргоо, саламаттык сактоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык органдар, ички иштер органдары кирет.

Мындан тышкары, прокурор ата-энелик укуктардан ажыратуу, калыбына келтирүү жана чектөө тууралуу, баланы асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө иштерге катышууга жана башка учурларда мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.

Албетте, прокуратура органдарынын милдеттери мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктарды пайдалануу менен, жашы жете электердин укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын кепилдиктерин камсыздоодо турат. Прокуратура кылмыштуулук жана укук бузуулар менен күрөшүү, аларга түрткү болгон себептерди жана шарттарды таап, жоюу боюнча иштерди жакшыртууга, ар бир чектен чыккан өспүрүмдүн таза, чынчыл эмгек жолуна кайтып келүүсүнө жетишүүгө тийиш.

Жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөл өз алдынча участок катары, мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн багыттарынын бири катары каралышы мүмкүн экендиги талашсыз. Бул багыттар милдеттердин жана иш усулдарынын бирдейлиги менен мүнөздөлөт жана ушуга байланыштуу, иш багыттарын уюштуруунун

жана жүзөгө ашыруунун негизги маселелерин атайын талдоого алууну жана чечүүнү талап кылат.

Учурда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомчулуктун шайкеш күч-аракеттеринин негизинде жашы жете электердин кылмыштарынын алдын алып туруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Ошентсе да, бул маанилүү милдетти чечүү үчүн бүтүндөй коомдун күч-аракети, укук бузуулар менен күрөшүү чараларынын системасын дайыма өркүндөтүп туруу зарыл.

Жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөлдү жүргүзүүнүн натыйжалуулугу аны так уюштурууга, талаптагыдай пландоого, негизги милдеттерди туура аныктоого жараша болот.

Прокурордук көзөмөл укук тармагы катары Конституциянын үстөмдүгүн камсыздоо, мыйзамдарды сактоо жана аткаруу, жарандардын укуктары менен эркиндигин, инсандын, коом менен мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча прокурордун иш-аракеттерин жөнгө салуучу юридикалык ченемдердин жыйындысы болуп саналат.

Жашы жете электерге жана жаштарга карата мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл аталган категориядагы адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын реалдуу коргоого жана балдар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишин укуктук жөнгө салуунун предмети болуп бардык укук субъектилеринин мыйзамдарды аткаруу чөйрөсүндө калыптанган коомдук мамилелер, ошондой эле прокуратура органдарынын Кыргыз Республикасында мыйзамдуулук режимин камсыздоо боюнча иштери саналат. Прокурордук иштин укуктук негизи прокурордун өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун өз ара байланыштуу жана өз ара шартталган ыкмаларынын, жолдорунун жыйындысын түзгөн мыйзам менен жөнгө салынат.

Прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү укук коргоочулук дарамети ага бул процессте мамлекеттик механизмдин алмаштыргыс звеносу болууга мүмкүндүк берет.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдын аткарылышына көзөмөлдү укуктук жактан жөнгө салууну талдап, билүү абдан маанилүү. Иштиктүү, юридикалык жактан сабаттуу көзөмөлдү камсыздоо өз кезегинде жашы жете электер жасаган кылмыштардын азаюусуна оң таасир этүүдө. Көзөмөлдүн натыйжалуулугунун жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту азайтуунун милдеттүү шарты мыйзамдардагы конкреттүү көрсөтмөлөр жана ченемдик актылар менен бекемделген атайын аныктамалар болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорун эске алганда, Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгүнө эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери жана эл аралык келишимдер кирет.

Балдардын укуктарын дүйнөлүк масштабда жөнгө салган негизги эл аралык документ болуп саналган Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 3-беренеси балдардын ата-энелеринин, камкорчулардын же  мыйзам боюнча бала үчүн жоопту башка адамдардын укуктары менен милдеттерин көңүлгө алуу менен, мамлекеттин баланын бакубат жашоосу үчүн зарыл коргоону жана камкордукту камсыз кылуусун көздөйт жана ушул максатта бардык тиешелүү мыйзамдарды жана административдик чараларды кабыл алат. Бул жерде негизги эл аралык ченемдик укуктук актыларда белгиленген мамлекеттин ушундай коргоону уюштуруудан тышкары, коргоону ишке ашыруу үчүн зарыл болгон так жол-жоболорду аныктоо милдетине да көңүл буруу зарыл.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу прокуратуранын ишин уюштуруунун жалпы принциптерине жана баланын укуктарын коргоону уюштуруу принциптерине негизделет. Жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын

аткарылышына көзөмөлдүн, ал тургай ченемдик жөнгө салуунун жетишпеген шартында да, конкреттүү алкактары бар экендигин белгилей кетели.

Көзөмөлдүк ведомствонун ишин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик актылар деңгээли жана юридикалык күчү боюнча эл аралык келишимдерге жана конституциялык мыйзамдарга бөлүнөт. Айрым маселелер Кыргыз Республикасынын Президентинин ченемдик актыларынын (жарлыктарынын), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун, Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун буйруктарынын ж.б. негизинде чечилет.

Ал эми Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине келсек, алар прокуратура органдарынын жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү чөйрөсүндөгү ишин уюштурууну жөнгө салуучу жетиштүү сандагы ченемдерди камтыйт. Мындай ченемдик актыларга Баланын укуктары жөнүндө конвенция, БУУнун жашы жете электерге карата сот адилеттигин жүргүзүүгө тиешелүү минималдуу стандарттык эрежелери, жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн БУУнун жетекчилик принциптери кошулат.

Прокуратура органдарынын теориялык негизи мыйзамдар, анын ичинде, "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен регламенттештирилет. Прокурордун жазык, жарандык сот өндүрүшүндөгү процесстик абалы тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси (КР ЖПК), Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси (КР ГПК) ж.б. менен регламенттештирилет [56].

Белгилүү болгондой, прокуратура органдарын уюштурууда жана анын ишин тартипке келтирүүдө, өркүндөтүүдө КР башкы прокурорунун ченемдик актылары өзгөчө орунду ээлейт. "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, **башкы прокурор (?)** прокуратуранын бардык кызматкерлери милдеттүү түрдө аткара турган прокуратура органдарынын ишин уюштуруу маселелерин жана прокурордук

кызматкерлерди материалдык жана социалдык камсыздоо чараларын ишке ашыруу тартибин жөнгө салуучу буйруктарды, көрсөтмөлөрдү, тескемелерди жана нускамаларды чыгарат.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын башкы прокурору тарабынан төмөнкүдөй бир катар буйруктар чыгарылган: «Жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө”; № 17 «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын алдын алуучулук багыттарын күчөтүү боюнча чаралар жөнүндө».

Прокурордук көзөмөлдүн укуктук негизине КР субъектилеринин жашы жете электер менен жаштардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү регионалдык мыйзам актылары да кире тургандыгын белгилеп коелу. Ал эми жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлгө тиешелүү ченемдер укук коргоо органдарын уюштуруучу жана алардын ишин жөнгө салуучу мыйзамдарда камтылган.

Прокуратура органдарынын көзөмөлдүк ишин укуктук жөнгө салуучу дагы бир булак болуп КР Жогорку сотунун жана укук чыгаруу менен алектенген КР Конституциялык палатасынын чечимдери таанылган.

Ошентип, жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү укуктук жөнгө салуунун негизги көйгөйү – ушул багытты жөнгө салуучу ченемдик актылардын бирдиктүү системасынын жоктугунда.

Аныкталган көйгөйдү чечүүдөгү биринчи кадам «КР прокуратурасы жөнүндө» мыйзам менен белгиленген жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү прокуратуранын өз алдынча багытына бөлүп чыгуу болуп калууга тийиш. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган мыйзамдагы кенемтелерди жоюу мыйзамдык базаны өркүндөтүүдө жана жашы жете электердин укуктары менен эркиндигин

коргоонун азыркы реалдуулуктарга жооп берген маалыматтык механизмдерин түзүүдө турат.

Талдоо көрсөткөндөй, балалыкка камкордук көрүү, жашы жете элек жарандарды коргоо зарылчылыгы — кайсы болбосун мамлекеттин ишиндеги артыкчылык берилген багыт. Жогоруда баяндалгандарга таянып, биз жашы жете электер жөнүндө мыйзамдарды өнүктүрүү, аларга өз алдынча укуктук статус берүү өнүккөн укуктук мамлекеттин белгиси болуп саналат деп айта алабыз. Ар кандай мамлекеттердин тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүнө жараша, жаш курагы жетилген жана юридикалык жоопкерчилик тагылган курак, ошондой эле “жашы жете элек” түшүнүгү ар башкача аныктала тургандыгын белгилеп коюу керек.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын өнүгүү жана калыптануу жолу көбүнчө жашы жете электердин укуктарын коргоо боюнча сот адилеттигинин пайда болуусу, жашы жете элек баланын белгилүү бир статусун белгилөө жана ювеналдык сотторду түзүү менен байланыштуу.

Биздин коомдун азыркы өнүгүү шартында прокурордук иштин бул багыты өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Кыргыз Республикасы жашы жете электердин укуктарын коргоого арналган эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын жоболорун тааныйт жана аткарат, ошондой эле аларды өз тажрыйбасында, мыйзамдарында жетекчиликке алат.

Натыйжада, прокурорлордун өзгөчө жоопкерчилик тагылган зонасында мурдагыдай эле балдардын корголушун камсыздоо маселелери да кала берген жана алардын жүрүшүндө негизги күч-аракеттер алардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, майып балдардын, жетимдердин укуктарын камсыздоо, жашы жете электердин укук бузууларынын алдын алуу тууралуу, балдарга билим берүү жана зыяндуу маалыматтан коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылып, сакталышына багытталган.

Алсак, балдар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча 1 366 (1 276) текшерүү жүргүзүлүп, алардын жыйынтыктары боюнча прокурордук чара көрүүчү 1 908 (1 821) акт түзүлгөн, алардын

ичинен, 100 (94) каршылык, 1 051 (1003) көрсөтмө, 376(396) жазма буйрук, мыйзам бузуулардын жол берилгистиги тууралуу 129 (149) адамга эскертүү берилген, 120 (100) тартип өндүрүшү, ошондой эле 29 (21) жазык иши козголгон, прокурордук чара көрүү актылары боюнча тартип жоопкерчилигине 1 823 (1 831) адам тартылган, сотко жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргогон 103 (58) доо арызы берилген[57].

Берилген статистикалык маалыматтардан улам, жашы жете электерди көзөмөлдөө боюнча көйгөй ар дайым актуалдуу болгон жана боло берет, анткени жашы жете электердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу дээрлик адам жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө кездеше тургандыгын белгилей кетүү керек. Мындай чөйрөлөргө: билим берүү, эмгек, үй-бүлөнү, энеликти, аталыкты жана балалыкты коргоо чөйрөсү, баңгичилик менен күрөш, жашы жете электердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу ж.б. кирет.

Акыркы жылдардагы текшерүү материалдарын жана жазык иштерин талдоо балдар зомубулукка көбүнчө үй-бүлөлөрдө, ата-энелердин бири, жакын туугандар, достор, тааныштар, кошуналар тараптан кабылышаарын көрсөтүп турат. Мындай учурларда өз ата-энелери же болбосо жакынкы чөйрөдөгү адамдар балдардын өтө коркунучтуу душманына айланышат жана балдардын психикасын оңдолбой тургандай талкалап коюшат.

Ата-энелер же бул милдеттер жүктөлгөн башка адам, ушундай эле, билим берүүчү, тарбия берүүчү, дарылоочу же башка мекеменин жашы жете электерге көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү педагогу же башка кызматкери тарабынан жашы жете электерди тарбиялоо боюнча милдеттерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн, эгерде бул жосун жашы жете элек балага ырайымсыз мамиле менен бириктирилген болсо, КР ЖКдагы жазык жоопкерчилиги каралат. Ал эми тажрыйба көрсөткөндөй, балдарга карата зомбулуктун эң көп жайылган себеби ата-энелердин антисоциалдык жүрүм-туруму, үй-бүлөдөгү начар кырдаал, ата-энелердин ичимдикке, баңги заттарына берилүүсү, үй-бүлөдөгү бакубатсыздык,

материалдык абалдын төмөнкү деңгээли, өз милдеттерине шалаакы мамиле жасоо, ата-эне – бала ортосундагы мамилелердин бузулуусу болуп саналат. Мындай учурда жарандар тараптан активдүү позиция керек, анткени, эгерде өзүнүн гана эмес, ошондой эле чоочун балдарга да терең ыклас менен мамиле жасалса, анда көптөгөн трагедияларды кыйгап өтсө болот.

Адатта ыйлап жаткан баланы көрүп, биз анын кайгы-муңун байкабаганга аракет кылабыз, себеби ата-энелер өздөрү иштин жагдайын өздөрү теришитирип алат деп ойлойбуз. Бирок, көпчүлүк учурларда балдардын кырсыктоосуна ата-энелер өздөрү күнөөлүү, анткени балдарга карата зомбулук узак жылдар бою эч бир жазасын албай улантылып келет.

Мындан тышкары, *жетим балдардын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзам боюнча,* 157(149) текшерүү жүргүзүлүп, алар боюнча 14 (4) каршылык, 122 (116) көрсөтмө, 49 (47) жазма буйрук, 4 (10) эскертүү берилген, 12 (14) тартиптик жана административдик иштер козголгон. Прокурордук чара көрүү актылары боюнча тартип жоопкерчилигине 184 (169) адам тартылган. Жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо иретинде сотко 11 (9) доо арызы берилген.

*Үй-бүлөнү, энеликти, аталыкты жана балалыкты коргоо жөнүндө* мыйзамдарды аткаруу жаатында 397 (329) текшерүү жүргүзүлүп, прокурордук чара көрүү актылары боюнча 467 (292) адам тартип жоопкерчилигне тартылган, 24 (15) жазык иши козголгон. Жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо иретинде сотко 72 (45) доо арызы берилген[57].

О.П. Копылова прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатындагы ишинин укуктук негиздери дайыма мамлекет алдында курч бойдон тура берет деп ырастайт. Мунун актуалдуулугун прокурор жашы жете электердин кызыкчылыгын алып чыгууга жана бардык кыйынчылыктардан корголбогон абалды эске алууга тийиштиги тууралуу факт да белгилеп турат. Ошол эле учурда, ушул эле жашы жете электер өз иш-аракеттеринин жорук катары да, кылмыш катары да мыйзам

жоопкерчилигине кабыларын түшүнүп же түшүнбөстөн мыйзамга каршы жосундарды жасашы мүмкүн экендигин унутпоого тийишпиз [58].

*Жашы жете электердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө* мыйзамдардын сакталуусуна көзөмөл маселеси айрыкча актуалдуу бойдон кала берди, анткени бул жаатта 276 (248) текшерүү жүргүзүлгөн. Эки ортодо, 2018-2019-жылдарда 1081 жашы жете элек бала тарабынан 878 (812) кылмыш жасалган. Алардын ичинде: киши өлтүрүүлөр – 14 (2), ден соолукка атайылап зыян келтирүү – 16 (28), уурулук – 517 (549), тоноочулук – 88 (45), каракчылык 16 (17) жана башка кылмыштар бар.

Мындан тышкары, жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын саны 30%га же 842ден 1 101ге чейин өсүп кеткен. Алардын ичинен: киши өлтүрүү – 11 (9), ден соолукка атайылап зыян келтирүү – 13 (7), зордуктоо – 47 (44), каракчылык - 22 (15). Жашы жете электерге карата сексуалдык мүнөздөгү 153 (110) кылмыш жасалган жана бул өткөн отчеттук мезгилге салыштырмалуу 39%га көптүк кылат [57].

Көзөмөлдүк иште прокуратура органдары тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кыйын жашоо шартта турушкан балдарды өз убагында аныктоосуна жана балдарга карата укук бузуулардын жана кылмыштардын алдын алуусуна өзгөчө көңүл бурулган. Ушуну менен бирге, прокуратура органдары ыйгарым укуктуу мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын кайталоого мажбур болушкан, анткени кийинкилер өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди жана балдардын укуктарын коргоого багытталган, тезинен кийлигишүүнү талап кылган учурларда кечиктирилгис чараларды көрүп, анын ичинде, сотторго ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө, спирт ичимдиктерин көп ичишкен ата-энелерден балдарды бөлүп алуу жөнүндө ж.б. доо арыздарын киргизүү жолу менен аткарылуучу милдеттерди аткара албай калышкан.

***Бул главада баяндалгандарды жалпылап, төмөнкүдөй корутундуларды беребиз:***

**1.** Ошентип, изилдөө көрсөткөндөй, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратуранын ролун өнүктүрүү процесси узак жол басып өттү. Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын жашы жете электердин кызыкчылыктарын коргогон мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча ишмердиги - жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл – прокуратуранын көзөмөлдүк ишинин өз алдынча, спецификалык багыты деп айтса да болот, бирок бул, сөз жок, инсандын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына, жазыктык, жарандык сот өндүрүшүндөгү мыйзамдардын аткарылышына, эркиндиги чектелген жайларда мыйзамдардын сакталышына ж.б. болгон көзөмөлдүн бир бөлүгү экендигин белгилеп коюу керек.

Балдардын укуктарын коргоо прокуратура, ички иштер органдары жана камкорчу жана көзөмөлчү органдар ж.б. тарабынан жүзөгө ашырылат.

Прокуратура балдардын укугун коргоп жатканда төмөнкүдөй ыкмаларды пайдаланат: ата-энелик укуктардан ажыратуу, ата-энелик укуктарын чектөө жөнүндө, баланы асырап алууну жокко чыгаруу тууралуу доо арыз берет; сотко, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органына баланын бузулган укуктарын калыбына келтирүү жөнүндө арыз берет; баланын укуктарын коргоо жөнүндө иштерди соттун кароосуна жеке өзү катышат; мындан ары баланын укуктарын бузуунун жол берилгистиги жөнүндө эскертүү киргизет жана мыйзам бузууларды жоюу тууралуу көрсөтмө берет; балдардын укуктарын коргоого түз тиешеси бар башка административдик органдардын актыларына каршылык билдирет.

**2.** Бул параграфта биз Кыргыз Республикасынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын негиздери сыяктуу өзгөчөлүктөрдү ачып бердик.

Мамлекеттик саясат – бул эң оболу балдар менен иштеген мамлекеттик органдар жана мекемелер системасынын ишмердиги жана ал иш жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын натыйжалуу жана жалпы

коргоп, сактоо, алардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл социалдык шарттарды түзүү менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз Республикасынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын тарыхы болжол менен 1992-жылы, Баланын укуктарын коргоо боюнча БУУнун Комитети өз тынчсызданнуусун билдирген учурдан башталат. Ал эми Кыргызстан өз кезегинде, 1992-жылы универсалдуу эл аралык-укуктук ченемдерди камтыган Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялаап, ушул аркылуу жашы жете электердин укуктарын камсыздоо жаатындагы, ушул күнгө чейин негизги адам укуктарын кепилдеген мамлекеттик саясатты колдоого алган.

**3.** Прокуратура органдарынын ишмердигинин укуктук негизин КР Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик укуктук актылар, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун (мындан ары – Башкы прокурор) укуктук актылары түзөт. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, прокуратурага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган иш-милдеттерин аткаруу жүктөлүшү мүмкүн эмес. Ушул эле мыйзамдын 22-беренеси жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын камсыздоодогу прокуратуранын ыйгарым укуктарын ырастап турат.

Ушуга байланыштуу, жарандардын укуктары менен эркиндигин, анын ичинде, жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу жаатында мыйзамдуулукту камсыздоого багытталган прокуратура органдарынын ишмердиги өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул мыйзамдуулукту камсыздоо жана инсандын укуктары менен эркиндигинин артыкчылыгын, жарандык коомдун кызыкчылыктарын жарыя кылган кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн механизминде бүгүн прокуратура ойногон реалдуу ролдун шайкеш чагылышы болуп саналат

# 2-ГЛАВА. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук негиздери

## 2.1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруу

Прокуратура мамлекеттик механизмдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ага мамлекетте мыйзамдардын аткарылышына жогорку көзөмөлдү жүргүзүү үчүн белгилүү бир көлөмдөгү бийлик берилген.

Кыргызстан коомдук мамилелердин бардык чөйрөлөрүн козгогон өтө маанилүү өзгөртүүлөрдүн мезгилине кирди. Өлкөнүн экономикалык, социалдык, маданий жана саясий жашоосундагы чоң өзгөрүүлөр бийликтин аткаруу бутагына жана анын органдарынын ишине да таасир этип жаткандыктан, аткаруу-тескөөчүлүк жана башкаруу иштеринин тең салмактуулугун жана динамикасын өркүндөтүү талап кылынат.[ !]Социалдык-саясий көйгөйлөр, укуктук нигилизм курчуган кырдаалда өлкө укуктук чөйрөдөгү олуттуу кыйынчылыктарга жана чыгымдарга, мыйзам чыгаруу ишиндеги өксүктөргө, мыйзамдуулук менен укук тартибин бекемдөөнүн көшөргөн зарылчылыгына туш болду. Мыйзамдуулуктун азыркы деңгээли өтө төмөн, канааттандырарлык эмес деп бааланды.

Кыргызстанда укуктук мамлекеттин турукташуусу, мыйзамдуулук принциптерин өтө катуу сактоо, жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндигин ырааттуу камсыздоо, алардын кепилдикке алынуусу, мамлекеттик бийлик менен инсандын ортосундагы өз ара жоопкерчилик биринчи даражадагы маселелерге таандык деп эсептейбиз. Мындай шарттарда прокуратуранын борбордоштурулган системасы мамлекеттик башкаруудагы мыйзамдуулукту бекемдөөгө өбөлгө түзүп, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүнө жана биримдигине көмөк көрсөтөт.

Түзүлгөн кырдаал прокуратура органдарынын иш системасынын сапатына өзгөчө бийик талаптарды коюуда. Бир жагынан, колдонуудагы

мыйзамдардын сакталышын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча иш милдеттерин келтирилген шарттарда аткаруу өзгөчө татаал. Экинчи жагынан, аталган тенденциялардан улам, прокуратура органдарынын ишин регламенттештирүүчү укуктук жазма буйруктардагы илимий коомчулук тарабынан аныкталган ченемдик мүчүлүштүктөр мыйзам чыгаруучу тарабынан оңдолуп, түзөлүшү мүмкүн жана бул өз кезегинде прокуратура органдарынын ишинде уюштуруучулук өзгөртүүлөргө алып келиши мүмкүн. Прокуратура органдарынын ишиндеги уюштуруучулук моделди талдоого киришип жатып, КР Конституциясы прокуратура органдарынын түзүмүн түздөн-түз жөнгө салуучу укуктук ченемдерди камтыбай тургандыгын белгилеп коюу керек. Ушундай жол менен Негизги мыйзамда прокуратура органдарынын системасынын ыйгарым укуктары жөнгө салынып, алардын иш-милдеттери берилет. Ошол эле учурда мамлекеттик бийлик органдарынын талданып жаткан системасынын концептуалдуу башталыштары конституциялык деңгээлде жөнгө салынган эмес.

Акыркы түзөтүү Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Мыйзамы менен толукталгандыгы буга мисал боло алат. Прокуратура органдарынын иш-милдеттеринин принцибинин олуттуулугу, прокурорлор өз милдеттерин аткарууда мыйзамдарды так сактоого, жазуу жүзүндөгү буйруктарды жана мыйзам алдындагы актыларды талаптагыдай аткарууга милдеттүү экендигинде. Бул принцип прокуратура органдарынын бардык ишин-аракеттеринде чагылдырылгандыктан жана башка бардык маанилик башталыштарга таасир эткендиктен, өзүнчө бир мазмундук негиз болуп саналат.[!]

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы өз квалификациясынын чегинде, көзөмөлдөө ишин уюштурууда жашы жете электердин укуктарын коргоого, алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана коопсуздугун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурат. Мындай мамиле, 1989-жылдагы Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда, [9] башка жалпы таанылган эл аралык

укуктук актыларда, КР Конституциясында жана башка тармактык мыйзамдарда аныкталган.

Балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, биринчи кезекте, укук бузууларды мыйзамдуулукту бекемдөөгө жана күн сайын, максаттуу көзөмөлдүн зарылчылыгына багытталган реалдуу жоюу менен түшүндүрүлөт.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын натыйжалуу көзөмөлдөй алуу үчүн прокуратура органдарынын иш-аракеттерин дайындуу жана пландуу уюштуруп, прокурордун ыйгарым укуктарын толук колдоно алуу керек.[!]

Айтылган жүйөлөрдүн негизинде, бул багытта иш алып барып жаткан прокуратура кызматкерлери жашы жетпегендердин укуктары менен эркиндиктерин жөнгө салуучу бардык ченемдик укуктук актыларды стабилдүү түрдө карап, аларга талдоо жасап туруулары зарыл деп эсептейбиз. Ал тургай, мыйзам жана мыйзам актыларын билип, талдап гана тим болбостон, бул багыттагы иш-аракеттерди системалаштырууга да активдүү катышуусу керек.[!]

Аны менен бирге, "Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы укук коргоо иш-чараларына катышууда ушул Мыйзамды жетекчиликке алышы керек. [4].

Прокурордук көзөмөлдүн аркасында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжаларын, жашы жете электерге карата мыйзам бузуулар боюнча прокуратура же башка укук коргоо органдарына келип түшкөн арыздар менен даттануулардын кандай чечилгендиги тууралуу маалыматтарды, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет мейкиндиктеринин кабарларын талдоого алып туруулары кажет.[!]

Ошондой эле, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жаатында бардык органдар менен тыгыз кызматташуу, аны менен катар

учурдагы көйгөйлөрдү чечүү жана натыйжалуу көзөмөлдөө үчүн алардын ишин координациялоо зарыл.

Прокуратурага кылмыш иштери боюнча маалыматтар жана жашы жете электер тарабынан жасалган кылмыштар боюнча материалдар үзгүлтүксүз келип турууга тийиш. Алар мыйзам бузуулар кайда жасалгандыгы, кылмыштын динамикасы, анын мүнөзү, себептери жана шарттары, ошондой эле жашы жете электердин укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктардын бузулушуна алып келген себептер жана жагдайлар жөнүндө ачык-айкын, даана түшүнүк алууга милдеттүү. Бул иштин абалын анык, даана билүүгө жана алдын алуучу чараларды көрүүгө мүмкүндүк берет.

Бекитилген аймакта жашаган жашы жете электер жөнүндө социалдык-демографиялык өзгөрүүлөр (жашы, билими, кесиби жана башкалар) боюнча маалыматтарды топтогон, ошондой эле компетенттүү аткаруу бийлиги жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, укук коргоо органдары, ошондой эле жашы жете электер менен иштөө менен байланышкан. уюмдардын жана мекемелердин ишин талдоо кеңири тараган мыйзам бузууларды аныктоого, укук колдонуу практикасындагы терс тенденцияларды аныктоого жана укук бузуунун оордугуна ылайык контролдун пландуу иш-аракеттерин аныктоого шарт түзөт. [59].

Прокуратуранын иш-милдеттерин уюштуруу төмөнкүлөрдөн турат:

-прокуратура кызматкерлеринин милдеттерин рационалдуу бөлүштүрүү жана жашы жете электердин укуктарынын корголушуна көзөмөл жүргүзүү ишин дайындоо;

- берилген укуктун тармагы боюнча мыйзамдуулук шарттарын анализдөө жана прокурордун отчетторундагы сандык өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү;

- жашы жете электердин укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын контролдоонун божомолун аныктоо;

- тапшырмалардын, текшерүүлөрдүн, чечимдердин, прокуратуранын актыларынын аткарылышын көзөмөлдөө;

- ченемдик укуктук актыларды системага келтирүү ишин түзүү ж.б.[!]

Иш-чаралардын жогоруда аталган тизмеги биротолку болуп саналбайт, ал прокуратура органдарынын жаңы иш багыттарына ылайык өркүндөтүлүп турат.

Ошентип, прокурорлор көзөмөл жүргүзүүдө, эң оболу, балдардын укуктарын бардык жашоо чөйрөлөрүндө камсыздоо принцибин утурлоо керек – бул бүтүндөй коомдун милдети. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо ишин уюштуруу төмөнкүдөй багыттарга ажыратылат:

- билим берүү багытындагы мыйзамдардын сакталышына прокурордук көзөмөл жүргүзүү;
- жашы жете электерди жумушка орноштуруу, эмгек жана эмгекти коргоо жаатындагы ченемдик укуктук актылардын аткарылышына прокурордук көзөмөл;
- жашы жете электердин өмүрүн жана ден-соолугун коргоо жаатындагы мыйзам актыларынын сакталышына прокурордук контрол кылуу;
- жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугунан ажыратылган жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону прокурордук көзөмөлдөө; [!]

***Жашы жетпегендердин билимге болгон укугу жөнүндө ченемдик укуктук актыларды жүзөгө ашырууну прокурордук көзөмөлдөө***

Баарыбызга белгилүү болгондой, КР Конституциясына ылайык, негизги укуктар менен эркиндиктер ажыратылгыс болуп саналат жана ар бир адамга туулгандан таандык, мындай укуктарга негизги жалпы жана орто жалпы билимди алуу мамлекеттик билим берүү уюмдарында жалпы жеткиликтүү, бекер болуусуна укук да кирет.

Жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоонун, көзөмөлсүздүктүн жана укук бузуулардын алдын алуунун олуттуу

каражаттарынын бири – билим берүү уюмдарында билим берүү жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл болуп саналат.

Билим берүү жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук текшерүү жүргүзүү билим берүү иштерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоодон жана аны уюштуруу тартибинен башталууга тийиш.

Уюмдун же мекеменин билим берүү ишин уюштуруунун эрежелерин так сактагандыгын текшерүүгө алардан мурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын структуралык бөлүктөрү тууралуу жоболорду талдап карап чыгуу зарыл болуп саналат.[!]

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, анын түзүмдүк бөлүктөрү [60] өз жаатындагы негизги иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн билим берүүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүн жана сапатын, өлкөнүн жарандарынын билимге болгон мыйзамдуу укугунун сакталышына мамлекеттин атынан контролдоо функциясын аткарат.

Натыйжада, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган өз статусуна жараша окуучулардын укуктары менен кызыкчылыктары ар тараптуу, ар дайым сакталышын камсыздоо боюнча негизги ишти аткарууга милдеттүү. Ошентсе да, билим берүү жаатындагы органдар өз мыйзамдуу ыйгарым укуктарын дайыма эле талаптагыдай деңгээлде ишке ашыра бербейт.

Ушуга байланыштуу, текшерүү жүргүзгөндө прокурорлор төмөнкүлөргө көңүл буруусу зарыл:

- контролдук ишти жүргүзүүнүн буйруктары, жоболору, нускамалары, регламенттери;
- алар инсандын укуктары менен эркиндиги сакталгандыгы тууралуу толук маалыматка ээби, күнөөлүү жак дайыма аныкталып, жоопко тартылабы, жасалган иштин анча олуттуу эместигине байланыштуу күнөөлүү жактарды жоопкерчиликтен бошоткон фактылар болду беле;
- алардын мыйзам бузууларды аныктоо жана бөгөт коюу, күнөөлүүлөрдү мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартуу, келтирилген зыяндын ордун

толтуруу жана алдыда мындай мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча милдеттерди толук кандуу аткаруусу;

- текшерүүлөр канчалык көп жүргүзүлүүдө, бул үчүн эмне негиз болуп саналат, алардын жыйынтыгы жана натыйжалуулугу.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренесин карасак [21],, билим берүү уюмдарынын төмөндөгүдөй типтерин белгилөөгө болот:

1) мектепке чейинки билим берүү уюмдары;

2) жалпы билим берүү уюмдары;

3) мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары;

4) атайын билим берүү уюмдары;

5) балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү уюмдары;

6) башталгыч, орто, жогорку жана жождон кийинки кесиптик билим берүү уюмдары;

7) кошумча кесиптик билим берүү уюмдары.[!]

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында билим берүү мекемесин уюштуруунун жана анын ишин жөнгө салуунун тартиби каралган, ага ылайык, билим берүүчү уюм юридикалык жак болуу менен, негизги ченемдик акт болуп саналган, билим берүү процессинин катышуучуларынын, биринчи кезекте, окуучулардын укуктук статусун регламенттештирген уставы болууга тийиш.

Конкреттүү мекемени текшерүүгө киришип жатып, эң оболу, уставдын жогоруда аталган Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугун аныктоо зарыл, ченемдерди белгилөөчү баалуулуктарды жана билим берүү процессинде калыптанган укуктук мамилелерди аныктоо үчүн уставда ушул Мыйзамдын 10-беренесинин жоболору ишке ашырылганбы.

Билим берүү мекемесинин уставын жана жеке актыларын, өз алдынча башкаруу органдарынын чогулуштарынын протоколдорун анализдөө жолу менен органдардын билим берүү мекемесин башкаруу боюнча иш жүзүндөгү ыйгарым укуктарына жана мыйзамдуу чечимдерди кабыл алышарына баа

берүү, сабактардын жүгүртмөсүн, окууга кабыл алуу жана окууну бүтүргөндүгү жөнүндө документтерди, буйруктарды, келишимидерди ж.б. изилдеп чыгуу керек.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (мындан ары - МББУ) билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышын текшерүүдөн мурун, билим берүү министрлигинин жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрү, прокуратура тарабынан мектепке чейинки билим берүүнүн калкка жеткиликтүүлүгү жана акысыздыгы боюнча конституциялык эрежелердин сакталбай жаткандыгы туурасындагы даттануулардарды жана арыздар кылдат иликтенет. [!] Ушуну менен бирге, МББУну биринчи кезекте комплектилөө тартибинин бузулгандыгына байланыштуу даттанууларга көңүл буруу зарыл.

Прокурорго текшерүүнү билим берүү органынын аймактык органдарынан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын саны, алардын толукталышы тууралуу маалыматтарды суратуудан баштоо сунушталат, андан кийин жоюлган же кайра уюштурулган МББУлардын саны, максатсыз пайдаланылган, ижарага берилген орун-жайлар аныкталат.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун ишине вдеомстволук контролдун абалы бааланууга тийиш [61].

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун ишин жөнгө салган мыйзамдарда жетекчи МББУнун атынан мектепке чейинки билим берүү уюмунун жана ар бир баланын ата-энесинин ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салуучу келишимди түзө тургандыгы караштырылган.

Ушуга байланыштуу, келишимдерди изилдеп чыгуу, алардын мыйзамдарга ылайыктуулугун текшерүү, аларда ата-энелердин укуктарын басмырлаган, милдеттүү түрдөгү “демөөрчүлүк” же “кайрымдуулук” жардам тууралуу пункттардын бары-жогун аныктоо зарыл.

Анан, албетте, текшерүү учурунда төмөнкүлөргө көңүл буруу керектигин эске алуу ылайык (надо учывать):

- ата-энелерден ыктыярдуу төлөмдөрдү кабыл алууну, алардын пайдаланылышын жол-жоболоштурууну, кайрымдуулук көрсөткөндөргө отчет берилерин;

- балдарды МББУда асырагандыгы үчүн ата-энелерден алынуучу ар айлык төлөмдүн мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгүн;

- ата-энелердин ай сайын МББУнун муктаждыктарына акча каражаттарын төлөсүнүн, карыздары бар болсо балдарды чыгарып салуунун жол берилгистигин;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында көрсөтүлүүчү билим берүүгө кызмат көрсөтүүлөргө акча жыйноо шартын киргизген фактылар кездешкендигин. Аны менен катар, акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын мыйзамдуулугун, ал кызматтардын альтернативасыз бириктирүү орун албагандыгын, өз каалоосу принциби бузулбагандыгына;[!]

- акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир конкреттүү түрү боюнча уруксат кагазынын бар экендигин, мекеменин же уюмдун уставында каралбаган акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү үчүн уюштурган тараптын макулдугу бар экендигин;[!]

- топторду тарбияланууучулар менен толтуруу боюнча мыйзамдарда белгиленген норматив сакталуудабы ж.б..

Ошондой эле, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү мекемелеринин ишин текшерүүдө, жалпы билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана акы төлөнбөстүгү мамлекет тарабынан кепилдене тургандыгына олуттуу маани берүү зарыл.[!]

Көптөгөн практиктер эсептегендей, билим берүү мекемелерине текшерүү жүргүзгөндө, эң алгач анын уставын жана ички актыларын суратып алып таанышуу, алардын билим берүү жөнүндө мыйзамдарга ылайыктуулугун аныктоо зарыл. Мамлекеттик билим берүү уюмдарына балдарды кабыл алуу же чыгаруу эрежелеринин мыйзамдуулугун, ошондой эле мектептерге, гимназияларга, кесиптик лицейлерге жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу чектерин талдоо зарыл. [!]

Диний билим берүү чөйрөсүндө окуп жаткан балдардын да жалпы билим берүү багыты боюнча маселелерине дыкат көңүл буруу талап кылынат, себеби мындай мекемелерде басымдуу учурларда жалпы билим берүү программалары толук камтылбай келет.

Жашы жете электерге билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу багытында, билим берүү уюмдары балдарын окутуу жана тарбиялоо жаатындагы милдеттенмелерин аткарбаганы үчүн ата-энелерди сот жообуна тартуу маселесин балдар иштери боюнча комиссиянын же соттун алдына койгонун тастыктоо керек.

Кыргыз Республикасынын “Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин талаптары боюнча [38], билим берүү мекемелеринде тамак-аш уюштуруу үчүн жоопкерчилик билим берүү уюмдарына жүктөлгөндүгүн эске алып, калктын санитардык-эпидемиологиялык жактан бакубаттуулугун камсыздоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, тамак-ашка пайдаланылуучу азык-түлүктүн сапатына жана коопсуздугуна өтө терең көңүл буруу керек.

Белгилей кетсек, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү мекемелеринин имараттарын жана материалдык-техникалык базасын ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөлүнөөрү Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзам актыларында аныкталган.

Түзүлгөн келишимдердин мыйзам талаптарына жооп берерин текшерүү зарылчылыгы да келип чыгат, мындайда төмөнкү жагдайларга көңүл буруу керек:

- ижара келишимдерин мүлк башкаруучу тиешелүү орган аркылуу жол-жоболоштуруунун милдеттүүлүгүн;
- реестрлер органына саат боюнча ижараны караштырган келишимдердин берилишин, республикалык бюджетке ижара акысынын

пайыздык чегерүүлөрүнүн котрулгандыгын жана келишим боюнча коммуналдык төлөмдөр аныкталгандыгын.

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү мекемелерин текшерүүдө көз карандысыз адистиктерге уруксат кагазы бар экендигин аныктоо зарыл. Кыргыз Республикасынын "Баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын [32] 1-беренеси боюнча, кесиптик башталгыч билим - бул коомдо талап кылган эмгектин түрлөрү боюнча жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү базасында адистерди (жумушчуларды, кызматчыларды) даярдоо,квалификациясын жогорулатуу, жана кайра даярдоо болуп эсептелет. Зарыл учурларда негизги орто билими жок адамдарга кесип алуу үчүн шарттар түзүлөт.

Орто кесиптик билим берүү мекемелерине кабыл алуу негизги жалпы же орто жалпы билимдүү адамдын арызынын негизинде, кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча  конкурстук негизде жүргүзүлөт. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка шарттар жазылбаган болсо, конкурс өткөрүүнүн тартиби кесиптик орто билим берүүнүн тиешелүү негизги кесиптик окуу программаларын өздөштүрүүгө эң жөндөмдүү жана даяр адамдарды кабыл алууну камсыздоого тийиш.

Ушуга байланыштуу, билим берүү мекемесинин лицензиясы жок кесиптерге окутууга кабыл алууларга жол бербөө максатында, текшерүүнүн жүрүшүндө окуучулардын контингентине жана окуу программасына көңүл буруу зарыл.

«Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-статьясына ылайык, мамлекет кесиптик башталгыч билим берүүнү кесиптик башталгыч билим берүүчү мамлекеттик мекемелерде окуп жаткандарга мамлекеттик стипендияларды, жатаканаларда орундарды, жөлөкпулдарды жана жеңилдиктерди берүү, анын ичинде тамактанууга жана транспортто жүрүүгө, акысыз медициналык тейлөөгө жеңилдиктерди берүү аркылуу колдоого алат.

Ушуга байланыштуу, текшерүү учурунда стипендиялардын төлөнүшү боюнча карыз бар экендигин текшерүү, жетекчилердин стипендияларды азайтуу, окуучунун кезектеги жетишпегендиктери, сабактарды калтыргандыгы үчүн стипендиядан ажыратуусу, акча каражаттарын мажбурлоо жолу менен кармап калуу жөнүндө буйруктарын, ошондой эле кесиптик билим берүүнүн окуу программасында жана окуу планында каралбаган иштерге жолдомо берүү, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизиндеги кызматтарга, аны менен катар маалым каттар, студенттик күбөлүктөр, сынак китепчелери, дипломдор менен ага тиркемелерине, сынактар жана зачетторду кайра тапшыруу, китепкананын кызматтарын пайдалануу ж.б. үчүн каражат жыйноо жагдайлары дыкат иликтөөгө алынышы зарыл.[!]

***Жашы жете электерди ишке орноштуруу, эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл***

Кыргыз Республикасынын Конституциясында баланын эмгегин эксплуатациялоого тыюу салынат.

Эмгек мыйзамдарына ылайык, эмгек мамилелерин жана алар менен түздөн-түз байланышкан мамилелерди жөнгө салуунун негизги принциптери болуп эмгек чөйрөсүндө жана баланын эмгек чөйрөсүндө эң жаман формаларда басмырлоого тыюу салуу, коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген шарттарда эмгекке болгон укукту камсыздоо, эмгек келишимине ылайык, аткарган иши үчүн мыйзамда белгиленген эмгек акынын минималдуу өлчөмүнөн төмөн эмес сыйакы алуу укугун камсыздоо таанылат.

Кыргызстан ратификациялаган Балдарды иштетүүнүн эң жаман формаларына тыюу салуу жана түп тамырынан жоюу боюнча шашылыш чаралар жөнүндө конвенция [62], өзүнүн мүнөзү же аткаруу шарттары боюнча балдардын ден соолугуна, коопсуздугуна же адеп-ахлагына зыян келтире турган балдардын кулчулугу, ишке мажбурлап тартуу, балдарды сатуу жана аларды соодалоо, балдар арасындагы сойкулук жана

порнографиялык продукциялардын өндүрүшү үчүн, кооптуу жана эксплуатациялык мүнөздөгү ар кандай иштердин түрлөрүнө пайдалануу сыяктуу көрүнүштөрдү жок кылууга багытталган.

Калыптанып калган практикада, жашы жете электер менен эмгек боюнча укук мамилелери жаатындагы мыйзам бузууларга жеке менчик уюмдар, ошондой эле жеке ишкерлер тарабынан жол берилет.

Мыйзамдардын так сакталышын камсыз кылуу максатында прокуратура органдары ыйгарым укуктарына ылайык, тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган аткаруу бийлигинин органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдарын контролдоону жүзөгө ашырат. [!]

Ушундан улам, прокуратура жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо тийиштүү ыйгарым укуктарын толук кандуу пайдалана албай жаткандыгын байкоого болот. [!]

Ушуну менен бирге, эмгек чөйрөсүндө балдардын укуктарын прокурордук коргоонун механизми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ыйгарым укуктуу министрликтер менен ведомстволордун иштерин координациялоо болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, балдар иштери боюнча комиссия, билим берүү, [!] социалдык коргоо жана ички иштер органдары, контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик орган экологиялык жана техникалык коопсуздук үчүн прокуратура тарабынан текшерүүлөрдөн өтүүгө тийиш.

Текшерүү жүргүзөрдүн алдында акыркы жылдардагы төмөнкүдөй статистикалык маалыматтарды талдып чыгуу керек:

- райондогу өспүрүмдөр кылмыштуулугу, окуу же жумуш менен алектенбеген жана кылмыш жасаган өспүрүмдөрдүн санынын көбөйүүсү жөнүндө;

- ИИБдин бөлүмдөрүндө каттоодо турган балдардын иштери боюнча;

- билим берүү уюмдарынан чыгып кеткендер;

- ишке орношууга муктаж, каттоодо турган, ишке орношууга көмөктөшүү маселелери боюнча социалдык кызматтарга кайрылган өспүрүмдөр жана иштеген балдар.

Прокуратурага келип түшкөн өспүрүмдөрдү мыйзамсыз иштен бошотуулар жөнүндө, жумушка кабыл алуудан баш тартуулар жөнүндө даттанууларды, калктын иш менен камсыздоо жөнүндө мыйзам талаптары бузулгандыгы боюнча башка даттанууларды талдап чыгуу керек.

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин ишмердигин жөнгө салуучу мыйзамдарга ылайык, министрликтин негизги функцияларынын жана милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) эмгек чөйрөлөрүндөгү, ага кошуп эмгекти коргоо маселелериндеги мамлекеттик саясатты өркүндөтүү;

2) иш менен камсыздоого көмөктөшүү, экономика чөйрөсүндөгү эмгек мамилелерин жана жумушчуларга эмгек акы төлөө системасын өнүктүрүү;

3) калктын иш менен камсыздалуусун жогорулатууга көмөктөшүү;

4) жумушсуз жарандарды социалдык жактан колдоо ченемдерин өркүндөтүү, эмгек чөйрөлөрү, ага кошуп эмгекти коргоо маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу;

5) эмгек ресурстарына болгон муктаждыктардын болжомун иштеп чыгуу;

6) эмгек мамилелери чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

7) эмгек акы чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Кызматкерлердин эмгек укуктарынын, эмгекти коргоо талаптарынын корголушун көзөмөлдөө иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын ыйгарым укуктарына карайт. [!]

***Жашы жете электердин өмүрүн жана саламаттыгын коргоо тууралуу мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл***

Изилдөөчү А.В. Марковичева Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга таянуу менен, ага катышкан мамлекеттер баланын бакубат жашоосун жана дени сак өнүгүүсүн максималдуу мүмкүн болгон даражада камсыз кылып жаткандыгын билдирет [63]. Анда ошондой эле Конвенцияга катышкан мамлекеттердин жетилбей калган балдардын медициналык тейлөөгө, ден соолугун жана башка укуктарын калыптандырууга болгон укуктарын таануусу жөнүндө, мындай балдарга, мүмкүнчүлүккө жараша, бекер, ата-энелеринин жана балага камкордук көрүп жатышкан башка адамдардын финансылык каражаттарын эске алуу менен жардам берүү жөнүндө айтылат. Катышуучу мамлекеттер баланын саламаттык сактоо системасынын эң өркүндөгөн кызматтарын, ооруларды дарылоо жана ден соолукту калыптандыруу каражаттарын пайдаланууга болгон укуктарын тааныйт жана бир да бала саламаттык сактоо системасынын мындай кызматтарын алууга болгон өз укуктарын камсыздоого умтулушуп, бул укуктун толук ишке ашуусуна аракет жасашуда, ошондой эле “балдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизген салттуу практиканы жоюу максатында бардык натыйжалуу жана зарыл чараларды көрүүдө.

Жарандардын саламаттыгын сактоонун негиздери тууралуу улуттук мыйзамдар, үй-бүлөлүк жана социалдык жашоо шартына карабастан балдарды коргоо артыкчылыгын белгилешет, ошондой эле саламаттык сактоочу мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде балдарга бекер медициналык жардам көрсөтүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү аркылуу ал мыйзамдарда балдардын салматтыгын сактоого болгон укуктары бекитилген. Бекер жардамда оорунун алдын алуу, медициналык диагностика, дарылоо-ден соолукту чыңдоо иш-аракеттери, анын ичинде, майып балдарга жана өнөкөт оорулардан жапа чеккен балдарга диспансердик байкоо жүргүзүү, медициналык реабилитация жана санаториялык – курорттук дарылоо каралган. Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү органдар

аларга берилген ыйгарым укуктарынын чегинде жашы жете электердин эс алууга жана ден-соолугун чыңдоого болгон укуктарын ишке ашырууга, ошондой эле бул багытта иш алып барган уюмдарды колдоо жана өнүктүрүү багытындагы иш-чараларды уюштурууга милдеттүү. [64].

Берилген тармакта көзөмөл иштерин жүргүзүүдө прокурорлор Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө мыйзамын, башка мыйзамдар менен мыйзам алдындагы актыларды гана жетекчиликке албастан, Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун 11.01.2012 №2-п "Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө" буйругу сыяктуу локалдык уюштуруу-тескөөчү актыларга ылайык иш алып баруулары зарыл [65].

Аталган буйруктун 3.4. пункту прокурорлорго жашы жете электердин ден соолугун жана өмүрүн коргоо тууралуу мыйзамдардын аткарылышына системалуу түрдө текшерүү жүргүзүүнү тапшырган.

Текшерүү жүргүзүүнү уюштурууда прокурорлорго жете электердин ден соолугун жана өмүрүн коргоо мамлекеттин демографиялык абалынын туруктуулугун сактап калуучу маанилүү факторлордун бири болуп санала тургандыгын эске алуу керек.

Балдардын ооруканаларында жана жашы жете электерге стационардык медициналык жардам көрсөтүүчү башка мекемелерде, төрөт үйлөрүндө төмөнкүлөрдү текшерүү керек:

- жарандардын медициналык жардам көрсөтүү маселеси боюнча кайрылуулары жана арыздары боюнча көрүлгөн чаралардын толуктугун, жашы жете электерге жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө ден солуугунун абалы жөнүндө маалыматты алар үчүн жеткиликтүү формада берилишин;
- медициналык жардамдын өз учурунда көрсөтүлүшүн; балдарды жана аялдарды ооруканага жаткыруудан негизсиз баш тартуулар болгондугун, медициналык жардамдын, анын ичинде, врачтардын өз кесиптик милдеттерин аткарбагандыгына байланыштуу талаптагыдай эмес көрсөтүлүшүн. Мындайда балдардын каза болгон, төрөт үйлөрүндө –

ымыркайлардын көз жумган фактыларына көңүл буруп, өлүмдүн себептерин кызматтык иликтөөлөрдүн материалдарын, бул фактылар боюнча жарандардын даттанууларын, процесстик текшерүүлөрдүн материалдарын изилдеп чыгуу керек;

- жабдуулардын эсеби алынгандыгын жана техникалык тейлөөнүн өз убагында жүргүзүлгөндүгүн;

- мекемеде акы төлөнүүчү медициналык тейлөөлөрдү көрсөтүүдө мыйзамдуулуктун сакталгандыгын.

Жашы жете электердин өмүрүн жана ден-соолугун коргоо чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулардын басымдуу көпчүлүгү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо, билим берүү жаатындагы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер тарабынан жасалгандыгын эске алганда, коррупцияга каршы күрөштү күчөтүү боюнча иш-чараларды карап чыгуу зарыл. [66].

***Жетим балдардын жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдардын уктарынын сакталышына прокурордук көзөмөл***

Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын ченемдерине ылайык, социалдык коргоо объектилери болуп ата-энелеринин камкордугусуз калышкан – 18 жашка чейинки, бирден-бир камкордуктан же бүтүндөй эта-энесинен калышкан балдар саналат. Бул төмөнкүлөргө байланыштуу:

- ата-энесинин жоктугу;
- ата-энелик укуктарынан ажыратылгандыгы;
- алардын ата-энелик укуктары чектелгендиги;
- ата-энеси дайынсыз жок болду деп таанылгандыгы;
- алар аракетке жөндөмсүз деп таанылгандыгы (аракет жөндөмдүүлүгү чектелүү);
- алар дарылануу мекемелеринде жаткандыгы;
- алардын каза болгондугу жарыялангандыгы;

- алар эркинен ажыратуу түрүндөгү жазаларды аткаруучу мекемелерде жазасын өтөп жаткандыгы;
- мыйзамда белгиленген тартипте бала ата-энесинин камкордугусуз калгандыгы таанылган башка учурларда ж.б..

Жетим балдардын укуктарын, энеликти, аталыкты жана балалыкты коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл, эң оболу, балага камкордуктун жоктугу анын эмоционалдык абалынын бузулушуна алып келип, анын саламаттыгына жана өнүгүүсүнө коркунуч жарата тургандыгы, ата-энесин жоготушкан же ата-энеси тирүү туруп жетим калышкан жашы жете элек балдар коомдо коргоосуз калып жаткандыгы менен шартталып, түшүндүрүлүүгө тийиш. Алардын көпчүлүгү өз укуктарын, мисалы, мүлккө болгон укугун колдоно алышпайт, ошондой эле, моралдык жана физикалык зомбулукка ж.б. кабылышы мүмкүн.

Жашы жете электердин коомдогу жагдайына тийиштүү бир кыйла терс көрүнүштөр экономикалык себептер менен катар, аткаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик башка мекемелердин өз ара иш алып баруусундагы шайкеш келбегендиктерден улам да орун алган. Буга, албетте контрол жүргүзүүнүн эффективдүү механизмдеринин жоктугу да себеп боло алат.[!]

Ата-энесинин багуусунан ажыраган жана турмуштук катаал жагдайда жашаган жетим балдардын укуктарынын бузулган учурлары эски мүнөзүндөгүдөй эле көп болууда. Мындай шартта, балдарга карата болуп жаткан аракетсиздикке, же болбосо мамлекеттик органдардын аткарып жаткан иштеринин жетишсиз болуп жаткандыгына карата прокурорлордун мамилеси жогорку талаптуу жана келишкис болууга тийиш.[!]

Талдоого алынып жаткан прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугу түздөн-түз ишти туура уюштурууга көз каранды. Жашы жете электердин укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын ишинин натыйжаларын аныктоо жана баалоо көзөмөлгө алынган аймакта жашы жете

электердин укуктарынын бузулушунун деңгээлин жана динамикасын аныктоого мүмкүндүк берет.

Жашы жетпегендерди камкордукка алуу жана тарбиялоо жаатындагы мыйзамдардын жүзөгө ашырылышын контролдоо азыркы учурда прокуратура органдарынын ишиндеги актуалдуу багыттардын бири болуп саналат жана жетим балдар менен ата-энесинин багуусуз калышкан балдардын укуктарын коргоо прокуратура органдарынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун 11.01.2012-ж. №2-П буйругунун талаптарына ылайык, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл республиканын прокуратура органдарынын артыкчылык берилген милдеттеринин бири болуп саналат [67].

Ушуну менен бирге, балдарды багуучуларга, асырап алган ата-энелерге, ошондой эле турмуштук кыйын кырдаалга кабылышкан үй-бүлөлөргө балдарды багуу үчүн бөлүнгөн акча каражаттарынын өлчөмдөрүн жана төлөө мөөнөттөрүн белгилөө маселелери боюнча ченемдик актыларды, социалдык кооптуу абалда же башка оор турмуштук кырдаалда калышкан жашы жете элек балдарга бекер социалдык кызматтар көрсөтүлүп жаткандыгын изилдеп чыгуу да зарыл. Мындайда өкүлдөрдүн баланын муктаждыктарына берилген акча каражаттарын канчалык негиздүү пайдаланып жатышкандыктарына көңүл буруу ылайык.

Социалдык реабилитацияга муктаж жашы жете электер үчүн адистештирилген мекемелердин, жашы жете электерге жана алардын үй-бүлөлөрүнө социалдык кызматтарды берип жатышкан башка мекеме, кызматтардын кызматкерлеринин иштерин контролдоо, ошондой эле багуу мекемесинен баланын келген себептерин жана ал кандай багылып жаткандыгын, мекеменин администрациясы баланын мындан кийинки тагдыры тууралуу кабардар экендигин, бала үй-бүлөсүнө кайтарылып берилген учурдагы үй-бүлөнүн абалын билер-билбестигин, балдар камкорчу

органдарды айланып өтүп жайгаштырылып жаткан, жарандарга же болбосо чет мамлекеттик органдарга жана уюмдарга балдар тууралуу маалыматтар түздөн-түз берилип жаткан учурлар орун алган-албагандыгын так текшерүүсү керек.

Билим берүү мекемелеринин ишин текшерүүнүн жүрүшүндө мекемелердин администрациясы тарабынан 29 жетим баланы жана ата-энесинин багуусуз калган билдирды социалдык жактан тейлөөнүн негиздери тууралуу мыйзамдардын талаптары сакталып жаткандыгын, алар кесиптик билим берүү уюмдарына тапшырышканда жеңилдиктер берилип жаткандыгын; "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, мектеп каникулу учурунда бүтүрүүчүлөргө жатакана берүүдөн баш тарткан учурларды аныктоо керек. [68].

## 2.2. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүү тактикасынын жана усулдугунун өзгөчөлүктөрү

Жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук контролдоонун ыамалдарынын же прокурордук ык-амалдардын бөтөнчөлүктөрү тергөө жүргүзүүнүн ык-амалдарына салыштырмалуу дагы деле болсо тийиштүү деңгээлде өнүккөн эмес. Андыктан прокурордук көзөмөлдүн тактикасынын негиздерин илимий жактан иштеп чыгуу жана аларды прокурорлордун иш тажрыйбасына киргизүү прокуратуранын бүтүндөй мыйзам коргоочулук ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

Прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасынын же прокурордук тактиканын маселелери прокурордук көзөмөл теориясында жетишсиз иштелип чыккандыгын, бул белгилүү бир деңгээлде прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугуна тескери таасир тийгизмекчи. Белгилүү болгондой, кайсы болбосун звенодогу прокурордун алдында күн сайын «Чечүү зарыл болгон

көптөгөн маселелердин ичинен кайсынысына артыкчылык берүү керек; бүгүн эмне кылуу керек, ал эми кийинки күндөрүчү; өзүң эмне иш аткарасың, башка прокурор кызматкерлерчи, ал эми контролдоо органдарына жана башка органдарга эмнени аткарууну тапшырасың же алар менен биргелешип аткарасыңбы" деген милдеттер турат.

Көзөмөлдүк жана башка иштерди уюштуруу жана жүзөгө ашыруу процессинде прокурорго өзүнүн алдында турган милдеттерди мыкты деңгээлде ишке ашыруу максатында дайыма колдо бар күчтөрдү жана каражаттарды маневрлештирүүгө туура келет.

Ушуну менен бирге, андан анча көп эмес прокурордук кызматкерлер менен мүмкүн болушунча чоң көлөмдөгү ишти жогорку сапатта аткаргыдай кылып ишти уюштуруу талап кылынат. Прокурор, алдында турган көп иштин арасынан эң маанилүүсүн, тагыраак айтсак жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатындагы прокурордук текшерүүнү биринчи карап, аны чечүү үчүн кызматкерлеринин басымдуу күчүн жумшоого тийиш.[!] Анын өзүнө мыйзам менен берилген ыйгарым укуктарды өтө натыйжалуу пайдалануу, укук каражаттарын келип чыккан ар бир конкреттүү кырдаалга карата билгичтик менен колдонуу тартибин аныктоого туура келет.

Прокурор мезгил-мезгили менен башка пландагы төмөнкүдөй милдеттерди да чечет:

- прокурордук текшерүүнү кантип жакшы жүргүзүш керек, аны эмнеден баштоо ылайык;
- укук бузуулардын бетин толук ачуу, аларга жол берген кырдаалдарды жана тиешеси бар адамдарды аныктоо үчүн текшерүү процесстерин кандай тартипте алып баруу керек экендигин;
- натыйжада жакшы ийгиликтерге жетишүү максатында кандай укуктук механизмдерди пайдалануу керектигин;
- аларды кайсы органдын дарегине берүү ылайыктыгын;
- Прокурордун чара көрүү актыларында кандай суроолорду берүү керектиги ж.б.

- прокурордук чара көрүү актысында[!] кайсы суроолорду коюу керек ж.б.. Башкача айтканда, прокурор ар бир кырдаалга жараша иш-аракеттердин туура тактикасын тандапалганга жөндөмдүү болууга тийиш. Мындай маселелерди чечүү прокурордук көзөмөл тактикасынын же прокурордук тактиканын мазмунун түзөт.

*Тактика* — бул прокурордун прокурордук көзөмөлдү эң мыкты уюштуруу жана жүзөгө ашыруу жолдорун (усулдарын жана ыкмаларын), эң мыкты соңку жыйынтыктарга жетишүү максатында түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен башка ишти аныктоосу жана ишке ашыруусу болуп саналат. “Тактика” термини грек тилинде пайда болуп, эң алгач аскердик багытта колдонулган. Себебеи ал, согуш аракеттерин уюштуруу жана жүргүзүү чеберчилигин же белгиленген аскердик милдетке, максатка жетишүүчү каражаттардын жана ыкмалардын жыйындысын билдирген [69]. Тактика ошол учурдагы конкреттүү кырдаалга эң ылайык келген жана стратегиялык ийгиликти бардыгынан ишенимдүү камсыздаган күрөштүн жолдорун жана каражаттарын, формаларын жана жолдорун аныктайт.

С.Г. Кехлерова прокурордун колдонмо китебинде прокурордун алдында турган милдеттерге жараша соңку жыйынтык мыйзам бузууларды жана аларга шарт түзгөн жагдайларды толук жоюу, кийин укук бузуулардын жалпы санын азайтуу, демек, мыйзамдуулукту бекемдөө менен билдирилиши мүмкүн деп жазган [70].

Тактика прокурордун конкреттүү кырдаалга карата жалпы, бирок жүрүм-турумдун, иштин эң максатка ылайыктуу багытын аныктайт. Бул багыт биротолку, дайымкы болуп саналбайт. Ал мыйзамдуулуктун абалына, прокуратура органдарынын алдына жаңы милдеттердин коюлушуна, иш көлөмүнүн өзгөрүшүнө, штаттык өзгөүүлөргө жана башка көптөгөн факторлорго жараша өзгөрүп турат.

Тактика прокурорлорго усулдардын, ыкмалардын, жолдордун, усулдук жана илимий сунуштамалардын чоң топтомунан эң максатка ылайыктуусун, рационалдуусун, түзүлгөн кырдаалга төп келгенин тандап алууга жардам

берет. Дал ушунусу менен тактика прокуратуранын ишин илимий негизде уюштурууга түрткү берет. Эмгекти илимий негизде уюштуруунун өзү соңунда эң мыкты жыйынтыктарга жетишүү үчүн колдо бар күч менен каражаттарды сарамжал, натыйжалуу пайдаланууну талап кылат.

Жетишилген соңку жыйынтыктарга жараша прокурордун иш тактикасынын туура же туура эмес тандалгандыгына баа берсе болот. Алынган соңку жыйынтыктарга канаатанбоо прокурорду жаңы тактикага кайрылууга мажбурлайт. Ушуга байланыштуу, бир жагынан, прокурордун тактикалык жактан такшалуусун жогорулатуу, экинчи жагынан, прокурордук көзөмөл тактикасын өркүндөтүү жүрөт. Мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл тактикасынын курамдык бөлүктөрү мыйзам бузууларды текшерүү тактикасы жана чара көрүү тактикасы болуп саналат [71].

*Текшерүү тактикасы* – бул эң мыкты жыйынтыктарга жетишүү (мыйзам бузууларды толук ачуу, аларга шарт түзгөн жагдайларды, ошондой эле мыйзамдарды бузган адамдарды толук аныктоо) максатында, прокурордун конкреттүү жагдайды (кырдаалды) эске алып тактика жүргүзүүнүн эң сарамжал ыкмаларын (жолдорун) аныктоосу.

Прокурордук текшерүү материалдарды жыйноо, изилдөө жана баа берүү процесстери менен байланышкан. Текшерүү жүргүзүүнү пландоо менен, прокурор ар бир конкреттүү учурда дайма эле бирдей маалыматка ээ боло бербейт. Жогорудагылар ар кандай субъектилер тарабынан жасалган түрдүү укук бузуулар жөнүндө маалымат болушу мүмкүн, бул өз учурунда прокурордон ар бир текшерүүнүн тактикасын кылдаттык менен карап чыгууну талап кылат. Текшерүүлөрдүн тактикасы көп түрдүү болгондуктан, кийинки жагдайларга байланыштуу тандалып алынат:

- мыйзам бузуу тууралуу алынган маалыматтын мүнөзүнө;
- мыйзам бузуу боюнча маалымат прокурорго канчалык деңгээлде толук жеткендигине;

- текшерүүгө алына турган органдын, же болбосо ушундай эле укук бузган адамдардын кызмат ордуна;[!]
- алдыда турган иштин көлөмүнө;
- текшерүү жүргүзө турган аткаруучунун кесиптик чеберчилигине жана башка бир катар факторлорго.

Кырдаалга жана шартка байланыштуу прокурордун текшерүүсү ишке
Тиешеси бар документтерди кароодон, же – укук бузган адамдардан түшүндүрмө алуудан, же болбосо – ревизияны белгилөө, контролдук өлчөөлөр менен ченөөлөрдөн башталуусу ыктымал. Текшерүү иши адискөйлөрдүн катышуусунда жана алардын катышыжок да жүргүзүлүшү мүмкүн.[!]

Ошентип, тактика прокурордун өзү же башка жактар көргөн ар кыл текшерүү иш-аракеттеринин ар кандай кезегин камтый алат.

*Прокурордук чара көрүү тактикасы* — бул прокурордун ар бир конкреттүү учурдун соңунда эң мыкты жыйынтыкка жетүүсүнө мүмкүндүк берген укуктук каражаттарды колдонуусу (мыйзам бузууларды жана аларга түрткү берген жагдайларды толук жоюу, зарыл учурларда күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу, келечекте укук бузуулардын алдын алуу).

Чара көрүү тактикасын тандап алуу жасалган укук бузуулардын коомдук кооптуулугуна, алардын зыяндуу кесепеттерине, кайталанып жасалышына жана таркоосуна, мыйзам бузууларга түрткү берген себептердин жана шарттардын мүнөзүнө жана башка факторлорго жараша болот. Ар бир конкреттүү учурда прокурор тарабынан чара көрүүнүн өз алдынча тактикасы аныкталат [72].

О.С.Капинус өз эмгегинде прокурордук көзөмөл тактикасынын анын усулдугу менен тыгыз байланышын аныктаган. Бул эмгек, негизинен, мыйзам бузууларды табуу, аларга шарт түзгөн жагдайларды, ошондой эле укук бузган адамдарды тактоо боюнча прокурордун иш-милдеттерин карайт. Мындан сырткары, толугу менен көзөмөлдөө тактикасы, аны уюштуруу

маселелерин берип, методикалык жол-жоболоштуруу жана тактикада берилген текшерүү иштерин алып баруунун эрежелерин белгилейт.[!] Андыктан усулдук эмне үчүн чечүүгө тийиш болгон милдеттердин ичинен прокурор айрымдарын гана тандап алат жана ошолорго күч-аракет жасайт, эмне үчүн ал башкасын эмес, белгилүү бир тактикалык жана башка ыкмаларды колдонууну белгилейт деген суроолорго жооп бербейт. Бул суроолорго жоопторду тактика берет. Текшерүүлөрдү жүргүзүү усулдугу тактиканын сунуштамаларын эске алуу менен курулат. Бирок усулдуктун өзү да тактиканы жаңы теориялык жоболор, жаңы усулдар, ыкмалар менен байытып турат. Прокурордук көзөмөлдүн тактикасы менен усулдугунун өз ара байланышы дал ушундан көрүнөт [73].

*Прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасы* – конкреттүү жагдайларды жана шарттарды эске алууда прокурордук көзөмөлдүн милдеттерин чечүү үчүн прокурордук көзөмөлдүн теориясынан жана тажрыйбасынан иштелип чыккан, конкреттүү укуктук каражаттарды колдонуунун эң оптималдуу жолдору менен ыкмаларынын жыйындысы. Укук бузууларды табуу, алдын алуу жана жоюу милдеттерин чечип жатып, прокурор жөн гана укуктук каражаттарды колдонбостон, ал ар бир конкреттүү кырдаал үчүн эң шайкештерин тандап алат, мындан тышкары, кайсы болбосун укуктук каражатты ар кандай усулдар, жолдор менен пайдаланса болот. Укуктук каражатты пайдалануунун тигил же бул ыкмалары менен усулдарын тандап алуу прокурордук көзөмөлдүн объектисинин өзгөчөлүктөрүнө, укук бузуунун маңызына, тажрыйбага жана прокурордун берген артыкчылыктарына жана башка көптөгөн шарттарга жана кырдаалдын мүнөздөмөлөрүнө жараша болот.

*Прокурордук көзөмөлдүн усулдугу* деп мыйзам бузууларды жана аларга түрткү берген жагдайларды табуу, жоюу жана алдын алуу максатында прокурорлор тарабынан колдонулуучу усулдар менен ыкмалардын жыйындысы түшүндүрүлөт. [74]

Каралып жаткан маселеге келсек, усул деп милдетти чечүүнүн жолун же каражатын түшүнсө болот: мисалга, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдарды белгилүү бир бузууларды ачууну. Бул мааниден алганда, прокурордук текшерүү, айрым текшерүү иш-аракеттеринин аткарылышы тууралуу тапшырманы башка прокуратурага жөнөтүү сыяктуу көзөмөлдүк иш-аракеттер жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын бузулуусун табуу усулдарын билдирет.

Ыкма деп, прокурордун, мисалы, чындыкты аныктоо, укук бузуулардын алдын алуу ж.б. максатына кызмат кылган конкреттүү иш-аракети түшүндүрүлөт.

Усул ыкмага карата тектеш түшүнүк катары алынат же жалпыдан жекечеге өтүү болот. Бир усулдун чектеринде бир же ал тургай бир нече ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Мисалы, прокурордук текшерүү сыяктуу усулдун чектеринде документтер менен таанышуу, түшүнүктөрдү суратып алуу, документтердин көчүрмөсүн чыгарып алуу жана башка ыкмалар колдонулушу ыктымал.

Усулдук усулдар менен ыкмалардын комплексин (системасын) камтыйт жана аларды прокурор тигил же бул милдетти аткаруу максатында колдоно алат. Ушуну менен бирге, усулдар менен ыкмалар адатта милдеттүү эмес, сунуштоо иретинде, мүнөзүндө боло тургандыгын эске алып коюу керек. Андыктан аларды көп учурда сунуш деп аташат. Юридикалык адабиятта ыкмаларды адатта уюштуруучулук, тактикалык жана техникалык деп бөлүшөт.

*Уюштуруучулук ыкмалар* прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук тарабын камтыйт жана прокуратурага тигил же бул мыйзам бузуулар тууралуу иштелип чыккан маалыматтын өз убагында келип түшүүсүн камсыздоого, ишти пландоону оптималдаштырууну, прокурорлордун эмгегин рационалдаштырууну (рационачизацию) камсыздоого багытталган. *Тактикалык ыкмалар* — бул прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук жана укуктук каражаттарын колдонуунун негиздүүлүгүн, максатка

ылайыктуулугун жана ырааттуулугун чечүү үчүн жалпыланган алдыңкы тажрыйбанын сунуштарын, логикага, психологияга, эмгекти илимий жактан уюштурууга таандык маалыматтарды пайдалануу [75].

*Техникалык ыкмалар* — бул мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча ишти уюштурууну, илимий негизде эмгекти уюштурууну ж.б. өркүндөтүү максатында ар кандай техникалык каражаттарды (оргтехниканы, фототехниканы, видеотехниканы) сарамжал жана жигердүү пайдалануу.

“Усулдук” (методика) термини боюнча сунушталган ар кандай көз караштарды жалпылоо грек тилинен которгондо (methodos) изилдөө жолу, теория, окуу, кайсы бир максатка жетүүнүн жолу, конкреттүү милдетти чечүү дегенди билдирген "усул" (метод) деген сөздөн келип чыккан; бул чындыкты практикалык же теориялык жактан өздөштүрүү (таануу) ыкмаларынын же операцияларынын жыйындысы. Методдун элементи болгон ушул жалпы аныктаманын негизинде прокурордук иш-милдеттин (усулдарын жана ыкмаларын) жана прокуратуранын методологиясын негиздөөчүлөрдүн түшүндүрмөлөрүн келтирүүгө болот. Прокуратуранын методикасы тактикада көрсөтүлгөн түрдүү текшерүү иш-чараларын аракеттерин жүргүзүүнүн тартибин жана эрежесин аныктайт. Натыйжада, прокурордук иш-аракеттердин методу - бул мыйзам бузууларды табууга жана алдын алууга, профилактика жургүзүү жана жоюу иш-милдеттерин аткарууда прокурорлор тарабынан колдонулган мыйзам бузууларды аныктоого жана жоготууга багышталган ыкмалардын жана усулдардын тутуму. [!] Усулдарга укук бузуулардын бетин ачуу, аларга жол берген шарттар менен укук бузган адамдарды аныктоо багытындагы иш-аракеттер кирет. Усулда прокурордун кесипкөйлүгү, иштеги артыкчылыктары, кызматкердин иш-тажрыйбасы менен инициативалуулугу абдан маанилүү болгондуктан, ал жекелик, чыгармачылык мүнөздө болот.[!]

Жогорруда баяндалгандар *прокурордук текшерүүлөрдүн усулдугу* – бул илимий жактан негизделген, иш жүзүндө сыноолордон өткөрүлгөн,

прокурордук көзөмөлдү жүргүзүүчү укуктук каражаттарды ишке ашыруунун усулдардын, ыкмалардын жана жолдордун жыйындысы.

Мыйзамдар көзөмөлдүн укуктук каражаттарын регламенттештирет, бирок, прокурорго мыйзам бузууларды табуу жана жоюу үчүн ар бир өз алдынча учурда бул каражаттардын кайсыларын кандайча колдонуу керектиги тууралуу конкреттүү көрсөтмөлөрдү, албетте, камтыбайт. Андай конкреттүү сунуштар прокурордук көзөмөлдү иш жүзүндө аткаруунун жана илимий ишти аткаруунун жүрүшүндө жаралат.

Иш жүзүндө эң натыйжалуу болгон жана жалпыланып, илимий жактан негизделген иш-аракеттердин ыкмалары кийин КР Башкы прокурорунун көрсөтмөлөрүндө жана буйруктарында бекемдөө алып, прокуратура органдары чыгарган усулдук иштелмелерге, окуу китептерине, усулдук каттарга жана сунуштамаларга киргизилет.

Прокурордук текшерүүлөрдүн жалпы жана жекече усулдугу өзүнчө белгиленет. Усулдук сунуштар жалпылануусу – жалпысынан, көзөмөлдү жүзөгө ашыруунун жана анын натыйжалуулугун колдоонун усулдарын аныкташы – же жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө мыйзамдардын конкреттүү түрлөрүн аткаруу боюнча көзөмөл жүргүзүүнүн усулдугун жазып чыгуу аркылуу конкреттүү, жекече мүнөзгө ээ болушу мүмкүн [71].

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдөрдү жүзөгө ашыруу тактикасынын жана усулдугунун өзгөчөлүктөрү укук бузуулардын ар кыл аспектилеринде ар башкача каралат. Ал эми кандай болбосун ишти уюштуруу анын ийгилигин камсыз кылуу үчүн илимдин жетишкендиктерине таянууга тийиш. Прокурордун көзөмөлдүк ишинин маанилүү курамдык бөлүгү катары прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча иштер да өзгөчө болуп саналбайт.

Прокурорлор бардык укук бузуулар боюнча ыкчам жана тийиштүү деңгээлдеги чараларды көрүү аркылуу ар кандай чөйрөдөгү ишмердүүлүктү көзөмөлдөө менен бардык органдар, уюмдар жана мекемелер, ошондой эле

кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышына баа берүүгө милдеттүү. [!]

Прокуратура органдарынын кызматкерлери өз ишин тиешелүү мыйзам жоболорун жетекчиликке алуу менен, тигил же бул багыттагы иш тажрыйбасын колдонуу аркылуу жүзөгө ашырат. Тигил же бул коомдук мамилелерди же коомдук мамилелердин топторун мыйзамдык жактан регламентациялоодогу айырмачылыктар прокурордун тиешелүү багыттагы иш өзгөчөлүктөрүн алдын ала аныктап турары айкын. Ушуну менен бирге, прокурордук текшерүү жүргүзүү усулдугун иштеп чыгууда жана колдонууда пайдаланылышы мүмкүн болгон айрым жалпы жоболор да бар.

Азыркы этапта ар кыл түрдөгү прокурордук текшерүүлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү боюнча иштелмеси актуалдуу болуп турган усулдук сунуштар укук бузууларды натыйжалуу ачуу жана чара көрүүчү тиешелүү каражаттарды пайдалануу көйгөйлөрүн чечпейт же толук көлөмдө чече албайт (не решают и не могут решить в полном объеме). Кандай болбосун прокурордук текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча мыйзамдуу жана негизделген чечим кабыл алынышын камсыздоо үчүн усулдук сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берүүчү жалпы кадамдар түзүлүүгө тийиш. Алар прокурордун текшерүү иштеринин бардык процессин: текшерүү жүргүзүүгө даярдыкты, текшерүүнүн өзүн, ошондой эле прокурордук чара көрүүнүн тиешелүү каражаттары менен чараларын тандап алуу жана колдонуу максатында алынган жыйынтыктарды талдоону жана баа берүүнү кошо камтымак.

Кайсы бир текшерүүлөрдүн же белгилүү бир контролдук иш-чаралардын күтүлбөстөн жана тез арада жүргүзүлүшү да прокуратура органдарынын тиешелүү багытта өз максаттарына жетүүсүнө жакшы шарт түзөт.

Прокурордук контролду жүзөгө ашыруунун методун аныктоодо жана пайдаланууда бирдиктүүлүк камсыз болушу үчүн мындай усулдуктун типтүү түзүмүн карап көрүү максатка ылайыктуу болот. Прокурордук текшерүү

усулдугунун түзүмүнүн негизги элементтеринин катарына төмөнкүлөрдү киргизүү максатка ылайык келет деп эсептелинет:

1) жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында текшерүүлөрдү жургүзүүнүн себептери жана негиздери туурасындагы маалыматтарды;

2) текшерүүгө алуу үчүн абдан дыкат даярдык көрүү боюнча сунуштарды;

3) иликтөө жана текшерүү талап кылынган маселелердин тизмесин;

4) изилдөө талап кылынган иш-кагаздар менен материалдарды белгилөө боюнча сунуштарды

5) жашы жете электердин укуктарын коргоо багытындагы прокурордук текшерүү учурундагы калыптуу укук бузууларды;

6) жөнү бар текшерүү иш-чараларын аныктоо боюнча сунуштарды;

7) жашы жете электердин укуктарын коргоого жаатындагы кээ бир иш-чаралардын тактикалык бөтөнчөлүктөрүн;

8) аныкталган укук бузууларга чара колдонуунун каражаттарын тандап алууга сунуштарды [76].

Улам жаңы пайда болуп жаткан проблемалар, текшерүүнү талап кылган калыптуу себептер жана негиздер: жарандардан түшкөн арыздар менен билдирүүлөрдү, ЖМКдагы кабарларды, аймактагы мыйзамдуулуктун сакталышын анализдөөнүн жыйынтыгын, жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында мурунку текшерүүлөрдүн корутундуларын, жашы жете электердин катышуусу менен орун алган кылмыштарды жана башка мыйзам бузууларды иликтөөнүн натыйжаларын камтыйт. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын, башка прокуратура органдарынын, шаардык, райондук жана ага теңештирилген прокуратуралардын иш пландары прокурордук текшерүү ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу үчүн негиз боло алат. [!]

Жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо жаатында текшерүүлөргө натыйжалуу даярдануу боюнча сунуштар, биринчи кезекте, прокурорго текшерүүнүн мүнөзүн жана объектилерин туура аныктоого мүмкүндүк бериши зарыл [!].

Текшерүү жүргүзүүгө ылайыктуу убактысын жана ордун белгилеп, ошондой эле катышуучулардын санын аныктап алуу көбүнесе текшерүүнүн предметине жана объектисине карата болот. Текшерүүнүн натыйжалары планда чагылдырылышы керек. Эгерде сунуш кылынган текшерүү кыйын болсо, анда жазуу жүзүндөгү план боюнча сунуштар кыйла маңыздуу жана негиздүү болот жана изилденип жана каралып чыгууга тийиш болгон документтердин жана материалдардын тизмесин камтыйт. [77].

Илимде калыптанган салтка жараша, жашы жетпегендердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасын прокурордук текшерүүнүн жыйынтыктарын даярдоодо, жүргүзүүдө жана баалоодо прокурордун ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун илимий негизделген ыкмалары менен каражаттарынын жыйындысы катары аныктаса болот.

Жогорудагыдан улам, жашы жете электерге тийиштүү өз алдынча текшерүүчү иш-чараларды өткөрүүнүн тактикалык өзгөчөлүктөрү прокурордук текшерүү усулдугунун олуттуу курамдык бөлүгү болуп саналат. Көбүнчө, жалпы текшерүүнүн ийгиликтүү жүргүзүлүшү өз алдынча пландаштырылган иш-чаралар тактикалык жактан канчалык сабаттуу өткөрүлгөндүгүнө жараша болот.

Ошентип, иштин анык абалын талдоого алууда жана баа берүүдө “көйгөйгө стратегиялык жана комплекстүү (системалуу) көз карашка” умтулуу зарыл. Жашы жете электер жана жаштар тууралсындагы ченемдик укуктук актылардын ишке ашырылышын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот:

- регламентүү (пландуу, күндөлүк);
- Прокуратура органдарына келген маалыматка карай тийиштүү органдар жана мекемелер, алардын кызматкерлери тарабынан ишке ашырылган;
- талапка ылайык прокурордун жеке демилгеси менен аткарылган;
- жогору даражадагы прокурордун (прокуратура органынын) тапшырмасынын негизинде ишке ашырылган.[!]

Текшерүүлөр каралып жаткан иштердин өлчөмү, алардын мазмуну, текшериле турган объектилердин көлөмү, текшерүү жүргүзүлгөн мезгилдин

узактыгы, мыйзам бузуу абалын аныктоонун оордугу, аларды баалоо ж.б. боюнча өзгөчөлөнүп турат.

Текшерүүдө эки же андан ашык тармактарды (билим берүү, социалдык камсыздандыруу, бала асырап алуу мыйзамдары, укук бузуулардын жана көзөмөлсүздүктүн алдын алуу ж.б.) камтыган ченемдик укуктук актылардын ишке ашырылышына анализ кылууну камтышы ыктымал. Текшерүү кайсы бир органдын же уюмдун мыйзамдарды аткаруу маселесин текшерүү менен чектелиши мүмкүн, бирок ал органдардын тигил же бул системасынын айрым звенолоруна жалпы же, ал тургай, бир нече топторго жайылышы да мүмкүн [78].

В.Ф. Крюков прокурордун укуктук статусун жазык-процесстик мааниде оптималдаштыруу – бул укуктук ченемдерге аларды мыйзамдык жактан системалуу өркүндөтүү жана укук колдонууну уюштуруу аркылуу жаңы сапат берүү болуп саналат. Мындай учурда бул статустун бардык элементтери прокурор жүзөгө ашыруучу жазык куугунтугунун механизмине кирген прокурордун функцияларын аткаруунун натыйжалуулугун көтөрүүгө жөндөмдүү [79, с. 8].

Текшерилүүчү маселелердин мүнөзүнө жана конкреттүү кырдаалга жараша текшерүүлөрдүн төмөнкүдөй түрлөрүн пландоо максатка ылайыктуу:

- жашы жете электерге тиешелүү жарандык же жазык иштеринин материалдарын изилдөөнүн жыйынтыктары жөнүндө айрым бир талаптардын аткарылышына максаттуу (предметтик) текшерүү;
- прокурордук чара көрүү боюнча мурда киргизилген актыларда камтылган прокурордун мыйзамдуу талаптарын аткаруу тууралуу;
- башка зарыл маалыматтар, мыйзам ченемдери;
- текшерилип жаткан маселелелердин кеңири чөйрөсүн аныктоого багытталган колдонуудагы мыйзамдардын негизги ченемдеринин аткарылышына комплекстүү текшерүү;
- шаардык (райондук) органдын түзүмүн толук камтыган өтмө текшерүү, ал өз мазмуну боюнча максаттуу, ошондой эле комплекстүү мүнөзгө ээ;

- мурда табылган колдонуудагы мыйзам бузуулардын иш жүзүндө жоюлгандыгы жөнүндө анык маалыматтарды алуу максатын көздөгөн контролдук текшерүү.

Мисалы, прокурор окуучуларды конкреттүү окуу жайга же райондун, шаардын бардык окуу жайларына кабыл алууда мыйзамдардын сакталышын текшере алат. Окуу жайдын ишмердигинин бир баскычы же бүтүндөй ишмердиги текшерилиши мүмкүн. Комплекстүү текшерүүдө мекеменин негизги функцияларынын же болбосо башкы функциясынын аткарылышы текшерилет. Өспүрүмдөрдүн ден соолугун текшерүү саламаттык сактоо, дене тарбия органдарында жүргүзүлөт. Өспүрүмдөрдүн багуусуз жана көзөмөлсүз калгандыгы тууралуу маселе жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиялардын, ИИБдердин жашы жете электер менен иштөө боюнча бөлүмлөрүнүн жана калкты социалдык жактан коргоо мекемелеринин компетенциясына кирет.

Текшерүүлөр баштапкы материалга жараша да өзгөчөлөнөт, анын негизинде аларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынат. Жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн көпчүлүгү мезгилдүү текшерүүлөргө кирет. [!]
Прокуратура органдарынын жеке катышуусу жана жагдайга тиешеси бар ведомстволордун адистеринин катышуусу менен да текшерүүлөр ишке ашырылышы мүмкүн.[!]

Адистерди тартуу зарылчылыгы пландаштырылган иш-чаралардын мүнөзүнө байланыштуу болот. Бир катар учурларда жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калкка күтүлүп жаткан текшерүү жөнүндө маалымат берүү, телефон аркылуу жарандардан тиешелүү кабарларды кабыл алып туруу үчүн тынымсыз байланыш уюштуруу ылайыктуу.

Пландаштырылган текшерүүлөрдүн жүрүшүндө териштирүү керек болгон суроолордун топтому анын максатына, иш-милдеттерине, өзгөчөлүгүнө жана жаатына, ошону менен бирге текшерилүүчү объектилерге карата да болот.

Көзөмөлдөө жаатынын тармактар аралык мүнөздөмөсү, анын объектисинин ар тараптуулугу жана текшерүүлөрдүн тематикалык көп багыттуулугу жүргүзүлүүчү текшерүүгө даярдык көрүүдө КР Башкы прокуратуранын маалыматтык-усулдук материалдарында, координациялык кеңешмелердин сунуштарында, тиешелүү коллегиялардын чечимдеринде камтылган кеңеш-сунуштар менен таанышуу зарылчылыгын пайда кылат.

Текшерүүчү иш-аракеттерди жүргүзүүгө чейин текшериле турган органдын же мекеменин жетекчилиги менен жалпы кырдаалды билүү жана иштин анык абалы жөнүндө, ошондой эле мурда табылган кемчиликтерди оңдоо боюнча аткарылган иштер жөнүндө маалымат алуу үчүн аңгемелешүү максатка ылайыктуу болот. Зарыл учурларда прокурор текшерүү үчүн керектүү маалыматтарды даярдоону тапшыра алат. Көп учурларда, текшерүүнү түздөн-түз объектиге чыгуу менен жүргүзүү, иштин абалына жеке өзү баа берүүсү үчүн текшерүүнү аймакты кыдыруудадан баштоо сунушталат. Келип чыккан маселелерге түшүндүрмө берүү үчүн кыдырууга органдын же мекеменин кызмат адамдары катышууга тийиш.

Зарылчылыкка жараша прокурор маалыматтардын анык-тактыгын аларды башка маалыматтар менен салыштыруу аркылуу текшере алат.

Жашы жете электердин жана жаштардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын типтүү бузуулар жаатында төмөнкүлөр өтө жайылган мыйзам бузуулар болуп калууда:

- Маалымат багытындагы укуктардын жана кызыкчылыктардын сакталбашы;
- окутуу, тарбиялоо, жашоо-турмуш жана саламаттыкты сактоо тармактарындагы укуктар менен мыйзамдуу кызыкчылыктарды бузуу;
- жашаган жерге, жеке мүлккө жана коомдук кызыкчылыктарга карата укуктардын бузулушу;
- эмгек укугу жана эмгектенүү чөйрөсүндөгү укуктар менен мыйзамдуу кызыкчылыктардын бузулушу;[!]

- жашы жете электердин камкордуксуз, көзөмөлсүз калуусу жана аларга карата мыйзам бузуулардын алдын алуу жаатындагы бузуулар;
- ыкчам-издөө иштерин жүргүзүүдө укуктар менен мыйзамдуу кызыкчылыктарды бузуулар;
- жазык сот өндүрүшүндө укуктар менен мыйзамдуу кызыкчылыктарды бузуулар.

Адатта, каралып жаткан укуктук мамилелердеги мыйзам бузуулардын басымдуу бөлүгүнө Кыргыз Республикасынын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жашы жетепегендердин көзөмөлсүздүгүн жана укук бузууларынын алдын алуу системасындагы уюмдар, алар менен бирге жашы жетпегендердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргогон комиссиялар, ички иштер органдары, саламаттык сактоо жана билим берүү, калкты социалдык жактан коргоо органдары, алардын кызмат адамдары, иш берүүчү уюмдар, ошондой эле мыйзам бузган жаш өспүрүмдөр менен иш алып барган жана алар тарабынан жасалган кылмыштарды иликтей турган органдар тарабынан жол берилет.[!]

***Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү***

Текшерүү жүргүзүү этабында прокурор жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын тигил же бул чөйрөдө бузулуусун максималдуу толук ачууну камсыз кыла турган маалыматты алууга умтулуусу керек. Бардык учурларда документтерди суратып алууну жана аларды текшерүүнү кызыктырган маселелер боюнча көп маалымат бере ала тургандардан баштоо тактикалык жактан туура болуп эсептелет [76].

Буга ырастоону биз Н.В. Кравчуктан жолуктурдук, ал минтип жазган: «Балдардын укуктарын мыйзамдык жактан жөнөкөй бекемдөө алардын аткарылышына жетишүү үчүн жетишсиз. Баланын өз укуктарын жүзөгө ашыруусунун, ошондой эле аларды коргоонун кепилдиктерин да алдын ала караштыруу зарыл» [80, с. 57]. Андыктан мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарында билим берүү жөнүндө

мыйзамдардын талаптарынын аткарылышын текшерүүдөгү башкы маселе катары төмөнкү суроолорду териштирип, ачыктоо керек:

1) билим берүүчү мекеменин уставы менен жергиликтүү актылары билим берүү жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык келеби;

2) мектепке чейинки билим берүүчү мекеме менен ата-энелердин ортосундагы келишимдер мыйзам талаптарына жооп береби;

3) алар тараптан ата-энелердин укуктарын басмырлаган милдеттүү түрдөгү «спонсордук» же «кайрымдуулук жардамдар тууралуу пункттар бар эмеспи;

4) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарына акча жыйноону киргизген фактылар жокпу;

5) акы төлөнүүчү кызматтарды альтернативсиз бириктирүүнүн жол берилгистигин эске алганда акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү мыйзамдуубу, мында ыктыярдуулук принциби сакталып жатабы;

6) тарбиялануучулар топторун толуктоо боюнча мыйзамда белгиленген норматив сакталуудабы;

7) билим берүүчү мекеме тарабынан тарбиялануучуларды коргоону жана саламаттыгын чыңдоону кепилдеген шарттарды түзүү жөнүндө мыйзам талаптары сакталуудабы.

Жашы жете электер жана жаштар туурасындагы мыйзамдарды ишке ашырууга прокурордук жүргүзүүнүн усулунун жана тактикасынын спецификасы анын тармактар ортосундагы өзгөчөлүгү, андыктан иш-милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын аныкталган айырмалары бар, ал ар бирине мыйзамдардын ишке ашырылышына прокурордук[!] көзөмөл жүргүзүүгө таасир этет, ар башка органдардын жана мекемелердин болуусу менен шартталган. Мындай органдарга жана мекемелерге карата мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн усулдугун колдонуу спецификасы бир катар факторлор, анын ичинде, төмөнкүлөр менен аныкталат:

а) жашы жете электер менен жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо, коргоо маселелеринде тиешелүү органдар менен

мекемелердин ишин регламенттештирүүчү ченемдик укуктук актылардын болушу;

б) тигил же бул чөйрөдө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү уюштуруу маселелерин регламенттештирүүчү ченемдик укуктук актылардын болушу;

в) белгилүү бир органдардын жана мекемелердин алдында турган же болбосо алар үчүн негизги, басымдуу болуп саналган спецификалык милдеттер;

г) жашы жете электер менен жаштардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоону ишке ашырган, жүзөгө ашыруучу, алардын укукка каршы жүрүм-турумдарынын алдын алуучу жана кылмыштуу иш-аракеттерине бөгөт коюучу органдар менен мекемелердин ар түрдүү компетенциялары ;

д) аталган органдар менен мекемелердин түзүмдөрү.

Усулдуктун өзгөчөлүгү каттоодо турушкан өспүрүмдөр менен алдын алуу иштерин уюштуруу боюнча иш ИИБдерге жүктөлгөгөн милдеттер мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылып жаткандыгын текшерүүдө турат.

Жашы жете электердин жасаган кылмыштары жөнүндө иштерди иликтөөгө прокурордук көзөмөлдүн усулдук спецификасы тергөө органдарынын милдеттери сыяктуу эле, жашы жете электерге карата иштер боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрүн да белгилеген жазык-процесстик мыйзамдардын талаптары менен шартталган.

Жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча тиешелүү маалымкат жазылып, анда аныкталган мыйзам бузуулар, мыйзамдардын жана башка мыйзам актыларынын негизинде жасалган аракеттер, аны менен катар мындай укук бузууларды, аларга жол берген факторлорду жок кылууга багытталган сунуштар берилет.[!]

Жыйынтыгында, прокурордун текшерүү ыкмасына: текшерүүгө даярдык көрүүнүн айырмачылыктары, иштин багытына жана предметине жараша прокурордун кээ бир аракеттеринин ыкмасын: түшүндүрмө алуу ыкмасы, документтерди кароо ыкмасы ж.б.: текшерүүнүн натыйжаларын

баалоо, ошондой эле прокурордук таасир этүү методдорун тандоонун өзгөчөлүктөрү кирээрин билдик. [!]

Текшерүүнүн эффективдүүлүгү прокурордун алдыга койгон максаттарына толугу менен ишке ашышына кепилдик бербейт. Бул жерде прокурор жол берилген мыйзам бузууну гана аныктабастан, ошондой эле мыйзамда каралган каражаттарды туура тандап алуусу жана пайдалануусу да маанилүү. Дал ошондуктан прокурордук текшерүү жүргүзүү тактикасынын акыркы курамдык бөлүгү катары ачылган мыйзам бузууларга чара көрүү каражаттарын тандап алуу боюнча сунуш-кеңештер сунушталат.

Учурдагы иш алып баруу каражаттарын туура тандоо жана тийиштүү деңгээлде пайдалана алуу, максаттуу жана жеке текшерүү мүмкүнчүлүгүн, мыйзамдын улуктугун жана мыйзамдуулукту чыңдоо жана камсыздоону, мамлекеттин, коомдун жана жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы прокуратуранын ишин камсыздайт. [!]

### 2.3. Прокуратура органдарынын ишин жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө уюштуруу маселелери

Балдар – бардык коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсү үчүн стратегиялык жактан маанилүү, эң баалуу адам ресурстарынын бири. Андыктан мамлекет балдардын туура жана физиологиялык, менталдык, социалдык жактан толук өсүүсү үчүн аларды коргоо, ар бир баланын ресурстарга жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жаатындагы саясатты куруусу зарыл. Балдарды коргоо механизмдеринин бирин алардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо, балдардын укуктук жактан коргоо куралдарына жеткиликтүүлүгүн жана ишке ашуусун камсыздоо аткарат. Бала коомдун эң аяр мүчөсү болуп саналарын эске алганда, ал атайын коргоого муктаж жана ага татыктуу. Эгерде жашы жете электердин укуктарын коргоонун жазык системасын реформалоо зарылчылыгы кеңири таанылган болсо да, анда баланын үй-бүлөлүк укуктарын коргоо тартибин жана жолдорун реформалоо маселеси ачык бойдон калууда.

Акыркы мезгилдерде мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл балдардын укуктары боюнча маселеге бурулууда. Үй-бүлөнү, энеликти жана балалыкты коргоо боюнча мамлекеттин милдети КР Конституциясында бекемделген, дал ушуну менен императивдик редакцияда мамлекет эненин, баланын жана үй-бүлөнүн укуктары менен кызыкчылыктарын ар тараптуу коргоону өзүнө алган. Коомубуздагы жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын сакталышынын кепилдиктеринин бири, алар жөнүндө мыйзамдардын так аткарылышына прокурордук көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет[!] жана бул коом менен мамлекеттин бардык турмуштук чөйрөлөрүндө балдардын кызыкчылыктарына жана бакубат жашоосуна артыкчылык берүү принцибине негизделет. Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн көйгөйлүү маселелерин карап жатып, мамлекетте түзүлүп жаткан ювеналдык юстиция системасынын маанилүү бөлүгү катары жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиялардын иштеринде мыйзамдуулуктун сакталуусуна байкоо жүргүзүүгө токтолуу өзгөчө зарыл.
Өзгөчө тынчсызданууну социалдык жактан корголбой калган, ошондой эле тарбиялоочу колониядан бошотулган жашы жете электердин, жабык түрдөгү атайын окуу-жалпы тарбиялоо уюмдарынан чыгарылган балдардын категориясы жаратат. Бул категориядагы жашы жете элек балдар үчүн сөзсүз түрдө жумуш орундарын уюштуруу, аларды иш менен камсыз кылуу зарыл.[!]

Прокурорлордун аз эмес кооптонуусун камкордук көрүү жана көзөмөлчүлүк органдарынын ишинде мыйзамдуулуктун бузулуусу туудурат. Анча чоң эмес шаарларда жана айылдарда кадрлардын жоктугуна, камкордук көрүү жана көзөмөлчүлүк органынын кызматкерлердин билими, кесиптик билимдеринин жоктугуна байланыштуу кыйынчылыктар жаралууда. Прокурорлор прокурордук текшерүү процессинде колдонуудагы мыйзамдарды түшүндүрүшөт, аталган органдардын кызматкерлерине сот документтерин, башка документерди даярдоого жардам беришет. Балким,

камкордук көрүү жана көзөмөлчүлүк органдарынын иши жөнүндө жаңы мыйзамдар бул кыйынчылыктарды чечүүгө шексиз жардам берет.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн практикасындагы дагы бир көйгөй прокурордун жарандык процессте өз ыйгарым укуктарын толук өлчөмдө жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна байланыштуу. Адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдагы кызыкчылыктарын[!] коргогон кайрылуу, эгерде жаран ден соолугунун абалына, жаш курагына, аракетке жөндөмсүздүгүнө жана башка жүйөлүү жагдайларга байланыштуу өзү сотко кайрыла албаган учурда гана, прокурор тарабынан берилиши мүмкүн.

Ошентип, Башкы прокуратуранын бир бөлүгүндө жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөлдүн бардык багыттарын топтоо өтө зарыл болууда. Бул, бир жагынан, калктын аталган социалдык-жаш курактагы категориясынын укуктарын коргоонун өзгөчөлүгү, анын системалуу, комплекстүү чараларды талап кыла тургандыгы менен, экинчи жагынан – баланын укуктук статусунун өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт.

«Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамдын негизинде[4], прокурордук көзөмөл жүргүзүү иши бир нече маанилүү багыттардан турат. Анын бардыгы колдонуу объектилерине жараша, башкача айтканда көзөмөл жүргүзүүнүн максатына ылайык бири-биринен айырмаланган,бирок өз ара байланышы бар прокурордук иштин бөлүктөрдү камтып турат.

"Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренеси боюнча прокуратура органдарынын жалпы иш-милдеттери ар бир тармак боюнча функцияларды так аткаруунун натыйжасында жүзөгө ашырылат.

В.Д.Ермаковдун ою боюнча, прокуратуранын ишинин өзөктүү багыттарын белгилөөдөгү маселелер ич ара мыйзамдуулукту чыңдоо жаатындагы иш-милдеттеринин жалпы мүнөзү жана прокурордун аларды ишке ашыруусундагы ыйгарым укуктарынын чектери менен байланышкан[2]. Бир

багыттагы иштердин натыйжалары көп учурда көзөмөлдү башка багытта жүргүзүү зарылчылыгын пайда кылат. Алсак, жалпы көзөмөлдөө эрежесиндеги текшерүүнүн натыйжасы боюнча жазык иши козголушу ыктымал, аны иликтөөнүн мыйзамга ылайыктуулугун кароо алгачкы текшерүү органдары жана алдын ала тергөө органдары тарабынан мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө багытында ишке ашырылат, ал эми бул ишти соттун кароосуна берүү ж.б. мыйзамдардын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт. Жарандардын укуктары менен эркиндиктерин сактоо боюнча мыйзамдарды бузууларга каршы күрөшүү, алгач жалпы көзөмөлдүн чегинде аткарылууда, ал эми укук коргоо органдарынын кылмыштуулук ж.б. мыйзам бузууларга каршы күрөшүү багытындагы иш-аракеттерин координациялоо прокуратуранын бардык тармактары боюнча ишке ашырылат.[!]

Мындан тышкары, айыл жергесинде балдарды коргоо системасын түзүү боюнча олуттуу чакырыктар азырынча чечилбеген бойдон калууда. Балдарды коргоо системасы мурдагыдай эле чачыранды бойдон турат жана мыйзамдарда каралган талаптарды аткаруу мүмкүнчүлүктөрү райондук деңгээлде чектелген бойдон кала берди. Жакырчылык жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликсиздиги балдарды институционалдаштыруунун өсүүсүнө алып келди. Саламаттык сактоо жана билим берүү системасы эскирген инфратүзүмдөн, төмөнкү эмгек акыдан жана стимулдун жоктугунан улам олуттуу чектөөлөргө дуушар болуп, бул адистердин башка иш тармактарына өтүп же чет өлкөлөргө чыгып кетүүсүнө олуттуу себептерди жаратууда.

Ошентсе да, КР прокуратурасы жөнүндө мыйзамда ар бирине атайын көңүл бурулуучу белгилүү бир багыттар боюнча прокурордук көзөмөлдүүн формаларында жана усулдарында белгиленген бир специфика да бар.

Жер-жерлерде, белгилүү бир административдик-аймактык бөлүнүштүн (райондун, областтын ж.б.) чектеринде прокурор өз алдынча багыттар боюнча өз ишин жүргүзөт.

Жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдын аткарылышын прокурордук көзөмөлдөө прокуратуранын өзүнчө багыты болуп эсептелет, бирок бул жарандык укуктарды коргоо, жазык жана жарандык сот иштериндеги мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөчү бир чөйрөсү болуп саналат.

Бул тармактын мамлекеттик жана коомдук деңгээлдеги өтө чоң мааниси, ошондой эле прокурордук көзөмөлдөө маселелеринин кенен спектри шаардык (райондук) прокуратуранын бардык кызматкарлеринин катышуусун шарттап турат, бирок адистештирүү жана регламенттөө принциптерине ылайык бул багытта [!] бир катар конкреттүү кызматкерлерди топтоо максатка туура келет.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча милдеттерди шаардык (райондук) прокуратурадагы прокурор менен жардамчынын (жардамчылардын) ортосунда бөлүштүрүүнү төмөнкүлөрдү дайымкы жана кылдат талдоонун негизинде жүргүзүү керек:

– шаардын (райондун) аймагындагы мыйзамдуулуктун жалпы абалын;

– жаштар менен иш алып барган мекемелердин санын;

– бул контингенттин райондун тургундарынын, иштеген же окуган жарандардын санын;

– жашы жете элек балдардын курамына байланышкан демографиялык жагдайдагы динамиканы болжолдуу баалоолорду;

– прокурордук көзөмөлдүн башка жааттарындагы иш-милдеттеринин өлчөмүн эске алуу.[!]

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына болгон көзөмөлгө жалпы жетекчиликти жеке прокурорго калтыруу максатка ылайыктуу.

Аталган участокто күнүмдүк ишти түздөн-түз уюштурган жана алып барган прокуратура кызматкерлери, талап кылынган кесиптик даярдыгынын болушуна, жашы жете электер жөнүндөгү мыйзамдарды толук жана так билүүгө, жалпы шаар (район) боюнча жана өз алдынча объектилердеги

кырдаалды билүүгө,[!] пландуу көзөмөлдүк текшерүүлөрдү жүргүзүүдө мыйзам бузууларды аныктоонун жалпы усулдуктарын билүүгө тийиш.

Жашы жете электер – бул өзүнүн социалдык позициялары боюнча биздин өлкөнүн жарандарынын жетишсиз корголгон катмарынын бири, мамлекеттик органдар тарабынан өзгөчө көңүл бурууга, камкордукка жана коргоого абдан муктаж категориясы экендигин эсте чыгарбоо кажет. Күнүмдүк турмушта келип чыгып жаткан көйгөйлөргө прокуратура кайдигер мамиле жасабастан, маселеге стратегиялык жана комплекстүү иш алып барууга умтулат [81].

Андыктан өз укуктарын пайдалануу жана коргоо үчүн эң маанилүү куралдардын бири калктын, анын ичинде, жашы жете электердин маалымдуулугу жана укуктук жактан сабаттуулугу болуп саналат. Өз укуктарын жана аларды коргоо механизмдерин билүү башка укуктардын (билим берүүгө, социалдык коргоого ж.б.) ишке ашырылышы үчүн мүмкүнчүлүк берет. Укуктук маданияттын деңгээлин көтөрүү чөйрөсүндө мамлекеттин жасаган иштерине карабай, Кыргызстандын коомчулугунда укуктук маданияттын деңгээли ылдый болуп, ал эми нигилизм күч алган даражада калып жатат.[!] Укуктун төмөн деңгээлдеги жөнгө салуучу ролу социалдык жана саясий жаңжалдардын себептеринин бири болуп, укук талаасындагы ири спектрдеги көйгөйлөрдүн чечилишин мүмкүндүк бербей, жарандарды мыйзамда белгиленген алкактардан тышкары чечим издөөгө мажбурлоодо. Кырдаал укуктук маданияттын төмөнкү деңгээли, калктын өз көйгөйлөрүн мыйзамсыз ыкмалар менен чечүүгө ыңтайлап, басым жасоосу менен катаалдашууда. Кыргызстандагы укук маданиятынын төмөн болушунун себептери:

- укуктук билимсиздик же укуктук баа берүү жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу менен билдирилген укуктук инфантилизм;
- укукка жана мыйзамсыздыкты актоого карата тескери мамиледен билинген укуктук нигилизм;
- калктын укуктук көрүнүштөргө карата кызыкчылыгынын жоктугу, мыйзам аркылуу берилген укугун пайдалана албагандыгы, кылмыштуулуктун алдын

алуу же ага каршы аракеттенүүдө укук коргоо органдары менен бирге иштебегендиги жана укукка каршы жүрүм-турумга жакындашуу менен билдирилген укуктук индифференттүүлүк [82]. Ушуга байланыштуу, мамлекет тарабынан укуктук маалымат алууну кеңейтүүгө арналган бир катар комплекстүү чараларды өткөрүүнү камтыган 2016-2020-жылдарга карата калктын укуктук маданиятын көтөрүү концепциясы кабыл алынган.
Дал ошондуктан, уюштуруучулук көйгөйлөрдүн түрлөрүнүн бири техникалык жабдуу көйгөйү жана электрондук иш кагаздарын айландыруунун жоктугу болуп саналат.

Маалымат алуу жана аны жайылтуу чөйрөсүндөгү техникалык прогресске карабастан, региондордо жашаган Кыргызстандын жаштары укуктук маалыматка толук жеткиликтүү болбой жатат. Бул бир нече факторлор менен түшүндүрүлөт:

***1. Маалыматсыздык.*** Кыргызстанда укуктук мүнөздөгү маалыматты бекер жана чектөөсүз алууга боло турган тиркемелер жана сайттар иштелип чыкты (КР ЮМдан КРнын укуктук маалыматынын Борбордоштурулган маалыматтар банкы, КР Мыйзамынын тиркемеси)[83].

***2. Кабылдоонун татаалдыгы.*** Укуктук терең сабатсыздыктан, анын ичинде, жаштардын укуктук сабатсыздыгынан улам, укук боюнча кесиптик тил укуктук маалыматты кабылдоону жана түшүнүүнү татаалдаштырат жана бул кагаз бетиндеги укук ченемдерин коомдо, прокуратура органдарынын ишин уюштурууда жүрүм-турум ченемдерине имплементациялоодо тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн. Сурамжыланган 476 адамдын 49%ы мыйзамдарды түшүнүү кыйын, таттал деп эсептешет [84].

***3. Кызыкдар эместик***. Экинчи себеп натыйжа катары үчүнчүсүн түзөт. Түшүнүүгө татаал жана таанып, билүүгө кыйын нерселер кызыкдар эместикке өтүп кетет.

Мамлекет менен коом жалпы кармана турган негизги идея – укук адам үчүн жаралган жана ага толук бойдон түшүнүктүү болууга тийиш, мына ошондо гана адам укук талаасында аң-сезимдүү жашамакчы. Демек, кызыкдар

тараптарга теле көрсөтүүнүн дараметин пайдалануу жана укуктук маалыматты жайылтуучу жаштар үчүн контентти кеңейтүү, жеткиликтүү тилде түшүндүрүп берүү сунушталат.

Ар бир адамдын укуктары ишке ашкан жана корголгон, ар бири өз милдеттерин толук жана зарыл өлчөмдө аткарган укуктук мамлекетти куруу процесси  узак жана татаал, бардык тараптардын катышуусун талап кылган процесс. Андыктан биз балдардын, жаштардын жана алардын ата-энелеринин мамлекет, коом, ар бир адам балдардын укуктарын коргоо үчүн эмнени, кандайча жасай тургандыгы тууралуу билимин жогорулатуу жалпы максаттарга жетишүү жана Конвенциянын ченемдерин аткаруу үчүн пландарды, долбоорлорду, программаларды, стратегияларды башкаруу жана ишке ашыруу натыйжалуулугун жогорулатат.

Ошентип, прокуратуранын орчундуу иш чөйрөсү – мыйзамдарды сактоо, укук бузууларга карата кескин чара көрүү, ошондой эле калктын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу, жалпыга маалымдоо каражаттарында кайрылууларды кылуу ж.б. аркылуу мыйзамдарды жигердүү пропагандалоо болуп саналат.[!]

Буга чейин белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын 16-беренесинде көрсөтүлгөндөй,  адам укуктары жана эркиндиктери ар кимге туулгандан таандык. Бул жобонун мазмуну, биздин пикирибизде, мамлекеттин аларды ишке ашыруучу шарттарды жана аларды коргоо механизмин түзүүсүндө жатат.

2010-жылдын 27-июнундагы референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы укуктар менен эркиндиктердин түрлөрүн жана көлөмдөрүн, аларды ишке ашыруу шарттарын, формаларын, жолдорун, аларды коргоонун каражаттары менен кепилдиктерин абдан толук аныктап турат  [85].

Албетте, адам укуктары, аларды коргоо жана камсыздоо – түпкү максат жана демократиялык укуктук баалуулуктарга багыт алышкан өлкөлөрдүн өнүгүүсүнүн башкы натыйжасы болуп саналат жана ала адамзаттын жашоо-

турмушунун бүтүндөй системасын бириктирип турат жана дүйнөлүк туруктуу өнүгүү стратегиясынын маанилүү фактору болууну көздөйт.

Буга байланыштуу, прокуратуранын жарандардын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы мыйзамдуулукту камсыз кылууга багытталган иши чоң мааниге ээ. Мындай кырдаал биринчи кезекте жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, жарандык коомдун мыйзамдуу кызыкчылыктарын бардыгынан жогору койгон кыргыз мамлекеттүүлүгүндө прокуратуранын ролун жетиштүү чагылдырат [86], ал эми 22-берене прокуратура органдарынын өспүрүмдөрдүн укуктары менен кызыкчылыктарын камсыздоодогу ыйгарым укуктарын бекемдеп турат.

Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык прокуратура органдары белгиленген тартипте төмөнкүлөрдү аткарат:

- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын [!] камсыздоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдү;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурларда соттордо балдардын кызыкчылыктарын көтөрүүнү.

Көзөмөлдөөдө талап кылынган ыйгарым укуктарына ээ болгон Кыргыз Республикасынын прокуратурасы төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алат: Кыргыз Республикасынын бардык жарандары аны мамлекеттин Конституциясы ишенимдүү коргоп тургандыгын билиши зарыл. [!] Кыргыз Республикасы көз каранды эместигин салтанаттуу жарыялоо менен, Мамлекеттик суверенитет жөнүндө декларациясында Конституциянын жана республика мыйзамдарынын өз өлкөбүздүн аймагындагы үстөмдүгүн бекемдеген, ал эми алардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө прокуратура органдарына жүктөлгөн [86]. Андыктан бүгүн мыйзамдардын аткрылышына көзөмөл жүргүзгөн,

мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылган конституциялык орган Кыргыз Республикасынын прокуратурасы болуп саналат. Биздин оюбуз боюнча, мыйзамдардын түрүн кабыл алуу аздык кылат – аларды колдонуунун эфеективдүү механизмдери болууга тийиш. Азыркы кырдаалга карата анын негизги багыттарынын бири Конституцияда көрсөтүлгөн мыйзам актыларынын туура жана бирдей аткарылышын прокурордук көзөмөлдөө зарылчылыгы болуп саналат. [!]

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөөчү мамлекеттик орган болуп саналат. (1-бер.)[4].

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары мыйзамдын улуктугун, мыйзамдуулукту камсыздоо жана аны бекемдөө, ошондой эле мыйзамда көрсөтүлгөн коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын сактоо үчүн төмөндөгүдөй функцияларды аткарат: [!]

1) аткаруу бийлигинин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызматкерлери тарабынан мыйзамдын туура жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөшөт; [!]

2) жазык сот өндүрүштөрүнүн чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо аракеттерин колдонууда мыйзамдардын сакталышын контролдойт; [!]

3) мыйзамда каралган жагдайларда сотто жарандардын же мамлекеттин кызыкчылыктарын коргойт;[!]

4) соттук иштерде мамлекеттик айыптоо ишин алып барат;[!]

5) бийлик органдарынын кызмат адамдарына жазыктык куугунтуктоону ишке ашырат ж.б.[!]

Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарына ылайык прокурорлор, соттордун иштерди кароосуна катышат, соттордун мыйзамга каршы келген чечимдерине, өкүмдөрүнө жана токтомдоруна

сунуштамаларды киргизет. Прокуратура органдарынын бул бардык ыйгарым укуктары толугу менен жашы жете электерге да тиешелүү.

Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо боюнча ишинде эки багытты бөлүп көрсөтсө болот: Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарыяланган жана мыйзамдарда белгиленген алардын укуктарын сактоо жана коргоо, өспүрүм мыйзам менен жаңжалдашкан учурда, жашы жете электер жасаган же алар катышкан кылмыштарды иликтөөдө алардын укуктары бузулуусуна жол бербөө үчүн мыйзамдуулукту сактооо. [!]

Прокуратура органдары мыйзамдын көрсөтмөлөрүн, Башкы прокурордун буйруктары менен көрсөтмөлөрүн аткарышат, ушул маселелердин бардыгына тиешелүү деңгээлде көңүл бурат.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 2.12.2014-жылдагы №1 “Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын алдын алуучу иш-багыттарын күчөтүү боюнча чаралар жөнүндө” буйрукта мамлекеттик органдардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдын талаптарын так жана бирдей аткаруусунун маанилүүлүгү баса белгиленген. [!] Андыктан, прокуратура органдары "жашы жете электер жөнүндө мыйзамдын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү күчөтүү, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча натыйжалуу чараларды көрүшү керек". [87].

Прокуратуранын ролу жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамдардын эффективдүү жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү, кылмыштуулукка жана укук бузууларга каршы күрөштү өркүндөтүү, себептерин жана жагдайларын аныктоо жана четтетүү боюнча өзгөчө ыйгарым укуктарын пайдалануу аркылуу ар бир жашы жете электин туура, ак эмгек менен жашоосуна жетишүүдө турат. [!]

Укук бузууларды четтетүү жана өспүрүмдөрдүн бузулган укуктарын жана кызыкчылыктарын кайра кайтаруу максатында, прокурорлор “Прокуратура жөнүндө” Мыйзамда каралган чара көрүү каражаттарын: каршылык билдирүүнү, сунуштаманы, токтомду колдонушат.

Жогоруда белгилегендей, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы менен байланышкан көйгөйлөрдүн бири жашы жете электердин көзөмөлсүз калуусу менен күрөшүү болуп саналат. Өкмөт тарабынан “Жашы жете электердин арасында көзөмөлсүздүктүн жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча максаттуу программа бекитилген. Бул программа боюнча мамлекет тарабынан укук бузууга жакын же укук бузууга барган өспүрүмдөрдү тарбиялоо үчүн тиешелүү шарттарды камсыздоо боюнча чаралардын системасы иштелип чыккан. Прокуратурага  жашы жете элек өспүрүмдөрдү текшерүү, кабыл алуу жана бөлүштүрүү инспекцияларынын, ошондой эле педагогикалык окуудан өтпөгөн жаш өспүрүмдөрдүн атайын билим берүү мекемелеринин ишинде мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн.

Прокуратура органдарынын ишиндеги эң начар звено мыйзамдуулукка көзөмөлдүк жасоо жана прокурордук таасир этүү[!] каражаттары менен ата-энесиз калышкан балдардын укуктарын коргоо болуп саналарын белгилей кетүү зарыл.

Мыйзам бузуулардын алдын алуудагы жана жашы жете электердин көзөмөлсүздүгү менен күрөшүүдөгү маанилүү роль, мурда белгиленгендей, балдар иштери боюнча комиссияларга таандык. Бул комиссиялардан жетим балдарды жана өспүрүмдөрдү, ошондой эле ата-энелери аларды тарбиялоо үчүн тийиштүү милдеттерин аткарбаган жашы жете элек балдарды, жумушсуз жана билимсиз өспүрүмдөрдү, ошондой эле жашоо-тиричилигин, жумушун же билимин тактоого муктаж болгон балдарды аныктап, каттоого алуу талап кылынат. Комиссиянын чечимдеринин мыйзамдуулугуна көзөмөл жасоо прокуратурага жүктөлгөн. Ал жашы жете электерге жана алардын ата-энелерине көрүлгөн чаралардын мыйзамдуулугун системалуу түрдө

текшерип турууга тийиш. Комиссия жөнүндө жобого ылайык, жашы жетпегендердин мыйзам бузуулары жана контролсуз калгандыгы жөнүндө, аны менен катар, жашы жете электерди атайын багыттагы окуу-тарбия мекемелерине жиберүү туурасындагы иш аракеттер боюнча жазык иштерин кароодо[!] анын жыйындарына прокурордун катышуусу милдеттүү.

Кыргыз Республикасы өзүнө аткаруу милдеттенмесин алган “Баланын укуктары жөнүндө” БУУнун конвенциясында (1994) мамлекет турмушунун бардык чөйрөлөрүндө балдардын кызыкчылыгына жана бакубат турмушуна артыкчылык берүү жарыяланган. Жогоруда айтылгандай, балалыкты коргоо, жашы жете электердин укуктарын жетишерлик толук ишке ашыруу тууралуу камкордук – прокуратуранын ишмердигинин ичиндеги багыттардын бири. Прокуратура орун алган укук бузууларды аныктоо жана жок кылуу боюнча жалпы көзөмөлдүк, жарандык-укуктук, жазык-укуктук каражаттарды колдонуу менен жашы жете электердин укуктарынын корголушун көзөмөлдөйт.[!]

Г.А. Кененбаеванын пикири боюнча, үй-бүлө – бул өспүрүмдүн инсандыгын калыптандыруунун негизи, аны коомдук мамилелер системасына аралаштыруу. Үй-бүлөлүк тарбиянын жетишсиздиги өспүрүмдүн нравалык жактан бузулушуна алып келиши, аны кылмыш жасоого түртүшү мүмкүн [88].

Демек, прокурордук көзөмөлдүн объектиси ата-энелердин же аларды алмаштырган башка адамдардын, ошондой эле үй-бүлөдөгү балдардын жыргалчылыгын көзөмөлдөө үчүн жооптуу кызмат адамдарынын жана органдардын аракеттеринин мыйзамдуулугу болуп саналат.

Мындан тышкары, прокурор ата-энелик укуктарды ажыратуу, калыбына келтирүү жана чектөө тууралуу, баланы асырап алууну жокко чыгаруу тууралуу иштерге катышууга, башка учурларда мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.

Прокуратура органдарынын милдеттери мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча мыйзамда берилген

ыйгарым укуктарды колдонуу менен, жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктары кепилдикке алынуусун камсыздоодо турат. Прокуратура кылмыштуулук жана укук бузуулар менен күрөшүү боюнча ишин жакшыртууга, алардын келип чыгуусуна түрткү берген себептерин жана шарттарын таап, жок кылууга, ар бир артка чегинген өспүрүмдүн чынчыл, эмгекке айкалышкан жашоого кайтуусуна жетишүүгө милдеттүү.

Жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөл, шексиз түрдө, өз алдынча участок катары, милдеттердин жана иш усулдуктарынын бирдиктүүлүгү менен мүнөздөлгөн, мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн, бул багытта аны уюштуруу жана жүзөгө ашыруу боюнча негизги маселелерди атайын талдоону, чечүүнү талап кылган багыттардын бири катары каралууга тийиш.

Учурда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомчулуктун макулдашылган күч-аракеттеринин негизинде жашы жете электердин кылмыштарынын алдын алуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр бар.

Ошентсе да бул олуттуу милдетти чечүү үчүн бүтүндөй коомчулуктун күч-аракети, укук бузуулар менен күрөш жүргүзүү чараларынын системасын дайыма өркүндөтүп туруу зарыл.

Жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөлдү натыйжалуу жүргүзүү аны так уюштурууга, талаптагыдай пландаштырууга, негизги милдеттерди туура аныктоого жараша болот.

Көйгөйлөр прокурор өз ыйгарым укуктарын ишке ашырып жатканда да келип чыгат, аларды, “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, белгиленген мөөнөттө аткаруу талашсыз маселе. Көзөмөлдүк жүргүзүү ишин аткаруу үчүн прокурордун колдонуудагы ыйгарым укуктарынын жетишсиздиги жөнүндө жогоруда айтылгандарга жана прокурордук мамиленин заманбап жана натыйжалуу чараларын көрүүнүн мүмкүн эместиги тууралуу айрым учурларга ылайык, прокурордук көзөмөлдүн практикасынан прокурордун ыйгарым укуктарын ишке

ашырууда аталган тоскоолдуктардан өтүү боюнча төмөнкүдөй чаралар иштелип чыккан:

- мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызматкерлеринин мыйзамга туура келбеген аракеттерине (аракетсиздигине) кайчы пикирде болуу жана прокурордун талаптарын аткаруудагы милдеттери тууралуу арыздарды көрсөтүү;[!]
- прокурордун мыйзамга ылайык талаптарына баш ийбегендиги үчүн тартип бузуу тууралуу иш козгоо жөнүндө токтом чыгаруу. Прокурор бул чараларды бир учурда кабыл алууга тийиш.[!]

Өкүнүчкө карай, аларды колдонуу прокурорго мыйзамдарды өз убагында аткарууга мүмкүнчүлүк бербейт жана көптөгөн тармактарда адамдардын жана жарандардын, коомдун жана мамлекеттин укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун натыйжалуулугуна таасир этет. Айтылгандарга таянып, «Крыгыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамынын жоболорун кеңири туюнтуу тууралуу сунуштардын негизи бар деп эсептейбиз. Аны менен катар, жакынкы чет өлкөлөрдүн иш тажрыйбаларын да байкаштырып көрүү ашыкча болбойт деген ойдобуз.[!]

Мындай максатты көздөө менен прокуратура ишинин укук кепилдиктерин төмөнкүдөй караштыруу абзел:

- анын ыйгарым укуктарынын негизинде мйзамдардагы бардык талаптар аткарылууга тийиш деп белгилөө керек. Мисалы, Казакстан Республикасында «Прокуратура жөнүндө» Мыйзамга ылайык, жазма буйруктар жана токтомдор аткарылбаса, прокурор өз ишмердүүлүгүнүн алкагында аларды аткаруу үчүн буйрук берүүгө укуктуу [89]. Прокуратура органдарына көрсөтмө берүүгө келүүдөн баш тарткан учурда, мындай адамды прокурорго күчкө салып алып келүү жөнүндө токтом чыгаруу укугун берүү керек, ал эми токтомдун аткарылышын ички иштер органдарына жүктөө керек. Прокурорлордун ыйгарым укуктарына аты аталган орган жана уюмдардын документтерин жана материалдарын алуу, прокуратура

органдарына түшкөн мыйзамды бузуу жөнүндө факт жүзүндөгү маалымат боюнча мыйзамдардын иштеп жаткандыгына байланыштуу текшерүү кирет.
Прокуратура органдарына келип түшкөн маалыматтардын, анын ичинде прокуратуранын компетенциясындагы ыйгарым укуктарды колдонууну шарттаган мыйзам бузуулар жөнүндө башка документтердин негизинде прокуратура биринчи кезекте жалпыга маанилүү болгон мамлекеттин кызыкчылыктарынын, өзгөчө укуктук жана социалдык коргоого муктаж адамдардын тобунун, эмгек жамаатынын, репрессиянын курмандыктарынын, улуттук азчылыктардын, жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча көзөмөл жүргүзөт. [!] Прокуратура органдарынын текшерүү жүргүзүүсү үчүн жазык жана жарандык иштер боюнча материалдар, статистика, прокурордук жана укук колдонуу практикасын талдоонун жыйынтыктары, ошондой эле мыйзам бузуулар жөнүндө жетиштүү маалыматтарды камтыган башка материалдар себеп болот.

Андыктан, өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иштерин уюштуруу көйгөйлөрү бардык жерде толтура кезигет, анткени жогоруда аталган факторлор прокуратуранын ишине гана эмес, аны менен катар, бүтүндөй мамлекет системасына таасирин тийгизет. Биздин оюбузча, оболу, прокуратуранын мамлекеттик башкаруу органдарынын тутумундагы ордун, прокурордук-көзөмөлдүк иштин мүнөзүн, иштебеген мыйзамдарды калыбына келтирүү жана жашы жете электерге карата зарыл чараларды кабыл алуу боюнча прокуратуранын ыйгарым укуктарын талдоо керек.[!]
Ошондой эле, прокуратура органдары менен мамлекеттик бийлик органдардын, башка мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын өз ара иш алып баруусунда проблемалар жок эмес. [!]

Укук жаатындагы маселелер, мыйзамдардын өнүкпөй жаткандыгы жана башкаруу чөйрөсүндөгү болуп жаткан бюрократия менен да байланыштуу. Өтө көп учурларда прокуратура органдарынын кызмат

адамдары аларга керек болгон маалыматты прокуратура кызматкеринин суроо-талабы кабинеттердин ички системасы боюнча “саякаттап” жүргөндүгүнүн айынан өз мөөнөтүндө албай келишет. Бул кырдаал мыйзам бузууларды жоюу боюнча прокурорлордун көргөн чараларынын кечигүүсүнө, ага кечигип чара көрүүсүнө алып келген. Мындай учурда көрүлгөн прокурордук чаралар өзүнүн таасирдүүлүгүн жоготот. Аталган көйгөйдү чечүү үчүн бардык мамлекеттик бийлик органдарын иш кагаздарын электрондук жолдо жүргүзүүгө өткөрүүнү камсыздоо зарыл, анткени заманбап технологиялар маалыматты каалаган адамга, аралыктын алыстыгына карабастан, көз ачып-жумганча жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

Жыйынтыктап жатып, прокуратура органдарынын алдында жеке эле аларга жүктөлгөн ыйгарым укуктарды натыйжалуу аткаруу эмес, ошондой эле мыйзам чыгаруучуга орун алган көйгөйлөрдү жоюуга жардам берүү милдети да тургандыгын белгилеп коюу зарыл. Прокуратура органдарынын ишин жетишерлик толук жөнгө салуу үчүн мыйзамдардын аткрылышына көзөмөл жүргүзүүчү өзгөчө орган катары Конституцияда алардын укуктук статусун, алдыда турган иш милдеттеринин жана максаттарынын тизмегин майда-баратына чейин бекитүү керек.

***Бул главада баяндалгандарды жалпылоо менен, төмөнкүдөй корутундуларды жасайбыз:***

**1.** Ошенти, прокурорлор көзөмөлдү жүзөгө ашырууда, эң оболу, балдардын укуктарын жашоонун бардык чөйрөлөрүндө камсыздоо – бул жалпы коомдун милдети деген принципке таянуу керек. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо боюнча ишин уюштуруу төмөнкүдөй багыттарда караса болот:

- билим берүү жөнүндө мыйзамдарды аткарууга карата прокурордук көзөмөл;
- жашы жете электерди иш менен камсыздоо, эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдардын  аткарылышына прокурордук көзөмөл;

- жашы жете электердин өмүрүн жана саламаттыгын сактоо тууралуу мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл;[!]
- жетим балдардын жана ата-эненин кароосуз калган балдардын укуктарынын сакталышына прокурордук көзөмөл ж.б..

***2.*** Прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасы – тийиштүү кырдаалдары жана шарттарды эске алуу менен, прокурордук көзөмөлдүн милдеттерин чечүү үчүн анын теориясынан[!] жана практикасынан иштелип чыккан, конкреттүү укуктук каражаттарды пайдалануунун эң оптималдуу жолдорунун жана ыкмаларынын жыйындысы. Укуктук каражатты пайдалануунун тигил же бул ыкмаларын жана усулдарын тандап алуу прокурордук көзөмөлдүн объектисинин өзгөчөлүктөрүнө, укук бузуулардын маңызына, прокурордун тажрыйбасына жана берген артыкчылыктарына жана башка кырдаал боюнча көптөгөн шарттарга жана мүнөздөмөлөргө көз каранды.

Прокурордук көзөмөлдүн усулдугу деп мыйзам бузууларды жана аларга түрткү болгон жагдайларды табуу, жоюу жана алдын алуу максатында прокурорлор тарабынан колдонулуучу усулдар менен ыкмалардын жыйындысы түшүндүрүлөт. Ыкма деп прокурордун, маселен, чындыкты аныктоо, укук бузуулардын ж.б. алдын алуу максаттарына кызмат кылган конкреттүү иш-аракеттери түшүндүрүлөт.

Усулдук усулдар менен ыкмалардын комплексин (системасын) камтыйт жана аларды прокурор тигил же бул милдетти аткаруу максаттарында колдоно алат. Ушуну менен бирге, усулдар менен ыкмалар, эреже катары, милдеттүү эмес, сунуш мүнөзүнө ээ экендигин эске алуу керек. Андыктан аларды көп учурда сунуштар деп атап коюшат. Юридикалык адабиятта ыкмаларды адатта уюштуруучулук, тактикалык жана техникалык деп бөлүшөт.

***3***. Укуктук мүнөздөгү көйгөйлөр мыйзамдардын өркүндөбөгөндүгү жана орун алган бюрократизм менен байланышкан. Өтө көп учурларда прокуратура органдарынын кызмат адамдары аларга керек болгон маалыматты прокуратура кызматкеринин суроо-талабы кабинеттердин ички

системасы боюнча “саякаттап” жүргөндүгүнүн айынан өз мөөнөтүндө албай келишет. Бул кырдаал мыйзам бузууларды жоюу боюнча прокурорлордун көргөн чараларынын кечигүүсүнө, ага кечигип чара көрүүсүнө алып келген. Мындай учурда көрүлгөн прокурордук чаралар өзүнүн таасирдүүлүгүн жоготот. Аталган көйгөйдү чечүү үчүн бардык мамлекеттик бийлик органдарын иш кагаздарын электрондук жолдо жүргүзүүгө өткөрүүнү камсыздоо зарыл, анткени заманбап технологиялар маалыматты каалаган адамга, аралыктын алыстыгына карабастан, көз ачып-жумганча жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

Прокурордун мыйзам берген иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу процессинде келип чыккан уюштуруучулук көйгөйлөрдү жоюу чоң мааниге ээ. Көйгөйлөрдүн бул түрү прокурорлордун көзөмөлдүк ыйгарым укуктарын ишке ашыруусу, кадрдык ресурстардын көйгөйлөрү, көптөгөн айыл пункттарынын алыстыгы жана жетүүгө кыйындыгы, прокурордук кызматкерлердин милдеттеринин арбындыгы менен байшаныштуу болушу ыктымал.

Уюштуруучулук көйгөйлөрдүн түрлөрүнүн бири техникалык жактан жабдуу жана электрондук жол менен иш кагаздарын айландыруунун жоктугу болуп саналат.

Мындан тышкары, прокуратуранын ишинде төмөнкүдөй көйгөйлөрдү бөлүп көрсөтсө болот: укуктук жактан жетишсиз жөнгө салуу, мыйзамчылыр тарабынан ыраатсыз жүргүзүлгөн реформалар, прокуратура органдарынын башка башкаруу органдары жана өз алдынча башкаруу органдары менен чогуу кызматташуусундагы көйгөйлөр, сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө жана тергөө иштерине көзөмөлдүк жүргүзүү чөйрөлөрүндө прокуратуранын ыйгарым укуктарын аткаруусу.

Демек, проблемалар прокурорлордун өз кызматынын чегиндеги укуктарын жүзөгө ашырууда да пайда болот, алар «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, белгиленген мөөнөттө сөзсүз аткарылышы шарт.[!] Көзөмөлдүк ишти

жүзөгө ашыруу үчүн прокурордун колдонуудагы ыйгарым укуктарынын жетишсиздиги тууралуу жогоруда айтылгандар айрым учурларда прокурордук заманбап жана натыйжалуу чараларды көрүүгө мүмкүн эместигин билдирип турат.

## 3-ГЛАВА. Прокуратура органдарынын ишин жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө уюштурууну өркүндөтүүнүн негизги багыттары

### 3.1. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук негиздеринин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору

Кыргыз Республикасында прокурордук көзөмөлдү өркүндөтүүнүн негизги багыттары программалуу саясий-укуктук актыларда жана стратегияларда бекитилген. Кыргыз Республикасында мындай базалык документ болуп 2016-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын калкынын укуктук маданиятын көтөрүү концепциясы саналат[90].

О.С. Капинус прокурорлорго жашы жете электердин укуктарын коргоо көйгөйлөрүнө терең көңүл буруу зарыл, анткени дүйнөлүк экономикалык кризистин шартында жарандардын эң аяр категориясынын бири катары балдардын укуктарын сактоо өтө олуттуу көйгөйгө айланууда. Мындан тышкары, мыйзамдарды жана прокурордук тажрыйбаны өркүндөтүүгө ыңгайлаштырылган чет өлкөлүк тажрыйба, анын ичинде, КМШга мүчө мамлекеттердин тажрыйбасы көмөк бере алат [91].

Мындайдан баарыбызга белгилүү Аскар Акаев да четте калган эмес. Ал «Мыйзамдарды, ал тургай жакшы мыйзамды да кабыл алып койгон жетиштүү эмес, аларды иштетүнүн эффективдүү механизмдери да керек. Биздин шартта кыймылдаткыч куралдардын бири – бул Конституцияда белгиленген мыйзам актыларынын так жана бердей аткарылышына прокурордук көзөмөл» деп эсептеген. Биз аны менен толук макулбуз, анткени Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук

стратегиясында (мындан ары – ТӨУС) билдирилген стратегиялык максаттарды жүзөгө ашыруу бир катар иш-аракеттерди аткарууну талап кылат. Алардын ичинде «Мамлекеттин саясий, экономикалык жана социалдык турмушунун бардык тармактарында адам укуктарын урматтоо, коргоо жана камсыздоо принциптерине негизделген мыйзамдуулукту орнотуу мамлекеттин стабилдүүлүгүнүн, туруктуулугунун жана Кыргызстандын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн башка фактору болуп саналат. Мыйзамдуулукту бузуу жана жарандардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын барктабоо Кыргызстанда эки жолу бийликтин алмашуусуна алып келди.

Андыктан бардык мамлекеттик бийлик бутактарынын ишинин маанилүү багыты нукура укуктук мамлекетти калыптандыруу, жашоонун бардык чөйрөлөрүндө укук менен мыйзамдуулуктун үстөмдүгүн камсыздоо, мамлекеттик органдарды контролдоо жана көзөмөлдөө болууда» деген ой маанилүү орунда турат, демек, бир жагынан, мамлекеттик башкаруунун функцияларын, экинчи жагынан, мыйзамдуулукту камсыздоо жолдорун аткаруу менен, прокурордук көзөмөлдүн актуалдуу маселеси бойдон калууда. Тиешелүү токтом менен мамлекеттик органдардын, тагыаагы прокуратура органдарынын контролдук жана көзөмөлдүк ыйгарым укуктарынын катышы тууралуу маселе чечилген. Ушуну менен бирге, Кыргызстанда мамлекеттик органдарга алардын компетенциясынын чектеринде контролдоочу жана көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жагында конституциялык чектөөлөр жок экендиги ырасталган. Башкача айтканда, көзөмөлдөө боюнча атайын укуктар прокуратура гана эмес, башка бийлик органдарына да жүктөлүшү ыктымал. Анын жыйынтыгында, Кыргызстанда ишке аша турган мамлекеттик контролду, ошондой эле көзөмөлдү өнүктүрүүнүн[!] төмөнкүдөй келечектүү багыттары аныкталган:

- контролдоочу-көзөмөлдөөчү органдарды өркүндөтүү жана оптималдаштыруу;

- укуктук мамилелердин бардык субъектилерине карата контролдочу-көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктарды кыскартуу жана көлөмүн тартипке келтирүү;
- көзөмөл жүргүзүү иштерин укуктук жөнгө салуунун деңгээлин жогорулатуу;
- негизги иш милдети катары прокуратуранын көзөмөлдүк ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу.

Кыргызстанда балдарды коргоо системасы калыптануу этабында турат. Мезгил-мезгили менен жүрүп келген аны кайра түзүүлөр, анын ордун ар кандай министрликтердин же ведомстволордун алкагында табуу аракеттери, чектелген ыйгарым укуктар, жергиликтүү деңгээлде инфратүзүмдүн жоктугу, ошондой эле, өтө чектелген каржылоолор жана кадрдык ресурстар балдарды коргоо маселелеринде канчалык болсо да олуттуу натыйжаларга жетишүүгө мүмкүндүк бербей келди. Мындан тышкары, Кодекс кабыл алынгандан жана балдарды коргоо боюнча адистешкен кызмат түзүлгөндөн бери кыска гана мөөнөт өткөндүгүн да белгилеп коюу керек.

Балдардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жөнгө салуучу аракеттеги ЧУАлар көптөгөн бийлик органдарынын жоопкерчиликтерин тең салмактап бөлүштүрбөйт жана ажыратпайт.

Өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо тармагында мурда иштеп [!] жаткан бийлик органы менен бирдикте ачык-так эмес функциялары жана чектелген ыйгарым укуктары бар, балдарды социалдык жактан коргоого жооптуу жаңы мамлекеттик түзүмдөрдү түзүү жыйынтыгында Кыргызстанда балдарды коргоо системасынын майдалануусуна алып келүүдө.

Маанилүү жагдайлардын бири - финансы каражаттарынын жетишсиздиги бул чөйрөдө комплекстүү, системалуу жана туруктуу программаларды уюштурууга мүмкүндүк бербей келет.

Балдар жөнүндө КР кодексинде “бала” деген түшүнүк кабыл алынгандыгына карабастан[30], өлкөдө ар кандай курактагы балдар боюнча статистика жүргүзүлбөйт. Алсак, расмий статистикалык маалыматтар

калктын бардык куррактагы топторун камтыбайт. Ошентсе да, статистикалык эсеп жана УСК басып чыгарган документтер төмөнкүдөй жаш курактарына бөлүштүрүүнү караштырат: 0-4 жаш.; 5-9; 10-14; 15-19 жаш[134]. Башкача айтканда, жарыяланган статистикалык маалыматтар боюнча, балдар өзүнчө сап менен бөлүнбөйт, 18 жашка чейинки балдардын саны көрсөтүлбөйт, ошондой эле анын эсебин чыгаруу мүмкүн эмес, анткени маалыматтардын балдар киргизилген жогорку градациясы 15-19 жаш курагындагы топту камтып турат. Ушуну менен бирге, эреже катары, балдар боюнча берилген көрсөткүчтөр (мисалы, ооруга чалдыккандар боюнча) жалпы калкты жана 14 жашка чейинки гана балдарды эске алууну улантууда.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана мыйзам актыларында баланын укуктары аныкталган жана алардын чөйрөсү абдан кенен: Кыргыз Республикасынын Конституциясына [3] ылайык, Кыргызстандын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктук документтерден баштап, министрликтер менен ведомстволордун ченемдик укуктук актыларына чейин кирет.

Жашы жете электердин укуктарын жүзөгө ашыруунун процесстик эрежелери ар кандай ченемдик укуктук актыларда камтылган жана, тажрыйба көрсөткөндөй, алар дайыма эле КР ЖПКнын ченемдери менен шайкеш келе бербейт [136]. Жарандык процесстик кодекс жашы жете элек баланын сотко кайрылуу жана анын соттук териштирүүгө катышуу механизмин камтый турган “балдардын укуктарын коргоо менен байланышкан иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү” өз алдынча бөлүмдү камтыбайт.

Кыргызстандын Жазык-процесстик кодекси жашы жете электерге тишелүү тыюу салуу аракетин пайдалануу боюнча маселени чечүүдө, жасалган кылмыш оор болгон өзгөчө учурларда гана камакта кармоо колдонулушу мүмкүн. [!]

Чындыгында, ЖПКнын 116-беренесинде ушундай өзгөчө учурлар, атап айтканда, жашы жете элек баланын өзгөчө оор кылмыш жасоосу же оор

кылмыш катары квалификацияланууучу кылмыштык жосундарды бир нече ирет жасоосу тууралуу айтылат.

Ушуну менен бирге, КР ЖПКнын 116-беренеси өзгөчө учурларда бөгөт коюунун бул чарасы төмөнкү кырдаалдардын бири болгондо, 5 жылга чейин эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган, кылмыш жасоого шектүү, айыпталуучуга карата колдонулушу мүмкүн[!] экендигин белгилейт:

1) шектүүнүн, айыпталуучунун Кыргыз Республикасынын территориясында туруктуу же убактылуу жашоочу жери болбогондо;

2) шектүүнүн же айыпталуучунун өздүгү такталбаганда;

3) буга чейин милдеттендирилген бөгөт чарасын бузганда;

4) шектүүнүн же айыпталуучу алгачкы текшерүү органынан же соттон качып жүргөн болсо.[!]

Адам, анын ичинде, жашы жете элек бала эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган кылмыштарды жасаса, сот  аларга камакта кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасын тандай алат.

Кыргыз Республикасынын ЖПКсынын ченемдериндеги бул укуктук коллизия өзгөчө учурларда ушундай бөгөт коюу чарасын тандап алуу мүмкүнчүлүгүн белгилеген эл аралык стандарттарды жана принциптерди толук өлчөмдө ишке ашырууга мүмкүндүк бербейт.

КР ЖПКнын 453-беренеси жашы жете элек шектелүүчүнү, айыпталуучуну суракка алуудагы убактылуу чектөөлөрдү белгилегендигине карабастан, беттештирүү, көрсөтмөлөрдү жеринде текшерүү, тергөө эксперименти жана жашы жете элек шектелүүчүнүн, айыпталуучунун катышуусу менен таануу сыяктуу процесстик иш-аракеттерди жүргүзүүдө убакытты чектөө зарылчылыгы тууралуу ЖПКда эч нерсе айтылбайт [6].

Коомчулуктагы кеңири талкууларга карабастан, ушул мезгилге чейин адистешүү, б.а. прокуратуранын атайын даярдалган кызматкерлеринин жана судьяларынын жашы жете электердин иштери боюнча тергөөлөрдү жүргүзүү

жана  соттук териштирүүлөрдү өткөрүү зарылчылыгы боюнча маселе чечиле элек.

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары мыйзамдарды өркүндөтүү жана бардык балдарды жынысына, социалдык тегине, саламаттыгынын абалына, улуттук, диний таандыктыгына, жарандыгына карабастан басмырлоого жол бербөө механизмдерин иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бирок, буга карабастан, өлкөдө орун алган социалдык-экономикалык кыйынчылыктар иш жүзүндө балдардын мыйзам менен бекемделген укуктарынын толук кандуулугун камсыздоого мүмкүндүк бербей жатат. Бул “балдардын айрым категорияларын, айрыкча жакырлар менен аялуу тобун, ошондой эле айылдык жашоочуларды никелешүүгө мажбурлоо, билим алууга, медициналык кызматтарга жана социалдык колдоого чектөө коюу маселесине; үй-бүлөдө жана балдардын атайын уюмдарындагы орун алган зомбулук көрсөтүү, балдардын керектөөлөрүнө кайдигер кароо фактыларына тиешелүү. Ошол эле учурда, балдар мамлекеттик органдарга кайрылышпайт же болбосо мамлекеттин камкордугуна караганда көчөдөгү жашоону артык көрүшөт.

Кыргызстанда балдардын жакырдыгы олуттуу көйгөй болуп саналат жана ал ар бир үчүнчү баланын турмушуна тиешелүү. Жакырчылыкта жашаган балдар мектепке чейинки жана мектептеги сапаттуу билим алуу мүмкүнүчүлүгүнөн ажырашкан, коргоодон, медициналык тейлөөдөн, толук кандуу тамактануудан жана  гармониялуу өнүгүү укугунан ажырашкан. Алардын басымдуу көпчүлүгү айыл жергесинде, өлкөнүн түштүгүндө, 3төн ашык балдары бар үй-бүлөлөрдө жашашат. Анын үстүндө, мындай үй-бүлөлөрдө бирден гана чоң киши иштейт же алардын бардыгы жумушсуз болуп эсептелет.

Үй-бүлөлөрдөгү жакырчылык, түзүлгөн жагымсыз кырдаал, анын ичинде, алкоголь ичимдиктерин көп ичкен, үй-бүлөлүк зомбулук өкүм сүргөн себептүү, эртелеп жана мажбурлаган никелер, балдарды иштетүү жана кыз ала качуулар Кыргызстандагы балдардын аялуу абалын билдирген

факторлордун бир гана бөлүгү болуп саналат. Өзгөчө тынчсыздануунү иш издеп өлкөдөн чыгып кетишкен ата-энелердин калтырган балдарынын катаал абалы жаратат.

Статистикага ылайык, мектептен билим алган балдардын пайызы салыштырмалуу жогору – 2010-жылы 94 пайыз болгон. Ошентсе да, ЮНИСЕФтин колдоосу алдында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары [92], балдардын мектеп билими менен иш жүзүндө камтылуусу расмий статистикалык маалыматтардан алда канча төмөн экендигин көрсүтөп турат. Эл аралык талдоо программасынын соңку маалыматтарына ылайык, Кыргызстандын студенттеринин баалары окуу, табият таануу жана математика боюнча жалпы көрсөткүчтөрү боюнча 57 өлкөнүн ичинен акыркы орунду ээлеген [93].

Кыргызстанда балдардын укуктарын камсыздоого багытталган ченемдик укуктук база түзүлгөндүгүнө карабастан, алар үй зомбулугунан али да болсо зарыл деңгээлде корголгон эмес. Тыюу салган мыйзамдар бар болсо да, кыздарды уурдап ала качкан учурлардын өсүүсү уланып жаткандыгы олуттуу көйгөй бойдон калууда.

Өзгөчө көңүл бурууга муктаж болгон балдар - бул жакыр үй-бүлөлөрдөн чыккан, зомбулуктан жабыр тарткан, ата-энелердин кароосунан калышкан, кемсинтүү, басмырлоону башынан өткөрүшкөн балдар же социалдык жактан камкордукка алынбаган балдар. Үй-бүлөдө балдарга ырайымсыз мамиле жасалган учурларды изилдөө 10-17 жаштагы балдардын ар бир экинчиси үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан одоно оозеки шылдыңдоолорго туш болушарын, ар бир үчүнчү бала психологиялык же физикалык ырайымсыз мамилеге кабылышарын көрсөткөн. Мындан тышкары, үй-бүлөдөгү сексуалдык зомубулуктар тууралуу маалыматтар да бар. Үй-бүлөдө зомбулук көргөн, жакын адамын жоготкон жана үй-бүлөсүнөн бөлүнгөн балдар интернатка кабылышат. Интернаттарды каржылоого балдарды коргоого арналган мамлекеттик бюджеттин ири бөлүгү жумшалат.

Соңку көптөгөн жылдардан бери “эркинен ажыратылган” балдар өлкө жетекчилигинин жана жарандык коомдун тынчсыздануусунун предметине айланышты. Балдарга карата сот адилеттигинин системасын реформалоону көздөгөн Балдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодекси кабыл алынгандыгына карабастан, Кыргызстандын колдонуудагы ченемдик укуктук базасы тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө туруктуу альтернативаларды сунуштабайт. Колдонуудагы мыйзамдарда жазык жоопкерчилигин түзөтүүчү таасир көрсөтүүнүн альтернативдүү түрлөрү менен алмаштыруу каралган эмес. Конституцияда ар бир жаранга квалификациялуу юридикалык жардам берүү жарыялангандыгына карабастан, жашы жете электер көп жерлерде дайыма эле мындай жардамды ала беришпейт. Ийгиликтүү социалдык интеграциялоо максатында жашы жете электерге зарыл кызматтарды көрсөтүү үчүн жетиштүү инфратүзүм жок. Балдарга карата сот адилеттигинин системасынын натыйжасыз болуусу заманбап коомду куруп жаткан өлкөнүн кадырына олуттуу доо кетирет.

Учурда өлкө кризистен чыгып, укуктук ченемдер, анын ичинде, баланын укуктук статусуна тиешелүү ченемдер иштеп калган, балдардын укуктарын коргоп, сактоого милдеттүү мамлекеттик түзүмдөр аракеттене баштаган күндү күтүүгө болбойт: биз мыйзамсыздыкка жана тартипсиздикке көнгөн жарандардын муунун тарбиялап алышыбыз мүмкүн.

Бапрдык татаалдыктарга карабастан, курмандыкка чабылган балдарды жана коркунучка туш болгон балдарды издеп табуу, аларга комплекстүү комкордук көрүүнү жакшыртуу, жетишерлик натыйжалуу тергөөнү жана жазыктык куугунтуктоону камсыздоо, балдар мекемелери үчүн стандартташтырылган ченемдерди түзүү максатында бир катар артыкчылыктуу, олуттуу чыгымдарды талап кылбаган чараларды жүзөгө ашыруу керек.

Балдарды натыйжалуу коргоону камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө балдарды коргоо боюнча программалардын алкагында үзгүлтүксүз баа берүүнү, көзөмөлгө алууну жана отчеттуулук

механизмдерин түзүүнү камсыздоо аркылуу өз милдеттенмелерин сактоосу зарыл.

Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- ишеним телефондору менен камтууну жайылтуу;
- үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдү (ОПСД), социалдык кызматкерлерди (жергиликтүү деңгээлде), жашы жете электердин иштери боюнча инспекторлорду, мектептердеги социалык педагогдорду бекемдөө: ачык-так кызматтык нускамалар, окутуу (негизги компетенциялар), материалдык-техникалык камсыздоо, бюрократияны азайтып, балдар/үй-бүлөлөр/жамааттар менен түз жана туруктуу иштөөнү көбөйтүү;
- мыйзамдарды натыйжалуу колдонуу;
- коррупция жана жазаланбоочулук менен күрөшүү боюнча чечкиндүү иш-аракеттер;
- мыйзамдар тууралуу маалымдуулукту көтөрүү.

Майып балдардын тоскоолдуксуз маалымат алуу мүмкүндүгүн камсыздоо чөйрөсүндөгү, майыптарды коомдон мужбурлап обочолонтууга шарт түзгөн укук бузуулар кеңири таркап кетти. Алардын арасында: билим берүү уюмдарында жана китепканаларда майыптар үчүн мезгилдик, илимий, окуу-усулдук, маалыматтык жана көркөм адабияттын, анын ичинде, издаваемой рельефтик-чекиттүү шрифтом Брайлдын шрифтери менен басылып чыккан адабияттардын жоктугу; майып балдардын сурдотехника, тифлокаражаттар жана башка социалдык ыңгайлашуу үчүн зарыл каражаттар менен камсыздалбагандыгы.

Ошентип, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын контролдоочу прокурордун ишмердүүлүгү интенсивдүү түрдө өспүрүмдөргө, алардын ата-энелерине же камкорчуларына болгон таасир этүүнүн профилактикалык чараларын пайдалануудан түзүлгөн, ушул аркылуу прокурор өзүн өспүрүмдөр тарабынан мыйзам бузууларды алдын алуучу

субъект катары көрсөткөн. Алдын алуучу курам прокурордук иште болууга тийиш деп эсептейбиз жана бул прокурордук тажрыйбада ырасталган.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзгөн прокурор прокурордук мол тажрыйбага гана эмес, педагог менен психологдун көндүмдөрүнө да ээ болууга тийиш. Өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоого байланыштуу актуалдуу проблемаларды чечүү прокурорлорго тийиштүү психологиялык ыктардын иштелип чыгышына жардам берет. Айрыкча, бул укук бузган өспүрүмдөр менен сүйлөшүүдө жакшы билинет. Жашы жете элек балдардын ушул тобу менен коммуникацияны түзө[!] билүүсү, алардан талап кылынган маалыматты алуу прокурордун кесипкөйлүгүн ырастап турат.

Жашы жете элек баладан мыйзам бузуулар боюнча маалымат алган учурда, прокурордун балага суроону туура берүүсү чоң мааниге ээ. Суроону туура түзүү деп биз прокурордун жашы жете элек бала менен маектешкен кезде анын психологиялык абалына дароо берилген бааны эске алуу менен суроолорду туура аныктоо, прокурордун маектешүү процессинде түзүлгөн кырдаалга багыттала билүү жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Ушуну менен бирге, жашы жете элек бала өзүн эркин, коопсуз сезүүсү жана прокурорго керек түшүндүрмөлөрдү бере алышы үчүн зарыл сөздөрдү табуу маанилүү.

Мындан улам, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдын сакталышын көзөмөлдөөчү прокурорлор жана сотто жашы жете элек өспүрүмдөрдүн ишин кароого катышкан прокурорлорду өз ишинде психологиялык ыкмаларды колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу туура болот. Ушундай эле көрсөтмөлөр жашы жете электер иштери боюнча прокурордун жардамчысы үчүн да иштелип чыгышы керек. Алар жардамчынын аталган багыттагы иш-милдеттерин так аткаруусуна, атап айтканда: жашы жете электерден түшүнүк алуу; текшерүү учурунда ж.б. шарт түзөт.

Жыйынтыгында, прокурордун керектүү психологиялык билимдерди топтой алышы, жашы жете электер жөнүндө мыйзамдын аткарылышын

көзөмөлдөө боюнча иштин натыйжалуулугуна таасирин тийгизери шексиз. [!]

## 3.2. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздерин өркүндөтүү

Адам укуктары туулган учурдан тартып коомдун ар бир мүчөсүнө табигый жактан таандык, ажырагыс касиети болуп саналат. Укуктар менен эркиндиктерди колдонуунун натыйжасында инсандын кайталангыс экендиги билинип, ар бир адамдын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү ачылат жана булар жалпы коомдун өнүгүүсүнө чечүүчү мааниде таасир этет.

Адам укуктарынын жалпы декларациясы бекеринен эркиндиктин, адилеттүүлүктүн жана жалпы тынчтыктын негизи болуп адамзат үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнө мүнөздүү бирдей нарк-касиетти жана алардын тең жана ажыралгыс укуктарын таануу саналат деген сөздөр менен башталбайт.

Ар бир улуттун жана жалпы адамзаттын келечеги түпкүлүгүндө өсүп келе жаткан муунга көз каранды, андыктан балдардын укуктарын камсыз кылуу жана аларды укуктук жактан коргоо, сөз жок, азыркы замандын негизги милдети болуп саналат жана аны чечүүгө бүтүндөй дүйнө коомчулугу кызыкдар болууга тийиш.

БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан 1959-жылы 20-ноябрда кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясында жарыяланган эл аралык укуктун негиз салуучу принциби өз өнүгүүсүнө Декларациянын 30-жылдыгынын күнүндө, 1989-жылы 20-ноябрда Генералдык Ассамблеянын сессиясында Баланын укуктары жөнүндө конвенция кабыл алынганда ээ болгон. Белгилүү болгондой, бул Конвенция баланын укуктарын бекемдөө келишимдик мүнөздөгү ченемдик актылардын даражасындагы, мыйзамдык эл аралык акт болуп калган. [94] Конвенция Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жоболорун андан ары гана өнүктүрбөстөн, ошондой эле

ага кошулган мамлекеттерге балдарга карата кандай болбосун иш-аракеттери үчүн укуктук жоопкерчиликти жүктөгөн.

Маселенин тарыхы жана ЮНИСЕФтин региондун өлкөлөрүнө карата мамилесинин маңызы боюнча бир нече сөз айта кетелик.

Баланын укуктары жөнүндө конвенция мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана өкмөттүк эмес уюмдары менен кызматташуу үчүн легитимдүү негизди гана камсыздай турган гана документ болуп саналбайт. Ага кошулган мамлекеттер үчүн милдеттүү күчү бар эл аралык келишим катары, Конвенция эл аралык укуктун принциптерине жана ченемдерине ылайык, мамлекетти балдарга карата өз иш-аракеттери үчүн эл аралык коомчулуктун алдында укуктук жоопкерчилик тартууга милдеттендирет.

Жогоруда баяндалган фактылар, биздин пикирибизде, социалдык-экономикалык реформаларды өткөрүүдө мамлекеттик бийлик органдары жүргүзүлүп жаткан социалдык-экономикалык саясаттын кесепеттеринен балдарды коргоонун зарыл чараларын жүзөгө ашырууну камсыз кылышпагандыгын ырастап турат. Начар үй-бүлө иш жүзүндө өспүрүмдөрдүн укукка каршы жүрүм-турумдарына таасир этүүчү эң коркунучтуу факторлордун бирине айланып калды.

Криминология, криминология көйгөйлөрү, криминалистика жана сот экспертизасы бөлүмүнүн илимий кызматкерлери даярдаган аналитикалык маалыматтарга ылайык, жашы жете электер калктын криминалдык жактан өтө бузулган топторунун бири болуп саналат. Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук жалпы кылмыштуулуктун түзүмүндө өзгөчө орунду ээлеп турат. Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүүчү прокуратура органдарынын жүргүзгөн текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары ырастап тургандай, жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулук көйгөйү билим берүү системасындагы чыныгы абалдан улам күчөп кетүүдө. Окуу жайлар үй-бүлөлүк тарбиядагы өксүктөрдү компенсация кылганга күчү жетпейт жана бул иш жүзүндө балдардын чектен чыккан же кылмыштуу жүрүм-туруму менен түшүндүрүлөт. Бүгүнкү

кырдаал ушундай: катаал шартта калып, мамлекеттик институттар менен алардын жоoптуу кызматкерлеринен зарыл коргоо албагандыктан, начар үй-бүлөдө жашаган балдар убактысынын көпчүлүк бөлүгүн көчөлөрдө өткөрүшүп, ар кандай кылмыштардын курмандыктары болушууда же алар өздөрү кылмышка барышууда.

Кылмыштуулуктун абалына тескери таасир эткен факторлордун арасында сот системасы өзгөчө орунду ээлейт.

Укук коргоо органдарынын иш чөйрөсүнө же сот адилеттигинин системасына кабылган жашы жете электерге карата мамлекеттик саясат өлкө эгемендик алгандан кийин деле олуттуу өзгөрүүгө барбагандыгын белгилеп коюу зарыл. Советтер Союзунун курамына кирген мурдагы республикалар сыяктуу эле, Кыргыз Республикасы да жашы жете электердин иштери боюнча сот адилеттигинин атайын системасы түзүлбөгөн мамлекеттердин катарына кирет. Укук коргоо органдарынын жана сот адилеттиги системасы органдарынын процесстик иштеринде жашы жете электердин укуктарын сактоо кепилдиктерин камсыздоого арналган ченемдик база жаатындаги иштин абалы да иш жүзүндө өзгөргөн эмес. 2017-жылы иштелип чыккан колдонуудагы жазык, жазык-аткаруу жана жазык-процесстик кодекстеринде жашы жете электерге карата жазаларды гумандаштырууга тиешелүү гана өзгөртүүлөр болгон. Ушуну менен бирге, бул актылардын жоболорунун эл аралык-укуктук стандарттарга шайкештигин баалоо жагында эл аралыукуктук экспертиза жүргүзүбөгөндүгүн белгилей кетүү керек. Анын үстүндө, улуттук укуктук системанын алкагында жашы жете электер үчүн сот адилеттиги сыяктуу түшүнүк (эл аралык терминологияга ылайык, "ювеналдык юстиция") мыйзам чыгаруу саясатында же укук колдонуу тажрыйбасында өзгөчө маани бериле турган, расмий кабыл алынган укуктук конструкция же түшүнүк болуп саналбайт.

Ар бир өлкөдөгү балдардын кызыкчылыгын көздөгөн натыйжалуу саясат балдардын анык-чын абалын, алардын муктаждыктарын жана ал муктаждыктарды мыктылап канааттандыруунун жолдорун так билүүгө жана

түшүнүүгө негизделүүгө тийиш. Ошол эле учурда, мамлекеттин кабыл алынган эл аралык-укуктук милдеттенмелерди аткаруусу балдардын укуктарын коргоочу туруктуу иштеген көз каранды эмес механизмдерди түзбөстөн камсыздоо мүмкүн эмес. Бул Кыргыз Республикасы үчүн бардыгынан актуалдуу, анткени коомдо жүрүп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий кайра түзүп, жаңылануулар республика калкынын социалдык жактан корголбогон топторунун абалына эң эле тескери таасирлерин тийгизди. Маселе балдардын кызыкчылыгын коргогон, ошол эле учурда мамлекеттик саясатка сын көз караштагы талдоо жүргүзүп, балдардын өзүнчө бир таянычы боло турган органды түзүүдө турат. Мындан тышкары, бул орган балдардын абалы тууралуу анык, так маалыматтардын булагы болууга тийиш.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын жашы жете электерди мамлекеттик коргоого алуу жаатындагы ченемдик укуктук актылар менен тиешелүү укуктук ченемдерди классификациялоо боюнча ишинин укуктук негиздерин өркүндөтүү жана оптималдаштыруу изилденип жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүүнүн негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Биринчиден, үй-бүлөлөрдүн, ушуга ылайык, аларда тарбиялангандардын абалын бекемдөө боюнча конституциялык-укуктук чаралардын комплексин даярдоо; баланын дене бой жана акыл жагынан өнүгүүсү үчүн зарыл бала бакчалардын, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү. Балдардын көйгөйлөрү көп учурда үй-бүлөнүн жалпы көйгөйлөрү, анын социалдык абалы жана моралдык абалы менен шартталып турат.

Бул жерде жалпыга белгилүү: азыркы шарттарда жашоого туруктуулукту камсыздоо, иштеп акча табуу жана карьералык жактан өсүү ата-энелердин толук бойдон иш менен алек болуусун, алардын балдары менен баарлашып, аларды тарбиялоого убактыларынын эч жоктугун билдирет. Коомдун адеп-ахлактуу адаттарынын жоголуусу, ЖМКларда төмөнкү сапаттагы

продукциялардын үстөмдүгү, коомдук пикирдин жарандык никелерге сабырдуу мамиле жасоосу тууралуу фактыларды да белгилеп коюу шарт.

Жогоруда баяндалгандарга таянып, төмөнкүдөй түрлөрдү бөлүп көрсөтсө болот:

1. Балдардын конституциялык укук жана эркиндиктерин коргоону көзөмөлдөөчү аткаруу бийлик органдарынын, эне менен баланын проблемаларынын үстүндө иштеген органдардын мекеме, уюмдардын (камкордук кылуу жана көзөмөлдөө уюмдарынын, жашы жетпегендердин иштери боюнча ички иштер бөлүмдөрүнүн, жашы жете элек балдардын иштери жана алардын укуктарын коргоо комиссияларынын ж.б.) иштерин жакшыртуу; [!]

2. Ресурстардын өтө муктаж балалуу үй-бүлөлөрдүн пайдасына кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен жакырчылыктын алдын алуу;

3. Ата-энелер жана балдар үчүн арналган жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында укуктук сабаттуулукту жогорулатуу боюнча атайын маалыматтык программаларды иштеп чыгуу.

Экинчиден, саламаттык сактоо жана балдардын өлүмү жаатындагы көйгөйлөрдү конституциялык-укуктук жактан жөнгө салуу боюнча иш-чаралардын топтомун иштеп чыгуу. Балдар үй-бүлөлүк жана социалдык жактан бакубат жашоосуна карабастан өзгөчө корголууга, саламаттык сактоо чөйрөсүндө балдардын ден соолугуна камкордук жана талаптагыдай укуктук коргоого алынууга тийиш жана алар медициналык жардам көрсөтүүдө артыкчылыктуу укуктарга ээ. Медициналык уюмдар, коомдук бирикмелер жана башка уюмдар саламаттык сактоо чөйрөсүндө балдардын укуктарын таанууга жана сактоого милдеттүү. Балдардын ден соолугун коргоо көйгөйлөрү алардын жашоосуна жана саламаттыгына болгон мамлекеттин жетишсиз камкордугу менен бүтпөйт.

Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин алкагында саламаттык сактоо жана балдардын өлүмү

менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү боюнча төмөнкүдөй комплекстүү чаралардын зарылчылыгы сунушталат:

1. Майып баланын пенсиясын, анын чоңдугу кийин оңдолуп-түзөлө тургандыгын эске алып, жашоо минимумунун орточо көрсөткүчүнө чейин көтөрүү.

2. майып бала тарбияланып жаткан үй-бүлөлөр үчүн каралган социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин кеңейтүү.

3. Балдардын реабилитациялык мекемелерин түзүүгө, үй-бүлөнү пландоо борборлорун олуттуу кеңейтүүгө, бекер дарылоочу балдардын адистештирилген санаториялык-курорттук мекемелерин уюштурууга жана өнүктүрүүгө.

4. Балдарды тарбиялоо үчүн ата-энелердин жоопкерчилигин жогорулатуу.

Үчүнчүдөн, жашы жете электерди адеп-ахлакка тарбиялоо, аларга билим берүү жана өнүктүрүү көйгөйлөрүн конституциялык-укуктук жактан жөнгө салуу. Бул жерде төмөнкүдөй кадамдарды жасоо зарыл:

1. Мыйзам чыгаруу процессине аны иштеп чыгуу процессинде, ошондой эле жаңы укуктук ченемдерди колдонуу процессинде максималдуу ачык-айкындык берүү.

2. Жаңы мыйзамдарды иштеп чыгууга укук коргоочу, үй-бүлө жана балдар уюмдарын, ЖМКларды тартуу.

3. Үй-бүлө менен балдардын абалын көз карандысыз контролдоо механизмин түзүү жана өнүктүрүү.

Прокуратура органдары кандай гана болбосун мыйзам бузууларга карата чара көрүү боюнча ыйгарым укуктардын жана укуктардын кеңири спектрине ээ болуу менен, негизги көңүлдү мыйзамдуулуктун эң актуалдуу көйгөйлөрүнө бурат, анын ичинде, жашы жете электердин укуктарынын сакталышын көзөмөлгө алат. Прокуратура органдарынын жашы жетпегендердин укуктарын коргоо жаатындагы ишинин укуктук өзөктөрүнүн тутумун өркүндөтүүгө карата жаш балдардын укугунун жана социалдык корголуусун камсыздоочу мыйзамдардын аткарылышын

контролдоодо прокуратуранын функциясын кеңейтүү иштерин жүзөгө ашыруу керек. Ага ылайык, жашы жетпегендердин укуктарын коргоо тармагында мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуучу атайын бөлүмдөрдү түзүү зарылдыгы келип чыгат. Ошол себептен, укуктук карым-катыштардын бул жаатындагы укуктук базаны жана мурда калыптанган көзөмөлдөө практикасын жүйөө кылган прокуратуралардын өспүрүмдөргө тийиштүү мыйзамдардын аткарылышына жана сакталышына көзөмөл[!] боюнча бөлүмүнүн иш-милдеттерине төмөнкүлөр киргизилиши мүмкүн:

- жашы жете электер жасаган кылмыштар жөнүндө жазык иштеринин тергелишине көзөмөл жүргүзүү;
- жашы жете электердин кызыкчылыктарын козгогон жазык иштери боюнча соттук териштирүүлөрдүн бардык баскычтарына милдеттүү түрдө катышуу;
- жазыктык, жарандык иштер боюнча сот актыларынын мыйзамдуулугун текшерүү;
- жашы жете электерге карата чыгарылган мыйзамсыз сот актыларын мыйзамда белгиленген тартипте каршылык билдирүү;
- аткаруу өндүрүшүнүн чөйрөсүндөгү мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүү;
- мамлекеттик органдардын жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы боюнча текшерүүлөрдү өткөрүү;
- жеке жана юридикалык жактардын өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо боюнча кайрылууларын иликтеп, ал боюнча маселелерди чечүү;[!]
- мыйзамдарды өркүндөтүү жана жашы жете электердин катышуусундагы коомдук мамилелерде келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү боюнча иштерге талдоо жүргүзүү жана сунуштарды иштеп чыгуу.

Мындан тышкары, кийин башкача кабылдоо, мыйзамдардын аткарылышына прокурордук текшерүү жүргүзүү институтун андан ары өркүндөтүү жөнүндө заманбап чындыктын реалдуулуктарына ылайыктуу жаңы илимий түшүнүктөрдү иштеп чыгуу талап кылынат. Буга бүгүн прокурорлордун мыйзамдуулукту камсыздоо боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу механизминдеги негизги милдет жүктөлөт. Сөз жок,

практикалык тажрыйба жана прокурордук көзөмөлдүн көйгөйлөрү боюнча колдогу тармактык илимий иштелмелер да талдоонун жана төмөнкүдөй көбүнчө жеке маселелердин негизи болууга тийиш, алсак — көзөмөл иштерине зарыл документтер менен материалдарга прокурорлордун алуу мүмкүндүгүнө; көзөмөлдөөчү акцияларга катышуу үчүн адистерди тартууга; мекемелердин жана уюмдардын прокуратура органдарына келип түшкөн кайрылуулардын жана материалдардын негизинде текшерүү, алардын көзөмөлүндөгү иштерге же ведомстволук мекемелеринин ишмердүүлүгүн тескөөгө алуу[!] тууралуу талаптарды ишке ашырууга; жарандардан мыйзам бузуулар боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга ж.б..

Көзөмөлдүк ыйгарым укуктарды аткаруу башка иш формалары менен катар азыркы прокуратурада мүмкүнчүлүктөрдүн өтө чоң потенциалын топтоштурууну алдын ала белгилеп турат, анткени алар прокуратурага өзүнүн жогорку милдет, вазийпасына ылайык, колдонуудагы жана кайрадан кабыл алынуучу мыйзамдардын сапатына адистешкен чыпка болууга, алардын колдонулуш практикасына арбитр катары чыгууга мүмкүндүк берет. Мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу процессине кошулуунун жогорку деңгээли прокуратурага укук колдонуу мониторингине катышууга, башкача айтканда, иш жүзүндөгү таасиринин натыйжалары боюнча ар бир конкреттүү укуктук актынын натыйжалуулугун баалоого да мүмкүндүк берет. Бул милдеттерди ийгиликтүү чечүү жалпы коомчулуктун укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын деңгээлин көтөрүүдө жана укуктук нигилизмди жеңип чыгууда фундаменталдуу мааниге ээ.

Калктын укуктук маданияты олуттуу даражада колдонуудагы жана кайрадан кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапатын жана аткарылыш деңгээлин: алардын коомдогу укуктук жөнгө салуу боюнча чыныгы муктаждыктарына ылайык келүүсүн; адамдын аң-сезиминде калыптанган чынчылдык, жогорку моралдуулук жана акыйкаттуулук жөнүндө салттуу түшүнүктөргө ылайык келүүсүн; адамдардын мыйзам жоболорунда өз укуктары менен кызыкчылыктарын реалдуу коргоонун үлгүсүн табуу

мүмкүндүгүн, жарандардын ушул каалоосунан келип чыккан укуктук жазма буйруктарды аңдоо жана ыктыярдуу түрдө аткаруу, ошондой эле башкалардан талап кылуу мүмкүндүгүн чагылдырып берүү болуп саналат.

Прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүндө, анын ичинде жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга олуттуу көңүл бурулат. Прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжалуулугуна байланыштуу маселелер прокуратуранын ишинде өзгөчө ролду ойнойт. Биринчи жолу прокурордук кызматка дайындалган адамдардын ант берүүсүнө арналган теорияда бекеринен прокурорлордун көзөмөл жүргүзүү ишинде жогорку натыйжалуулукка жетишүү зарылчылыгына көрсөтмө берилбейт. Натыйжалуулук прокурордун ишинин жыйынтыктары, иш-аракетчилдиги аркылуу билдирилет. Көзөмөлдөө ишинин эффективдүүлүгүнүн мыйзамдуулукка тийгизген таасиринен улам профессор Ю.А. Винокуров [95], прокурордун көзөмөлдөө ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн прокурордун кесипкөйлүгү, кызматтык милдеттерине жоопкерчиликтүү мамилеси, анын коомдогу саясий, криминологиялык, демографиялык, социалдык-экономикалык, ж.б. кырдаалдар жөнүндө толук кабардар болушу зарыл талаптар деп белгилейт. [!]

"Мыйзамдын мындай шарты мамлекетте баланын укуктук статусунун калыптанышын камсыз кылат" деп окумуштуулар бир пикирден эсептешет. [96]. Башкы прокурордун 2000-жылдын 18-майындагы № 17 «Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын профилактикалык багытын күчөтүү боюнча чаралар тууралуу» буйругунда жашы жете электер жана жаштар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, профилактикалык жагдайын күчөтүү белгиленген. Окумуштуулардын пикиринде, прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу катары коюлган максат менен берген жыйынтыктын өз ара байланышы деп эспетешет. Ал эми жыйынтык

прокурорлордун аткарган милдеттеринин чагылдырылышы аркылуу көрсөтүлөт.[!]

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун прокурордук ишмердикти баалоонун факторлору жана критерийлери аркылуу аныктоо керек.

Факторлорго, айрым окумуштуулардын пикири боюнча [97], төмөнкүлөрдү кошуу зарыл:

1) Кыргыз Республикасынын прокуратурасындагы башкаруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлор;

2) прокуратура органдарында ишти уюштуруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлор;

3) прокуратура ишинин функцияларын жана башка багыттарын ишке ашыруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлор.

Прокурордун ишин баалоону аныктоочу критерийлер: анализдөөгө алган иштин абалы, мерчемдөө, аткаруу тартиби, усулдук иштер, кадрлар менен жүргүзгөн ишмердүүлүктүн ал-абалы, көзөмөлдөп текшерүүнү жүргүзүүнүн сапаты, прокурор тарабынан чара колдонуу актыларынын эффективдүүлүгү.[!]

Арийне, прокурордун ишмердүүлүгүндө психологиялык фактордун орду чоң. Ал прокурордук териштирүүлөрдү жүргүзүүгө гана эмес, жарандардын даттанууларын кароого, жарандарды кабыл алууга, ошондой эле прокурордун соттук процессте катышуусуна да тиешелүү.

Жашы жетпегендер боюнча мыйзамдарды жүзөгө ашырууну көзөмөлдөөчү прокурордун кесиптик билими менен бирге педагог жана психолог катары дагы көндүмдөрү болуусу шарт. Прокурорлор өспүрүм балдардын укуктарын коргоо иштерин жүргүзүүдө, ага удаалаш психологиялык ыктардын иштелип чыгышы да шексиз. Мындай көрүнүштөр прокурордун өспүрүмдөр менен тикелей иштеп жатканында [!] даана байкалат. Жашы жете электердин ушундай категориясы менен мамиле кура

билүү, талап кылынган маалыматты алардан ала билүү прокурордун кесипкөй экендигин ырастап турат.

Прокурор үчүн жашы жете элек баладан мыйзам бузуулар боюнча түшүндүрмөлөрдү алып жатканда суроолорду туура түзө билүүнүн мааниси чоң. Суроолорду туура түзүү деп биз прокурордун жашы жете элек бала менен баарлашкан учурда, анын психологиялык абалын тездик менен баалоо менен суроону туура аныктоо жөндөмдүүлүгүн, прокурордун маек куруу процессинде түзүлгөн кырдаалга багыттала билүүгө шыктуулугун түшүнөбүз. Ошол эле учурда, өспүрүм басым жасоодон, кооптуулуктан алыс экендигин сезүү аркылуу прокурорго тийиштүү көрсөтмө берүүдө зарыл сөздөрдү таба билүүсү мааниге ээ.

Ишенимге таянган, жайлуу шартта гана жашы жете элек бала мыйзам бузуу фактылары, бузулган укуктары туурасында кеңири баяндап бере тургандыгын прокурордук тажрыйба тастыктайт. [!] Бул кылмыш жасап, укук бузган жашы жете электер сыяктуу эле, жабыр тарткан жашы жете электерге да тиешелүү. Айтылган пикирлер боюнча, «өспүрүмдөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү кылмыштарды иликтөө жана жашы жете элек кылмышкерлерди кайра тарбиялоо милдеттерин туура чечкенге өбөлгө түзөт» [98].

Адатта, жылуу, мээримдүү чөйрө, чын дилден тилектеш болуу жана бирге тынчсыздануу, өспүрүмгө жардам берүү каалоосу андан зарыл маалыматты алууга көмөк берет. Ушуну менен бирге, жашы жете элек бала прокурор менен ачык сүйлөшүүнү каалабаган, тескерисинче, талап кылынган маалыматты ага берүүгө ар башка жолдор менен толскоолдук жасаган кырдаалдар да келип чыгышы ыктымал.

Бул өңдүү кырдаалда прокурор тыкыр жана бекем аракет менен жаш балдарга мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарды коюп, жоопкерчиликтүү болууга чакырып, келип чыга турган кесепеттер туурасында эскертүүсү шарт. Өз ара ишенимге негизделген баарлашууда прокурор өспүрүмдөн кылмыштын бетин ачууга көмөктөшкөн, ал боюнча ата-энелерине же башка мыйзамдуу

өкүлдөрүнө буга чейин белгисиз болгон маалыматты алган учурлар прокурордук практикада көп учурайт. [!] Жашы жете элек мыйзам бузган өспүрүмгө жоопкерчилик, мыйзамдуулук жана адеп-ахлактык жол көрсөтүү менен кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу мүмкүнчүлүгүн түшүндүрө билүү зарыл. Андыктан, балдардын катышуусундагы сот процесстерине катышкан прокурорлордук ишке, өспүрүмдөр жөнүндө мыйзамдарды ишке ашырууну көзөмөлдөөчү прокуратура органдарынын кызматкерлеринин психологиялык ыкмаларды пайдалануу боюнча колдонмолорун иштеп чыгуу талапкы ылайык деп эсептейбиз. [!]

Ушундай эле окуу куралдары прокурордун жашы жете электердин иштери боюнча жардамчысы үчүн даярдалышы керек. Бул колдонмолорду төмөндөгү жагдайларда пайдалануу эффективдүү болот:

- жашы жете эле өспүрүмдөрдөн көрсөтмө жана сурак алганда;
- контролдоо чараларын жүргүзгөндө ж.б..

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын ишке ашырылуусун көзөмөлдөөнүн жогорку натыйжа беришине прокурордун психологиялык көндүмдөрдүн топтомун өздөштүрүшү сөзсүз чоң таасирин тийгизет.[!].

***Бул главада баяндалгандарды жалпылоо менен, төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарабыз:***

1. Балдардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жөнгө салган аракеттеги ЧУАлар мамлекеттик мекеме, уюмдардын жоопкерчилигин жетиштүү деңгээлде так бөлүп же ажыратып карабагандыгы маселе жаратууда.

Баланын мыйзамдуу укуктарын коргоо чөйрөсүндө буга чейин иштеп жаткан[!] бийлик органы менен бирдикте ачык-так эмес функциялары жана чектелген ыйгарым укуктары бар, балдарды социалдык жактан коргоого жооптуу жаңы мамлекеттик түзүмдөрдү түзүү жыйынтыгында Кыргызстанда балдарды коргоо системасынын майдалануусуна алып келүүдө.

Маанилүү жагдайлардын бири - финансы каражаттарынын жетишсиздиги бул чөйрөдө комплекстүү, системалуу жана туруктуу программаларды уюштурууга мүмкүндүк бербей келет.

Балдарды натыйжалуу коргоону камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө балдарды коргоо боюнча программалардын алкагында үзгүлтүксүз баалоо, көз салуу жана отчеттуулук механизмин түзүү аркылуу өз милдеттенмелеринин аткарылышын сактоосу зарыл.

Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- ишеним телефондору менен камтууну жайылтуу;
- үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдү, социалдык кызматкерлерди (жергиликтүү деңгээлде), жашы жете электердин иштери боюнча инспекторлорду, мектептердеги социалык педагогдорду бекемдөө: ачык-так кызматтык нускамалар, окутуу (негизги компетенциялар), материалдык-техникалык камсыздоо, бюрократияны азайтып, балдар/үй-бүлөлөр/жамааттар менен түз жана туруктуу иштөөнү көбөйтүү;
- мыйзамдарды натыйжалуу колдонуу;
- коррупция жана жазаланбоочулук менен күрөшүү боюнча чечкиндүү иш-аракеттер;
- мыйзамдар тууралуу маалымдуулукту көтөрүү.

2. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздерин жашы жете электерди мамлекеттик коргоо бөлүгүндөгү ченемдик укуктук актылардын жана тиешелүү укуктук ченемдердин классификациясы боюнча өркүндөтүү жана оптималдаштыруу изилденип жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүүнүн негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

# ТЫЯНАКТАР

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштурууга жүргүзүлгөн изилдөө бир катар олуттуу тыянактарды жасоого мүмкүндүк берди.

1. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу мындай уюштуруунун жалпы теориялык принциптерине, прокуратуранын ишин уюштуруунун жалпы принциптерине жана балдардын укуктарын коргоону уюштуруу принциптерине негизделет.

